А. АКМАТОВА
З. ТАГАЕВА

# Кыргыз тили

# 5

Юсупова

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МАМЛЕКЕТТИК ГЕРБИ

Сурайё




КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МАМЛЕКЕТТИК ТУУСУ



# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ГИМНИ

*Сөзү: Ж.Садыков, Ш.Кулуевдики*
*Муз.: Н.Давлесов, К.Молдобасановдуку*

Ак мөңгүлүү аска-зоолор, талаалар,
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Алатоосун мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар.

*Кайырма:*

Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колуңда.

Байыртадан бүткөн мүнөз элиме,
Досторуна даяр дилин берүүгө.
Бул ынтымак эл бирдигин ширетип,
Бейкуттукту берет кыргыз жерине.

*Кайырма.*

Аткарылып элдин үмүт-тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата салтын, мурасын,
Ыйык сактап урпактарга берели.

*Кайырма.*

А. АКМАТОВА, З. ТАГАЕВА

# КЫРГЫЗ ТИЛИ

5-класс

(Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн окуу китеби)

*Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин коллегиясы бекиткен*

Бишкек «Шам» 2004

УДК 373.167.1
ББК 81.2 Ки Я 721
А — 40

Окуу китеби ОшМУнун окумуштуулар кеңешинин (23.06.2003, № 9) жана Кыргыз билим берүү академиясынын илимий кеңешинин (15.07.2003, № 12) чечиминин негизинде басмага сунуш кылынган.

Жооптуу редактор:
*Т. Аширбаев* — фил.ил.докт., проф.
Сын-пикир ээлери: *Б. Өмүралиев* — пед.ил.докт., проф.
*С. Рысбаев* — пед.ил.канд., доцент

**Акматова А., Тагаева З.**

**А—40** Кыргыз тили. 5-класс. (Окутуу өзб. тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн окуу китеби). — Б.: «Шам», 2004. — 120 б.

ISBN 9967-10-184-9

А 4306020200

**УДК 373. 167. 1**
**ББК 81.2 Ки Я 721**

ISBN 9967-10-184-9

© Акматова А., Тагаева З., 2004.
© «Шам» басмасы, 2004.

## Жаңы окуу жылыңар менен достор!

## Янги ўқув йилингиз билан дўстлар!

# БИРИНЧИ ЧЕЙРЕК

## БИЛИМ КҮНҮ

Жай саратан аяктап, күз келди. Күз мезгилинин биринчи күнүнөн тартып мектептерде коңгуроо кагылып, жаңы окуу жылы башталат. Окуучулар бул күндүн келишин чыдамсыздык менен күтүшөт. Анткени узакка созулган жайкы каникулда алар өз мектебин, класста бирге окуган курбуларын сагынышат. Жаңы окуу жылына карата окуу куралдарын даярдашат. Биринчи сентябрда мугалимдер окуучулар менен бирдикте Билим күнүн белгилешет.

Бул күнү биздин класстын бардык окуучулары сабакка келишти. Алар жайкы каникулда көргөн-билгендерин бири-бирине айтып жатышты. Бүгүн биз окуган класс да, мектеп да өзгөчө шаңга бөлөндү. Мектептин алдындагы чоң аянтта жалпы жыйын өткөрүлүп, директор мугалимдерди, окуучуларды жаңы окуу жылынын башталышы жана Билим күнү менен куттуктады. Андан кийин жаңы окуу жылынын биринчи коңгуроосу кагылып, кезегибиз менен класстарыбызга кирдик. Мына, көптөн күткөн жаңы окуу жылы да башталды.

| | | |
|---|---|---|
| **СӨЗДҮК** | **чыдамсыздык** | — чидамсизлик |
| | **курбулар** | — тенгдошлар |
| | **шаңга** | — тантанага |
| | **куттуктады** | — табриклади |

**1-көнүгүү.** Төмөнкү суроолорго жооп бергиле.

1. Билим күнү качан белгиленет?
2. Жаңы окуу жылына кандай даярдык көрүлөт?

3. Силердин мектебиңерде жана классыңарда кандай жаңылыктар бар?

4. Сен курбуларың менен эмнелер жөнүндө сүйлөштүң?

5. Бул күнкү сабак сага кандай таасир калтырды?

6. Билим күнү менен кимдерди куттуктадың?

**Макалдарды эсиңерге сактагыла.**

Билим кени — китеп, тарбия кени — мектеп.

Окуу — билим булагы, билим — өнөр чырагы.

Акыл — толбогон тон, билим — түгөнбөгөн кен.

Окуган озот, окубаган тозот.

**2-көнүгүү.** Билим күнүнө, жаңы окуу жылына карата мугалимдерге жана курбуларыңарга куттуктоо жазгыла.

**Ү л г ү:**

***Кымбаттуу курбулар, силерди жаңы окуу жылыңар жана Билим күнү менен куттуктаймын. Окууңарга чоң ийгиликтерди каалаймын.***

**Курбуңар Азамат**

## ТӨРТҮНЧҮ КЛАССТА ӨТҮЛГӨНДӨРДҮ КАЙТАЛОО

### Суроолорго жооп бергиле.

1. Сан атооч деп эмнени айтабыз?
2. Сан атоочтун кандай түрлөрү бар?
3. Сан атоочтор кандайча жазылат?
4. Синоним деп эмнени айтабыз?
5. Антоним деген эмне?
6. Этиш кандай сөз түркүмү?
7. Терс маанидеги этиштер кандайча жасалат?
8. Кызматчы сөздөр деп эмнени айтабыз?

**3-көнүгүү.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү окугула, сан атооч сөздөрдү дептериңерге көчүргүлө. Текстти өзүңөрдүн классыңарга байланыштырып өзгөртүп түзгүлө, өзбек тилине которгула.

## БИЗДИН КЛАСС

Биз бешинчи класста окуйбуз. Классыбызда жыйырма алты окуучу бар. Алардын бешөө окуунун эң мыктылары, он эки окуучу жакшы окугандардын катарында. Быйыл биздин класска эки жаңы окуучу келди.

Класстагы столдор беш-бештен үч катар коюлуп, анда эки-экиден отурабыз. Окуучулардын үчтөн эки бөлүгүн кыздар жана үчтөн бир бөлүгүн балдар түзөт. Биздин класстын окуучулары — мектептеги ар түрдүү ийримдердин мүчөлөрү. Ондой окуучу футбол боюнча мелдешке катышты.

**4-көнүгүү.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү дептеринерге көчүргүлө, оң жана терс маанидеги этиш сөздөрдүн астын сызгыла.

Адам эмгегинен таанылат, сүйлөгөн сөзү жана иштеген иши менен бааланат. Ала жылкы жоголбойт, арамза адам оңолбойт. (макал) Өрдөктөр суу үстүндө жуунушту, канаттарын таранышты. Бал аарылар гүлдөрдүн үстүндө учуп жүрүшөт. Бул күнү жаан кечке чейин басылбады. Кубат окуудагы ийгилиги менен ата-энесин кубандырды. Ойлобой сүйлөгөн онтобой ооруга жолугат. (макал) Дыйкандар берекелүү күздүн түшүмүн жыйнап жатышат. Аракет болбосо, берекет болбойт. (макал) Тоо жактан соккон шамал этек-жеңинди желбиретет.

**5-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдүн синонимин тапкыла.

Жакшы, баатыр, кубаныч, дос, жуунду, адам, чуркады, арамза, жумуш, шамал, добуш, мол, чыйрак, тез, чогулуш, акча, таяк, таттуу.

**6-көнүгүү.**

## СӨЗ ОЮН

Окуучулар эки тарапка бөлүнүп, антоним сөздөрдү табуу боюнча жарышышат. Бир тараптын айткан сөзүнө экинчи тарап антоним менен жооп берет. Кайсы тарап тапкыч болсо, ал оюндун жеңүүчүсү аталат.

**Ү л г ү:** бийик жапыс

## ТЫБЫШ ЖАНА ТАМГА

**(Товуш ва харф)**

> **Сөздөрдү айтканда кулакка угулган айрым үндөр тыбыш, ал эми тыбыштарды белгилөө үчүн алынган шарттуу белги тамга деп аталат.**
>
> Мисалы:
>
> 1) сабак, алма, китеп, калпак, саман, бакча,
>
> 2) аары, боорукер, боёк, аюу, куюн, аяк, суулуу, сентябрь, якорь, класс

➢ ***Биринчи катардагы сөздөрдө тыбыш менен тамганын саны туура келсе, экинчисинде алар туура келбейт.***

Бул сөздөрдүн айтылышына, жазылышына көңүл бургула жана кайсы сөздөрдө тыбыш менен тамганын саны туура келбей тургандыгын байкагыла.

| **Айтылышы** | | **Жазылышы** | |
|---|---|---|---|
| сабак | – 5 тыбыш | сабак | – 5 тамга |
| ары | – 3 тыбыш | аары | – 4 тамга |
| бойок | – 5 тыбыш | боёк | – 4 тамга |
| клас | – 4 тыбыш | класс | – 5 тамга |
| лагер | – 5 тыбыш | лагерь | – 6 тамга |

**Буларды эсиңерге сактагыла!**

➢ ***Кыргыз тилиндеги созулма үндүүлөр бир гана тыбышты билдирет.***

➢ ***Жупташкан үнсүздөр бир гана тыбышты билдирет.***

➢ ***Йоттошкон тамгалар эки тыбышты билдирет.***

➢ ***Ичкертүү (Ь) жана ажыратуу (Ъ) белгилери тыбышты билдирбейт.***

**7-көнүгүү.** Тексттеги белгиленген сөздөрдө канча тыбыш жана канча тамга бар экендигин аныктагыла. Сүйлөмдөрдү өзбек тилине которуп, тема койгула.

Күз келди. Жайдын **ысыгына** быщкан эгиндердин, **мөмөлөрдүн**, жер-жемиштердин түшүмүн **жыйноо** башталды. Бак-

дарактардын жалбырактарынын, чөптөрдүн **саргая** баштагандан улам айлана **боёлгондой** болуп көрүнөт. Күн барган сайын кыскарып, түн узарып бара жатат. Эгин **талааларында,** көчөлөрдө жүк ташыган машиналардын, тракторлордун үндөрү жаңырат. Элдер кышка карата **даярданып** жатышты. Муздак шамал согуп, күн салкындады. Малчылар бийик **жайлоолордон кыштоолорго** көчүп келишти. Келгин куштар да ысык жактарга учуп кетишти. **Ноябрь** айынын аягында **аюу чээнге** кирет.

| | | |
|---|---|---|
| **СӨЗДҮК** | **түшүм** | — ҳосил |
| | **бак-дарактар** | — боғ-дарахт |
| | **кыштоо** | — қишлов |
| | **чээнге** | — карахтлик уйкуга |
| | **согуп** | — эсиб |

**8-көнүгүү.** Текст боюнча суроолорду түзгүлө.

**9-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү окуп, алардын маанисин өзгөртүп жаткан кайсы тыбыштар экендигин айтып бергиле. Үлгү боюнча сөз оюнун ойногула.

Заман — саман, стол — стул, күрөк — жүрөк, жол — тол, сол — кол, барак — тарак, алга — алма, ата — апа, калкан — талкан, белек — терек, ун — үн.

**10-көнүгүү.** Тексттен тамгасы көп тыбышы аз жана тыбышы көп тамгасы аз сөздөрдү бөлүп көчүрүп жазгыла.

**Үлгү:** аары – 4 тамга, 3 тыбыш.

**11-көнүгүү.** Төмөнкү текстти окуп, түшүнгөнүңөрдү сүйлөп бергиле.

## ДОСТОШУУ

Жайкы сараtanда эгин жеген чегирткелер жөнүндөгү кабар эл арасына тез тарады. Бул кабар көбүнчө дыйкандарды тынчсыздандырды. Көп узабай эле кара чегирткелер эгиндерге да, чөптөргө да чабуул коё башташты. Ага каршы күрөшүүдө элдер да дыйкандарга жардамга келишти. Тез аранын ичинде арыктар казылып, өзөндөгү суу бурулду. Бирок элдин аракети чегирткелердин чабуулун токтото албады.

Заматта талаага кара чыйырчыктардын тобу учуп келип, чегирткелерди терип жей баштады. Адамдар менен кара чый-

ырчыктардын биргелешкен аракети чегирткелерди жок кылып, эгинди сактап калды.

Ушул окуядан кийин адамдар менен кара чыйырчыктар достошуп калышты. Жыл сайын адамдар жаз алды менен кара чыйырчыктарга уя жасашат. Ал эми канаттуу достор алардын эгинин зыянкечтерден коргошот.

(*«Кырчын»*)

**СӨЗДҮК**

| | |
|---|---|
| **тынчсыздандырды** | — безовта килди, ташвишлантирди |
| **чегирткелер** | — чигиртка |
| **кара чыйырчыктар** | — чўгўрчик |
| **өзөндөгү** | — ўзандаги |
| **зыянкечтерден** | — зиёнчилардан |
| **коргошот** | — кўриклашоди |

**12-көнүгүү.** Төмөнкү суроолорго жооп бергиле жана жоопторду өзбек тилине которгула.

1. Чегирткелер кайсы мезгилде келишти?
2. Алар кандай зыян келтиришет?
3. Дыйкандар чегирткелер менен кантип күрөшүштү?
4. Кара чыйырчыктар кандай канаттуулар?
5. Адамдар менен канаттуулар кантип достошушту?
6. Силер канаттуулардын кандай пайдалуу жана зыяндуу жактарын билесиңер?
7. Силер кара чыйырчыктарга уя жасадыңарбы?

**13-көнүгүү.** Ырды жаттагыла.

Кара чыйырчык көрсөңөр,
Урбагыла таш менен.
Жыгачтан уя салгыла,
Алашалбырт жаз менен.

## ҮНДҮҮ ТЫБЫШТАР
## (Унли товушлар)

**Айрым тыбыштарды айтканда аба ооз көңдөйүндө эч кандай тоскоолдукка учурабай эркин чыкса, экинчи бир тыбышты айтканда тооскоолдукка учурап, шыбыш кошулуп айтылат. Ошондуктан тыбыштар жасалышына карай *үндүү* жана *үнсүз* деп бөлүнөт.**

- ***Кыргыз тилинде үндүү тыбыштар 14, алардын 8 кыска (а, о, ө, у, ү, э, ы, и), 6 созулма (аа, оо, өө, уу, үү, ээ).***
- ***Созулма үндүүлөр сөздүн маанисин өзгөртөт. Мисалы: бор — боор, тан — таан, ук — уук, эр — ээр, жүн — жүүн, бүлө — бүлөө.***
- ***Өзбек тилинен айрымаланып, кыргыз тилинде ө, ү, ы үндүү тыбыштары колдонулат. Мисалы: өрүк, сөйкө, үмүт, түлкү, ырчы, кыз.***

**14-көнүгүү.** Тексттеги үндүү жана үнсүз тыбыштардын айтылышына көңүл бургула. Ырды жаттагыла.

## МАКСАТЫМ

Сергек өсүп жашыман,
Таңда чуркап машыгам.
Мага шакирт болгун деп
Уйкучуну чакырам.

Үтүктөнүп күнүгө,
Тыкан, таза кийинем.
Улууларга жолуксам,
Салам айтып ийилем.

Ынтаа коюп сабакка,
Алаксыбай отурам.
Жакшы окуган, акылдуу,
Жакшы доско кошулам.

*А. Кармышаков*

**15-көнүгүү.** Тексттеги төмөнкү сөздөрдү өзбек тилине которгула. Аларды катыштырып сүйлөм түзүп, үндүү тыбыштардын астын сызгыла.

**Сергек, шакирт, тыкан, ийилем, ынтаа, алаксыбайм.**

**16-көнүгүү.** Төмөндөгү сөз оюндан үндүү тыбыштардын ордун алмаштыруудан сөздүн мааниси кандай өзгөрүлгөндүгүн байкагыла.

**Сөз оюн**

Алка десе өлкө дейт,
Балка десе бөлкө дейт.
Утук десе үтүк дейт.
Куттук десе күттүк дейт.

Арка десе эрке дейт,
Барса десе берсе дейт.
Кыйын десе, кийин дейт,
Куюн десе күйүн дейт.
Кыйык десе кийик дейт,
Бул сөздөрдүн ким мурун,
Айрымасын иликтейт.

**Сылык сүйлөгөндү үйрөнөбүз.** Сылык сөздөрдүн маанисине көңүл бургула, кайсы учурда айтыла тургандыгын айтып бергиле, аларды катыштырып диалог түзгүлө.

Саламатсызбы, ырахмат, жакшы калыңыз, саламатта болуңуз, кечиресиз, уруксат этиңиз, кечирип коюңуз, кутман таңыңыз менен, кайырлуу кечиңиз менен, айып этпеңиз, капа болбоңуз, жакшы уктап, жай туруңуз, кош болуңуз, аман болуңуз, жакшы туруңуз, ыракым этиңиз, куш келиңиз, кушубак болуңуз.

**Ү л г ү:**

— Саламатсызбы, чоң эне?
— Саламатчылык, балам.
— Кечиресиз, сизден бир нерсе сурасам болобу?

**Үндүү тыбыштардын бөлүнүшү боюнча төмөндөгү таблицага көңүл бургула.**

| Тилге карай | | Жаакка карай | | Эринге карай | |
|---|---|---|---|---|---|
| жоон | ичке | кең | кууш | эринсиз | эринчил |
| а,ы,о,у | э,и,ө,ү | а,э,о,ө | ы,и,у,ү | а,э,ы,и, | о,ө,у,ү |

**17-көнүгүү.** Үндүү тыбыштарды таблицадагы бөлүштүрүү боюнча талдагыла. Жаңы сөздөрдү сөздүктүн жардамы менен өзбек тилине которгула.

Тоо, суу, таштан да,
Кулак, мурун, баштан да,
Пальто, шуба чапандан,
Байпак, колгап, бакандан,
Чана, лыжа, кайыктан,

Адыр, колот, жайыктан,
Убакытты коротпой,
Тыбыштардын жоондорун
Тандап астын сызып кой.

Үтүк, улут, комузду,
Жүзүм, өрүк, добушту,
Көмүр, отун, торпокту,
Өтүк, мурун, коркокту,
Айткан кезде байкагын,
Асты, үстү эринин,
Алга карай жупташып,
Созулабы же жокпу?

Тилек менен үмүттүн,
Конок менен күрүчтүн,
Жылуу менен суукнун,
Жамгыр менен булуттун,
Жапыс менен бийиктин,
Аркар менен кийиктин,
Айрымасын айтамын.
Сүйлөгөндө жаактын,
Кең, куушун байкагын.

Асман, алыс, илик деп,
Бала, таамай, жилик деп.
Мектеп, китеп, сабак деп,
Жакшы андаган табат деп.
Эрин тийбей эринге,
Үндүүлөрдүн курамын.
Мына ушундай үлгүдө,
Андан ары улагын.

**18-көнүгүү.** Макалдарды окуп, жоон жана ичке үндүүлөрдүн айтылышына көңүл бургула.

Эл үмүтүн эр актар, эр атагын эл сактар.

Баатыр элден чыгат, бийик жерден чыгат.

Акылдуу билимди самайт, акылсыз кийимди самайт.

Адам иште чыңалат, болот отто чыңалат.

Эл эмгегин жер жебейт.

Жакшы сөз жан эргитет, жаман сөз жан кейитет.

**19-көнүгүү.** Үндүү тыбыштарды үлгү боюнча талдагыла.

**Ү л г ү:**

А — жоон
А — кең
А — эринсиз

**20-көнүгүү.** Текстти окуп, түшүнгөнүңөрдү айтып бергиле.

## АЛИППЕ

Адам турмушта жол басат, суу кечет, көптөгөн окуяларды башынан өткөрөт, ар түрдүү иштерди аткарат. Мына ошол өмүр

жолунда ар кандай адамга билим керек. Ал эми билим болсо алиппеден башталат. Алиппе — окууга, жазууга үйрөтүп, билимге жол ачуучу окуу куралы.

## АЛИППЕНИ ТҮЗГӨН АДАМ



Кыргызстандын туңгуч алиппеси 1924-жылы Ишеналы Арабаев тарабынан түзүлүп, Ташкент шаарынан басылып чыккан. Буга чейин ар түрдүү алфавиттерден пайдаланып келген кыргыз эли биринчи жолу өз алиппесине ээ болду.

Ишенаалы Арабаев 1882-жылы Кочкор районундагы Күн Батыш айылында туулган. Ал алгачкы билимди айыл мектебинен алган. Эмгек жолун айыл мектебинде мугалим болуудан баштаган. Арабаев кийин Оренбург, Уфа шаарларындагы медреселерден билимин уланткан. 1911-жылы кыргыз, казак балдары үчүн алиппени, таза жазуу эрежелерин түзгөн. 1924-жылы алгачкы «Эркин-Тоо» газетасынын да түзүлүшүнө катышкан.

*(Энциклопедия)*

| | | |
|---|---|---|
| **СӨЗДҮК** | **туңгуч** | — дастлабки, биринчи марта |
| | **медресе** | — мадраса |
| | **таза жазуу** | — тоза ёзув |
| | **эреже** | — коида |

**21-көнүгүү.** Текст боюнча суроолорду түзгүлө жана өзбек тилинде жооп бергиле. Кең жана кууш үндүүлөргө мисал жазгыла.

**Макалдарды эсиңерге сактагыла.**

Жакшы бала тил алчаак, жаман бала уялчаак.

Билим — дарак, иш — анын мөмөсү.

Жакшыга бир сөз, жаманга миң сөз.

Окуу — билим булагы,
Билим — өнөр чырагы.

## СӨЗ ӨСТҮРҮҮ

**22-көнүгүү. «Алиппени түзгөн адам»** деген текст боюнча төмөнкү суроолорго жооп бергиле.

1. Китеп эмне үчүн керек?
2. Силер биринчи жолу кайсы китепти окугансыңар?
3. Китеп сени эмнеге үйрөттү?
4. Алиппе китебин ким түзгөн?
5. Алиппе китебинин кандай мааниси бар?
6. Сен китеп окуганды жакшы көрөсүңбү?
7. Алиппе китебин окуган мезгилиңерди эске түшүргүлө.

**23-көнүгүү.** Эринчил жана эринсиз үндүүлөр катышкан сөздөрдү бөлүп жазгыла, өзбек тилиндеги аталыштары менен салыштыргыла.

Алиппе, суу, өмүр, окуучу, үйрөт, айылда, эмгек, таза жазуу, туңгуч, мугалим, биринчи, газета.

# ИШ КАГАЗЫ

## ТИЛ КАТ

**Кимдир бирөөдөн буюмдун алгандыгын тастыктоочу иш кагазы тил кат деп аталат.**

**Ү л г ү:**

***Мен, Ош шаарындагы № 5 мектептин окуучусу Кадыров Алишер мектептин китепканасынан Ч.Айтматовдун «Биринчи мугалим» повестин алдым. Китеп жаңы, барактары толук.***

колу **Кадыров А.**

Алган күнү, жылы.

**24-көнүгүү.** Үлгү боюнча тил кат жазууга көнүккүлө.

## ҮНДҮҮ ТЫБЫШТАРДЫН ҮНДӨШҮҮСҮ
## (Сингармонизм)
## (Унли товушларнинг сингармонизми)

**Кыргыз тилинде үндүү тыбыштардын колдонулушу башка тилдерге караганда айрымаланат. Анткени сөздүн биринчи муунундагы үндүү тыбышка карай кийинки муунундагы үндүү тыбыштар үндөшүп, бир кылка айтылат.**

М и с а л ы: ба-ла-пан, кө-пө-лөк, то-кой, ус-тун, ти-лек, кү-лүк.

➢ ***Башка тилден кирген сөздөрдө үндөштүк толук сакталбайт.***

М и с а л ы: **му-га-лим, га-зе-та, да-нек, а-деп.**

**25-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү окугула, үндүү тыбыштардын үндөшүүсүнө көңүл бургула.

Жалбырак, үйдөгү, орун, тамаша, телефон, кездеме, машина, ашпозчу, фабрика, буюмдар, таланттуу, жасалма, көргөзмө, шаарлар, келечек, укмуштуу, үкүдөй, тоолор, илмек, таранчы, сүмөлөк, ынтымак.

**Тил жатыктыруу.** Жаңылмачтарды бат айтууга көнүккүлө.

Бул кайсы оозу май тайлак?
Бул кайдагы сары бал каймак?
Бул озондогон оозу май тайлак.
Бул сары май, бал каймак.

Айлыбызда арал бар,
Аралда үч марал бар.
Бири – кара марал,
Бири – ала марал,
Бири – бала марал.

**26-көнүгүү.** Жоон жана ичке үндүүлөр катышкан сөздөрдөн мисал жазгыла.

**Ү л г ү:**

М и с а л ы: жоон үндүү — козу,
ичке үндүү — килем

**27-көнүгүү.** Төмөнкү жомокту андан ары өз алдынарча уланткыла, түзүлгөн текстке тема койгула.

Өткөн заманда бир акылман карыя болуптур. Анын тогуз уулу бар экен. Уулдары бири-биринин сөзүн укпай, ынтымаксыз жашашыптыр. Атасынын айткан насааттарын угушпаптыр. Ошондо карыя балдарынын келечегин ойлоп ойго батат. Бир күнү ал уулдарын чогултуп, мындай дептир...

**28-көнүгүү.** Тексттен үндүү тыбыштардын үндөшүүсүнө мисал жазгыла жана толук же толук эмес үндөшүү экендигин аныктагыла.

**Ү л г ү:** карыя — толук үндөшүү — а-ы-я (йа)
укпай — толук эмес — у-а ж.б.

## ЭНЕ МЭЭРИМИ

Анда дем алыш күн болчу, Шаардан апамдын бир туугасынын балдары келип, тойго чакырып кетишти. Эртеси апам тойго жөнөп жатып: «Отту жагып койдум. Бөбөктөрүңө жакшылап көз сал»,— деди. Апам кетери менен эле үйдүн ичиндеги жылуулук жоголуп, куту кошо кеткендей болду. Үйдүн ичи бир заматта сууй түштү. От жагууга далалат кылганым менен, эшикте бороон болгондуктан, түтөп күйбөй койду. Апамдын жолун карап гана отуруп калдык.

Эртеси кечинде апам келип, бөбөктөрүм жарыша алдынан тосуп чыгышты. Алардын артынан мен да чуркадым. Апам үйгө кирери менен: «Алда балам ай, отту жаккан эмес турбайсыңбы»,— деп кейиди. Апам отту бат эле жагып жылытып, үйдүн ичин жаркыратып, кут жайнагандай болду. Эми ойлосом, эне — үйдүн куту, түгөнгүс береке турбайбы. Бул дүйнөдө сенден жылуу, сенден бийик, сага теңдеш эч нерсе жок тура, апаке!

(«*Кырчын*»)

**С Ө З Д Ү К**

| | |
|---|---|
| **бөбөктөрүңө** | — укаларинга |
| **заматта** | — даров |
| **кечинде** | — кечкурун |
| **кут-береке** | — барака |

**29-көнүгүү.** Текстти окуп, ар бир бөлүгүнө өзүнчө тема койгула.

**Макалдарды эсиңерге сактагыла.**

Ата-энеңди сыйласаң, өз балаңдан сый көрөсүң.

Уул жакшысы — урмат, кыз жакшысы — кымбат.

Ата — ай, эне — нур.

**Ырды жаттап алгыла.**

Эне, сага кандай мактоо жарашат?
Эне, сенден ким сыймыкты талашат?
Эне менен теңдеше албайт эч бир жан,
Бардык мактоо сага гана жарашат.

*(А. Токомбаев)*

Жуда ҳам аълосиз, ойижон,
Жуда ҳам доносиз, ойижон.
Мен учун меҳрингиз бир жаҳон,
Бахтимга бор бўлинг ҳар качон!
Ҳаммага, оламга мақтайман,
Сизни мен қуёш деб атайман,
Ойижон, ойижон, ойижон!

*(Пулат Мумин)*

**30-көнүгүү.** Көнүгүүнү окугула, үлгү боюнча диалог түзгүлө, сылык сүйлөөгө көнүккүлө.

— Саламатсыңбы, Асел?
— Саламатчылык, сен кайда бара жатасың?
— Автобекетке, бүгүн апам келмек эле.
— Апаң кайдан келмек?
— Апам Бишкектен келет.
— Болот, сен кайда бара жатасың?
— Менин да апам Бишкектен келмек.
— Асел, апаңды сагындыңбы?
— Ооба, абдан сагындым.

**31-көнүгүү.** **«Эне мээрими»** деген текст боюнча төмөнкү суроолорго жооп бергиле.

1. Окуя кайсы мезгилде болгон?
2. Балдардын апасы кайда кеткен эле?

3. Эмне үчүн үй суук болду?
4. Апасы качан келди?
5. Апасы келгенден кийин үйдө кандай өзгөрүү болду?
6. Эне — үйдүн куту, берекеси дегенди кандай түшүнөсүңөр?

**32-көнүгүү.** Тексттин мазмунун айтып бергиле, жоон үндүү катышкан сөздөрдөн мисал жазгыла.

## ҮНСҮЗ ТЫБЫШТАР

### (Ундош товушлар)

**Айтканда үн менен шыбыш же жалаң шыбыш катышкан тыбыштар үнсүз тыбыштар деп аталат. Кыргыз тилинде үнсүз тыбыштар 25. Алар үндүн жана шыбыштын катышышына карай уяң, жумшак, каткалаң болуп үчкө бөлүнөт.**

| | | |
|---|---|---|
| Уяң үнсүздөр | л, м, н, ң, р, й | үн көп, шыбыш аз |
| Жумшак үнсүздөр | б, в, г, (ғ) д, ж, (ж), з | шыбыш көп, үн аз |
| Каткалаң үнсүздөр | к, (қ),п,с,т,ф,х,ц,ч,ш,щ, | жалаң шыбыш |

**33-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү көчүрүп жазып, астын (уяң үнсүздөрдү бир, жумшак үнсүздөрдү эки, каткалаң үнсүздөрдү үч) сызгыла. Алардын айтылышына көңүл бургула.

Балта, клуб, волейбол, пахта, бычак, футбол, гараж, Кубан, Токмок, пароход, маңыз, кийим, туфли, щетка, чапан, Зарыл, жайлоо, ынтымак, шайыр, достук, журнал, жакшылык, түшүм, тоголок, Дарыйка, сезим, коркунуч, байпак, жалбырак, келбеди.

**34-көнүгүү.** Ырды көркөм окуп, түшүнгүгүнөрдү айтып бергиле. Агай, эжекелеринер жөнүндө өз оюнарды ортого салгыла.

Мугалим бул — кесиптердин төрөсү,
Мугалим бул — кесиптердин сереси.
Мугалимдер сыйкырдуу бир дарактай,
Жайдыр-кыштыр бышып турган мөмөсү.

Акыл, эс, ыймандуулук, билим берет,
Мен дагы ошолордой болгум келет.

Ал үчүн мыкты окуп талыкпастан,
Чыдамкай да, туруктуу да болуу керек.
*(«Кут билим»)*

**35-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдүн айтылышын жазгыла, аларды салыштыргыла, өзгөрүлүп айтылышына көнүл бургула.

| | | |
|---|---|---|
| Добуш — довуш | кружка — | юбка — |
| жибек — | парад — | тынчтык — |
| убада — | рекорд — | автор — |
| сиз — | сөз — | жаз — |
| мен барам — | мурун келди — | он бир — |
| көп бала — | миң киши — | аз калды — |

## ЖУМШАК ҮНСҮЗДӨР

### (Жарангли ундошлар)

**Үндүн жана шыбыштын жардамы менен жасалган тыбыштар жумшак үнсүздөр деп аталат. Алар б, в, г, д, ж, з.**
М и с а л ы: **балта, волейбол, гүл, дарыя, жүзүм, заман.**

**36-көнүгүү.** Төмөнкү тексттен жумшак үнсүз катышкан сөздөрдүн астын сызгыла, алардын айтылышына көнүл бургула. Текстке тема койгула.

### БАЛ

Бал аарылар бал челектерде багылат. Жазында бал аарылары жылуу уяларынан учуп чыгышат. Аарылар гүлдөргө конуп, нектар жыйнашат. Балга кошулуучу заттарды ар түрдүү дарактардын, чөптөрдүн гүлдөрүнөн алышат да, ага суу, туз кошуп бал жасашат.

Жайында аарыларды жайлоолорго көчүрүшөт. Көчмө бал ар кандай улоолор менен ташылып жеткирилет. Аарычылар аарынын учуусуна ыңгайлуу, ширелүү өсүмдүктөргө бай жайыттарды тандап алышат.

Балдын дарылык касиети зор. Анда элүүгө жакын адамдын ден соолугуна пайдалуу заттар сакталат. Балдан медициналык дары-дармектер, косметикалык заттар жана тамак-аш азыктары даярдалат.

*(Энциклопедия)*

**37-көнүгүү.** Жогорку тексттин биринчи абзацын өзбек тилине которгула.

**38-көнүгүү.** Төмөнкү текстти окугула, түшүнүгүнөрдү айтып бергиле.

## АКЧӨЛМӨК

Бул оюн кыргыз элинде кеңири тараган. Оюнду уландар менен кыздар айлуу түндө ойношот. Ал үчүн узундугу 20 сантиметрдей келген сөөк же жыгач таякчасы керек болот. Ал түн ичинде ак болуп көрүнүп турууга тийиш. Ошол себептүү оюн «акчөлмөк» деп аталат.

Оюндун тартиби боюнча оюнчулар эки тарапка бөлүнүшөт. Ар бир тарапка өзүнчө ат коюлат. Башкаруучунун буйругу менен оюнчулар тескери карап турганда акчөлмөк ыргытылат. Эки тараптын оюнчулары тең акчөлмөктү издеп жөнөшөт. Кайсы тарап таап, аны марага алып келип таштаса, упай алат. Белгиленген убакта көп упай топтогон тарап жеңишке ээ болот.

Акчөлмөк оюнчунун, шамдагай, күчтүү, күлүк, сезгич жана тартиптүү болушун талап кылат.

*(Кыргыз эл оюндары)*

**СӨЗДҮК**

| | | |
|---|---|---|
| **уландар** | — | ўспирим |
| **марага** | — | маррага |
| **упай** | — | очко |
| **шамдагай** | — | мохир, уста, эпчил |
| **күлүк** | — | югурувчи |
| **сезгич** | — | сезгир |

**39-көнүгүү.** Текст боюнча төмөнкү суроолорго жооп бергиле.

1. Акчөлмөк оюну кайсы убакта ойнолот?
2. Оюнду ким башкарат?
3. Бөлүнгөн эки тарап эмне үчүн күрөшөт? сүт
4. Кайсы тарап утушка ээ болот? жаш-
5. Оюнчу кандай болушу керек? менен эле
6. Өзбек элдик оюндарынан кайсыларды биле
7. Алардын кандай окшош жактары бар? ыттын кандай
8. Бош убактыңарда акчөлмөктү ойногу тараптан келе

алдар кезүүнү тосуп

**Тил жатыктыруу.** жөнөштү.

(«*Байчечекей*»)

2*

## АКЫЙНЕК

Акыйнек ырын ырдашуу,
Абалтан кыргыз салты экен.
Акыйнек ырын улантуу,
Кийинки муундун наркы экен.
Акыя, акыя.

Ыр ырдашып сындашуу,
Ыр жандуу кыргыз салты экен
Сынга сындай жооп айткан,
Атабыз кыргыз наркы экен.
Акыя, акыя

Сени болсо көп кыздар
Кийимин чактап кийе албас,
Кийсе да тыкан жүрө албас,
Чалма этек экен деп жүрөт.
Акыя, акыя.

Сени болсо көп балдар
Жака башын карабайт,
Чачын да эптеп тарабайт,
Жүдөмүш экен деп жүрөт.
Акыя, акыя.

Сени болсо көп кыздар
Жалкоо экен деп жүрөт.
Сүлөгөндү түшүнбөс,
Анкоо экен деп күлөт.
Акыя, акыя.

Сени болсо көп балдар
Уйкучу экен деп жүрөт.
Сабагында үргүлөп,
Партаны сүзөт деп күлөт.
Акыя, акыя,

Акыйнекти көп айтпай,
Токтошолу курбулар.
Акыйлаша бербестен.
Достошолу курбулар.
Акыя, акыя.

**40-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү жазгыла, жумшак үнсүздөр катышкан сөздөрдүн астын сызгыла. Текст боюнча суроо түзгүлө.

Мен жайында жайлоого бардым. Биздин айылда мага курбалдаш балдар көп экен. Бир күнү кечинде чогулуп акчөлмөк ойноону чечтик. Ай жарык эле. Башкаруучу акчөлмөктү ыргытты, биз аны бир-бирден, эки-экиден болуп издеп жөнөдүк. Айдын жарыгында таштар да аппак болуп, акчөлмөккө окшоп көрүндү. Нурлан акчөлмөктү таап алып, акырын мага узатып койду. Мен башкаларга билдирбей Кубатка бердим эле, ал катуу чуркап барып, марага таштады. Биздин тарап бир упайга ээ болду.

**41-көнүгүү. Жайында, балдар, кечинде, жарык, ак чөлмөк, мара, упай** деген сөздөрдү катыштырып, сүйлөм түзгүлө, өзбек тилине которгула.

## КАТКАЛАҢ ҮНСҮЗДӨР
### (Жарангсиз ундошлар)

**Жалаң шыбыш менен жасалган тыбыштар каткалаң үнсүздөр деп аталат. Алар — п, ф, к, ( ы), т, ш, с, х, ц, ч, щ.**

М и с а л ы: **парта, фабрика, китеп, тартип, сайма, хоккей, цемент, чатыр, щетка.**

**Тил жатыктыруу.** Каткалаң үнсүздөр катышкан сөздөрдү туура окууга көнүккүлө.

Арпа, арба, батинка, чабан, чапан, телефон, фонд, автограф, автомобил, карта, керек, бекер, турмуш, тутка, турат, шаар, щашпа, талаш, самын, суусун, алыс, хор, пахта, тарых, цифра, процент, абзац, чака, бычак, ачкыч, щука, плащ.

**42-көнүгүү.** Текстти окугула, түшүнгөнүнөрдү сүйлөп бергиле.

## МАЛ КАНЧА ЖАШАЙТ?

«Мал адам баласынын турмушунда негизги орунду ээлейт. Себеби, ал адамга тамак, кийим, буюм, унаа, улоо болот. Биздин жер тоолуу келгендиктен, элибиз малчылык менен кесип кылат»,— деп чоң ата балдарга кызыктуу аңгеме куруп жатты.

— Мал канча жашайт билесиңерби? — деп сурады ал. Балдар бирин-бири карап, унчукпай калышты. Алардын билбегенин түшүнгөн кыраакы чоң ата сөзүн андан ары улады.

Төрт түлүк малдын эң акылдуусу, асылы — жылкы. Бекеринен аны «жылкы адамдын канаты» дебейт да. Ал сени каалаган жериңе жеткирет. Жылкы кырк беш жыл жашайт. Ал эми уй болсо, отуз жыл жашап, жыйырма жашка чейин сүт берет. Малдардын ичинен кой он эки жыл жашап, эки жаштан сегиз жашка чейин төл, эт берет. Эчки да кой менен эле жашташ болот.

Чоң атанын аңгемесине муюган балдар убакыттын кандай өткөнүн да билбей калышты. Аңгыча аркы тоо тараптан келе жаткан малдар көрүндү. Андан кийин балдар кезүүнү тосуп алышып, малдарын үй-үйлөрүнө айдап жөнөштү.

(*«Байчечекей»*)

**48-көнүгүү.** Ырды көркөм окугула.

## КИТЕП

Билбегенди билгизген,
Мээге сезим киргизген,

Ак булуттун үстүндө
Айга жакын жүргүзгөн.

Китеп — менин акылым,
Китеп — менин жакыным,

Турмуш сырын үйрөткөн,
Көркөм, чечен сүйлөткөн,

Көкөлөтүп көңүлдү
Табигатты бийлеткен.

Китеп — менин акылым,
Китеп — менин жакыным.

(*А. Токомбаев*)

**Макалдарды жаттап алгыла.**

Акыл айга жеткирет,
Билим көккө жеткирет.

Жакшы китеп жанга дос.
Көп окуган адам көптү билет.

**49-көнүгүү.** Диалогду окугула, андан ары уланткыла.

— Саламатсызбы, Айжан эже?
— Саламатчылык, Акыл, келегой!
— Эже, мага китеп бериңизчи.
— Кайсы китепти аласың?
— Кыргыз эл жомокторун.
— Жомоктор сага жагабы?
— Ооба, абдан жагат.

**50-көнүгүү.** Тексттен түгөйлүү үнсүздөр катышкан сөздөрдү терип жазгыла. Өзбек тилине которгула.

Биздин мектепте волейбол боюнча мелдеш өткөрүлдү. Мелдешке биздин класстын командасы да катышты. Оюнчулар бирдей ак түстөгү футболка кийишип, аянттын оң жагына катарга тизилишти. Кызыл кийимчендер 5 «Б» класстын окуучулары эле. Алар аянттын сол жагына турушту. Судьянын ышкырыгы чалынып, оюн башталды. Оюнчулар топту бирибирине узатып жатышты. Сабыр баарынан шамдагайлыгын көрсөттү. Мелдештин аягында биздин класстын командасы жеңүүчү деп табылды.

**51-көнүгүү.** Төмөндөгү сөздөрдү салыштыргыла, түгөйлөш үнсүздөрдүн өзгөрүшүн байкагыла.

чабат — чапади
ага — ака
жибек — ипак
дарбыз — тарвуз
чабан — чопан

**52-көнүгүү.** Түгөйлөш үнсүздөрдү катыштырып мисал жазгыла.

**Ү л г ү:**

Балта — пальто, жаза — жаса ж.б.

## ҮНСҮЗ ТЫБЫШТАРДЫН АЛГА, АРТКА КАРАЙ ОКШОШУУСУ

**Үнсүз тыбыштар бир сөз ичинде же эки сөз аралыгында алга жана артка карай окшошуп айтылат.**

| М и с а л ы: **алга карай** | **артка карай,** |
|---|---|
| бак + лар = бактар, | мен + мин = меммин, |
| кыз + лар = кыздар, | таш + сыз = тассыз, |
| тон кийди = тон гийди | күч сынады=күш сынады |
| ээн калды = ээн галды | үч түн = үш түн |

**Тил жатыктыруу.** Төмөнкү сөздөрдү окугула, айтылышына жана жазылышына көңүл бургула.

арыз + дын, кийим + дер, өрүк + түн,
герб + дин, сап + тин, айт + па,
көп бала, таап бер, эл келди, ар кандай,
сөз тап, үч сом, көк гүл, үч жүз,
мен барам, Асан келди, сен кара.

**53-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдүн айтылышын жазгыла. Аларды катыштырып сүйлөм түзгүлө.

Сөзсүз — сөссүз
жазса —
жазчы —
казча —
күчтүү —
күнгөй —
ишенбе —
бурчту —

кийинки —	жазсын —
мал калды —	үч шарт —

**54-көнүгүү.** Диалогду окугула, үнсүздөрдүн окшошуусун тапкыла.

— Саламатсыңбы, Азиз?
— Саламатчылык.
— Азиз, шаардан качан келдиң?
— Мен бүгүн келдим.
— Асанбек, тапшырманы айтып берчи?
— Макул, анда жазып ал.
— Ырахмат, Асанбек.
— Эч нерсе эмес.
— Анда сабакка жөнөйлү.

**55-көнүгүү.** Текстти кыргыз тилине которгула, үнсүз тыбыштардын окшошуусун байкагыла.

Бизнинг мактабимиз ёнида катта боғ бор. Бу — мактаб боғи. Боғнинг бир томонида гуллар ўсади. Иккинчи томонида эса, меъвалар ўсади. Мевазорда ширин, қизил ва оқ олмалар, наклар, шафтолилар, сариқ ва қора олхўрилар кўп. Мактабга якин ерда узумлар бор. Буларнинг хаммасини ўқувчилар парвариш қиладилар.

**56-көнүгүү.** -да, -нын, -га, -луу, -лык мүчөлөрүн улап сөз жасагыла.

## ТУРГУНБАЙ САДЫКОВ



Кыргыз эл сүрөтчүсү, скульптору Тургунбай Садыков Баткен областынын Баткен районунда туулган. Келечектеги сүрөтчү жа кезинен сүрөт тартууга, ар түрдүү нерселердин сөлөкөтүн жасоого абдан кызыккан.

Ал балалык максатын орундатуу үчүн сүрөтчүлөр окуу жайына кирет. Окуу жайында белгилүү сүрөтчүлөрдөн таалим алат. Талыкпай эмгектенип, жакшы окуп, чыныгы сүрөтчүлүк кесипке ээ болот. Ага көбүнчө скульптура жасоо жагат.

Сүрөтчүнүн «Кичинекей койчу», «Достук», «Дем алуу» жана башка чыгармалары жогорку чеберчиликте жасалган. Т. Садыковдун «Жеңиш», «Т. Сатылганов», «Манас» скульптуралары Бишкек шаарынын аянттарына коюлган. Алар шаарга өзгөчө кооздук берип турат. Борборго келген меймандар сөзсүз бул эстеликтерге көңүл бурушат.

**СӨЗДҮК**

**сөлөкөт** — фигура
**скульптура** — скулптура, хайкал
**таалим** — таълим
**сөзсүз** — сўзсиз

**57-көнүгүү.** Суроолорго жооп бергиле, жоопторду өзбек тилине которгула.

1. Т. Садыков качан туулган?
2. Ал жаш кезинде эмнеге кызыкан?
3. Максатын орундатуу үчүн эмне кылган?
4. Ал кантип сүрөтчү болду?
5. Т. Садыковдун кандай чыгармалары бар?
6. Шаарда кандай эстеликтер коюлган?
7. Эстеликтер эмне үчүн коюлат?

**58-көнүгүү.** Макалдарды окугула, маанисин айтып бергиле.

Акыл айга жеткирет,
Өнөр көккө жеткирет.

Өнөрүң болсо өргө чап.

Өнөрлүү өлбөйт.

Билим — өнөрдүн ачкычы.

Өнөргө жашыңдан үйрөн.

**59-көнүгүү. «Өнөр»** деген темада үлгү боюнча диалог түзгүлө.


— Акыл, сен келечекте ким болгуң келет?
— Мен Тургунбай агамдай сүрөтчү болсом дейм.
— Сен сүрөт тартканды билесиңби?
— Ооба, тарткан сүрөттөрүм да бар.
— Сүрөттү эмне менен тартасың?
— Азырынча түр калем, боёк менен...

— Алишер, сен өзүңчү, ким болгуң келет?
— Мен музыкант болууну каалайм.

**60-көнүгүү.** Тексттен үнсүз тыбыштардын окшошуусуна мисал жазгыла.

**61-көнүгүү.** Сүрөт менен иштөө.

## КҮЗ



Сүрөт боюнча түшүнгөнүңөрдү дептериңерге жазгыла. Күз мезгили тууралуу айтып бергиле.

**62-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү дептеринерге көчүргүлө, үнсүз тыбыштардын окшошуусуна көңүл бургула.

Кеч күз эле. Бир күнү атам экөөбүз чоң атамдыкына бармак болуп жолго чыктык. Атам тору атты минди, мен ага учкашып алдым. Жолдо бара жатып атама жан-жаныбарлар тууралуу ар түрдүү суроолорду бердим. Атам анын баарына эрикпей жооп берип жатты. Колдо багылган мал, күзүндө чээнге кирүүчү жапайы жаныбарлар жөнүндө айтып берди. Алар бакма жаныбарлардан айрымаланып, уяларын жылуулашып, жей турган тамагын да даярдашат экен. Көрсө, бардык жан-жаныбарлар адамдар сыяктуу эле кышка карата камынышат турбайбы.

Мына, чоң атамдын кыштоосу да көрүндү. Атам экөөбүз сүйлөшүп жатып, кантип келип калганыбызды сезбедик.

**63-көнүгүү.** Макалдарды жаттап алгыла.

Жаз — жарыш,
Күз — күрөш.

Жаздын бир күнү бир жылга татыйт.

Жаз — жаркырайт, күз күркүрөйт.

**64-көнүгүү.** Ырды көркөм окугула, жаттагыла.

Керилген жер бети,
Алтындай келбети.
Тоо болуп жыйналат,
Эмгектин бермети.

Жалбырак дирилдейт,
Өткөн күн билинбейт.
Шыманган дыйкандар,
Түшүмгө күлүндөйт.

Жабагы жайкалат,
Ириктер чайпалат.
Коңур күз эң сонун,
Эмгекти кайтарат.

*(А. Кыдыров)*

**СӨЗДҮК** **керилген** — керилган **келбети** — қомат
**бермети** — гавҳари **шыманган** — шимарган
**жабагы** — той **ирик** — уч ёшдаги қўй

**65-көнүгүү.** «Күз» деген темада аңгеме жазгыла, жолдошторуңарга окуп бергиле.

## СӨЗ ӨСТҮРҮҮ

### БУЛБУЛ

*(Кыргыз эл жомогу)*

Илгери-илгери өткөн заманда абышка жашаптыр. Ал булбул менен дос болгон экен. Абышка мергенчи да, комузчу да болуптур. Ал күнүгө мылтыгын ийнине асынып алып, тоодон кийик уулап келчү экен. Мергенчи токойдо сайраган түрдүү куштардын үнүн угуп, үйүнө келгенде алардын үнүн туурап комузун чертип, күү чыгарчу экен.

Күндөрдүн биринде булбул абышканын күүсүнө кызыгып:

— Досум, мага күүндөн үйрөтүп койчу — дейт.

— Макул — деп абышка комузун кубулжутуп черткенде булбул тыңшап, күүнү аз-аздан үйрөнө баштайт. Бара-бара ал комуздун күүсүндөй шаңшып сайрайт. Элдер таң калып, булбулдун үнүн угушат. Ошондо абышка ага кайрылып:

— Досум, сенин сайраганың бүт элге жагып калды, бирок сенин үнүңдү күндүзү укканга алар жумуштан бошобойт. Ошондуктан түнкүсүн сайрасаң күүлөрүңдү угуп элдер кубанышат. Алардын күндүзү жумуштан чарчаганы да басылат. Ошондон кийин булбул сайроону комуздан үйрөнүп, досунун айтуусу боюнча түнкүсүн сайрап калган экен.

**СӨЗДҮК**

| | | |
|---|---|---|
| **кубулжутуп** | — нола |
| **күү** | — куй |
| **шаңшыйт** | — сайрайди |

**66-көнүгүү.** Текстти окугула, суроолорго жооп бергиле.

1. Абышка эмне менен кесип кылчу экен?
2. Булбул менен кантип достошту?
3. Булбул сайраганды эмнеден үйрөндү?
4. Эмне себептен элдер булбулдун үнүн күндүзү уга алышпайт?
5. Эмне үчүн булбул түндөсү сайрайт?
6. Комуз кандай аспап?
7. Силер булбулдун сайраганын уктуңар беле?

**67-көнүгүү.** Ырды көркөм окугула, жаттап алгыла.

Жел термелип жайпалат,
Жашыл шибер жайкалат.
Жыпар жыты аңкыган,
Кандай сонун чар тарап.

Булбул үнүн кайталап,
Аска ырдап жар салат.
Табийгый күү термелткен,
Кандай сонун чар тарап.

*(Н. Байтемиров)*

**68-көнүгүү.** Тексттен түшүнгөнүңөрдү дептериңерге жазгыла, өзбек тилине которгула.

## БИРИНЧИ ЧЕЙРЕКТЕ ӨТҮЛГӨНДӨРДҮ КАЙТАЛОО

**69-көнүгүү.** Тыбыштарды өзгөртүү менен жаңы сөздөрдү жасагыла.

Белек, күрөк, дарак, саман, кийин, тыйын, өлкө, алма, кабат.

**70-көнүгүү.** Тыбышы көп, тамгасы аз болгон сөздөрдөн мисал жазгыла.

**71-көнүгүү.** Тамгасы көп, тыбышы аз сөздөрдү катыштырып сүйлөм түзгүлө.

**72-көнүгүү.** Сөздөрдү үндүү тыбыштар менен толуктагыла.

К.н, к..н, т.н, т..к, б.р, б..р, ж..к, с..к, м..нет, с..сун, т..ныш.., м.р.

**73-көнүгүү.** Ырды жаттагыла, түшүнгөнүңөрдү айтып бергиле.

Каяша сүйлөп, сөз кайрып,
Турбагыла, балдар ай.
Шоктук кылып бирөөнү,
Урбагыла, балдар ай.

Күндөн күнгө чыйралып,
Бүрдөгүлө, балдар ай.
Жаш өмүрүң бар чакта,
Гүлдөгүлө, балдар ай.

*(Т. Сатылганов)*

**74-көнүгүү.** Мисалдардан үндүү тыбыштардын үндөшүүсүн тапкыла.

Дарыя, гвардия, экскурсия, насыят, пияз, музыка, лагерь, инженер, маалымат, жазуучу, көктөм, деңиз, коргоо, жарыктык, өмүр.

***Ырды көркөм окугула, жаттап алгыла.***

## ЭКИ ТИЛДИ БИРДЕЙ БИЛ

Шухрат досум экөөбүз
Сейил куруп бир басып.
Үйрөнөбүз тилди да,
Күндө жаңы сөз жазып.

Ал кыргызча сүйлөсө,
Мен түзөймүн катасын.
Ө дей албай О десе,
Бир кызыкка батасың.

Бара-бара Шухраттын,
Өнөр, шыгы өнүктү.
Ө катышкан сөздөрдү
Өзгөртпөөгө көнүктү.

Өжөрлөнүп болбой ал,
Машыгам деп күүлөндү.
**Ү** түгүл **Ң** ды да,
Так айтууга үйрөндү.

**Ы** тамгасы аларды
Жок экени белгилүү
Ыйык сөзүн ийик дейт
Керек ага көнүгүү.

Мен сүйлөсөм өзбекче,
Ал тууралап айттырат.
Көнүктүрүп тилимди,
Көңүлүмө жаткылат.

Дилгирине мен анын
Абдан курсант боломун.
«Күйдүм чок» деп ал кээде
Созуп калат обонун.

Кыргыз, өзбек жана да
Чет тилдер өздөштүр.
Көп тил билсен менимче,
Досторун да өсмөктүр.

*(Д. Билгиров)*

**Макалдарды жаттагыла.**

Тил билсең, дил билесиң,

Ашык дөөлөт баш жарбайт.
Билбеген уят эмес,
Билгиси келбеген уят.

**75-көнүгүү.** Макалдардын маанисин чечмелегиле.

Тилдин жетпеген жери жок.

Жакшы сөз жан эргитет,
Жаман сөз жан кейитет.

Акылдуунун сөзү кыска,
Айта салса нуска.

Тил — ачуунун ачуусу, таттуунун таттуусу.

Тилден бал да тамат, уу да тамат.

## МАТЕРИАЛДАРДЫ КАЙТАЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Тыбыш деген эне?
2. Тыбыш эмне менен белгиленет?

3. Тыбыштар кандай болуп бөлүнөт?
4. Кайсы учурда тыбыш көп тамга аз болот?
5. Кайсы учурда тамга көп тыбыш аз болот?
6. Үндүү жана үнсүз тыбыштарды кантип айырмалоого болот?
7. Үндүү тыбыштар кандайча бөлүнөт?
8. Үнсүз тыбыштар кандай болуп бөлүнөт?
9. Түгөйлөш үнсүздөр деген эмне?
10. Үнсүз тыбыштардын окшошуусун кандай түшүнөсүңөр?

## *ТЕКСТТЕР БОЮНЧА СУРООЛОР*

1. Билим күнү кимдердин майрамы?
2. Окуу жылынын башталышы кандай таасир калтырды?
3. Адамдар эмнелер менен күрөшүп жатышты?
4. Чегирткелерге каршы кандай жумуштарды аткарышты?
5. Эмне үчүн канаттуу достор деп айтабыз?
6. Кыргыз алиппесин ким түзгөн?
7. Эне үйдүн куту дегенди кандай түшүнөсүңөр?
8. Ак чөлмөк оюну кандайча ойнолот?
9. Оюнчулар кандай болуусу керек?
10. Жылкы канча жыл жашайт?
11. Т. Садыковдун кандай чыгармаларын билесиңер?
12. Булбул сайраганды кимден үйрөндү?
13. Ал эмне үчүн түнкүсүн сайрайт?
14. Булбулдун үнүн уктуңар беле?

## ЖАНАША КЕЛГЕН СӨЗДӨРДҮН АЙТЫЛЫШЫ

**(Ёнаша келган сўзларнинг талаффуз килиниши)**

**Кээде жанаша келген сөздөрдөгү үнсүз тыбыштар бири-биринин таасири менен өзгөрүлүп айтылат.**

Мисалы: айтып бер — **айтыпер**, бери кел — **беригел**, кийин келди — **кийиңгелди**, кеч чыкты — **кешчыкты**, сатып алды – **сатыбалды**, сөз сүйлө — **сөссүйлө**, нан барбы — **намбарбы**.

**76-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү тууралап жазгыла, айтылышы менен жазылышын салыштыргыла.

Батпас, таапер, агулак, беготур, тобойно, барагел, алагач, омбеш, көрүмбө, меңгана, тоңгийди, көгала, кебук, алагийиз, барагой, каргетти, көссал.

**77-көнүгүү.** Текстти окугула, түшүнүгүнөрдү сүйлөп бергиле. Үнсүз тыбыштардын окшошуусун таап, айтылышы менен жазылышын байкагыла.

### АЙСУЛУУ ТОКОМБАЕВА

Элибиздин бийчи кызы Айсулуу Токомбаева 1947-жылы 22-сентябрда Бишкек шаарында туулган. Жаш кезинен ал окууга, бийге дилгир болуп чоңоёт. Кызынын талантын байкаган ата-энеси аны бийчилер окуу жайына алып барышат. Ал жерде Айсулуу бийлөөнүн сырларын үйрөнөт, көп бийлерди өздөштүрөт. Тубаса таланты, алган билими аны балет өнөрүнө шыктандырат. Айсулуу окуусун Ленинград (азыркы Санкт Петербург) шаарындагы хореографиялык окуу жайы-

нан улантат. Ал жерде белгилүү окутуучулардан сабак алат.

А. Токомбева окуу жайын бүткөндөн кийин Бишкек шаарындагы опера жана балет театрына бийчи болуп кирет. Бардык эле жаш бийчилердей, көп иштеп, эмгектенди. Бий өнөрү боюнча өткөрүлгөн көптөгөн кароолордо күч сынады.



Айсулуу Токомбаева А. Малдыбаев атындагы опера жана балет театрында артист болуп иштеп жүрүп, анда коюлган «Аккуу көлү», «Спартак», «Балеро», «Саманчынын жолу» спектаклдеринде башкы ролдорду аткарды. Эмгектеги ийгиликтери үчүн мамлекеттик сыйлыктарга татыктуу болду.

| | | |
|---|---|---|
| **СӨЗДҮК** | **тубаса** | — табиий |
| | **шыктандырат** | — илхомлантиради |
| | **кароолор** | — кўриклар |
| | **сыйлыктарга** | — мукофотларга |
| | **татыктуу** | — муносиб |

**78-көнүгүү.** Макалдарды окугула, маанисин айтып бергиле.

Аракет кылсаң — берекет.

Акыл айга жеткирет,
Эмгек көккө жеткирет.

Сыйлык — эмгектин үзүрү.

**79-көнүгүү.** Төмөнкү суроолорго жооп бергиле.

1. А.Токомбаева качан туулган?
2. Ал жаш кезинде кандай болгон?
3. Ата-энеси кызына кандай шарт түзгөн?
4. Бийчилик өнөргө кантип ээ болду?
5. Ал кимдерден сабак алды?
6. Кандай спектаклдерде роль аткарды?
7. Анын эмгеги кандайча бааланды?

**80-көнүгүү.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү өзбек тилине которгула.

Айсулуу жаш кезинен бийге шыктуу болгон. Ал көп окуп, бийдин сырларын үйрөнгөн. Белгилүү окутуучулардан таалим

алган. Бий өнөрү боюнча кароолорго катышкан. Айсулуу көптөгөн ролдорду аткарып, элдин купулуна толгон. Үзүрлүү эмгеги үчүн сыйлыктар менен сыйланган.

**81-көнүгүү.** Тексттен жанаша келген сөздөрдүн айтылышына мисал жазгыла жана кайсы тыбыштардын алмашкандыгын айтып бергиле.

**Табышмактарды тапкыла.**

Чапсам тилинбейт,
Колго илинбейт.
Атын билсем да,
Өңү билинбейт.

**Тил жатыктыруу.** Жаңылмачтарды бат айтууга көнүккүлө.

Кара каргаларга ала каргалар үйүр,
Ала каргаларга кара каргалар үйүр.

Мына бу кайсы арал?
Көк иримдүү кең арал, ал арал.

**82-көнүгүү.** Диалогду ролдорго бөлүп окугула, үлгү боюнча диалог түзүүгө көнүккүлө.

— Асыл, силердин мектебиңерде бий кружогу барбы?
— Ооба, бар.
— Сен ага катыштыңбы?
— Мен бий кружогуна эки жылдан бери катышам.
— Бий сабагын ким алып барат?
— Назира эжеке.
— Кружокто кандай бийлерди үйрөтөт?
— Кыргыз, өзбек, орус элдик бийлерин.
— Мен да бийди абдан жакшы көрөм.
— Анда сен да катышпайсыңбы, Каныкей?
— Макул, мен да жазылайын.
— Эмесе саламатта бол, Каныкей.

**83-көнүгүү.** Жанаша келген сөздөрдүн айтылышына карата өзбек тилинде мисал жазгыла жана аларды кыргыз тилиндеги котормосу менен салыштыргыла.

**Ү л г ү:**

Ойтиб бераман — айтып беремин б-п

**84-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү тууралап жазгыла жана аларды катыштырып сүйлөм түзгүлө.

Айтыпер, таңгалды, тезгелди, окупер, аманңгелди.

## БАСЫМ

## (Ургу)

**Сөздөгү бир муундун көтөрүңкү айтылышын басым дейбиз. Сөздөгү басым түшкөн муун басымдуу, басым түшпөгөн муун басымсыз муун деп аталат.**

**Кыргыз тилинде басым көбүнчө акыркы муунга түшөт. Бирок басымдын орду алмашканы менен сөздүн мааниси өзгөрбөйт.**

М и с а л ы:

сайма — **сай** — басымсыз, **-ма** — басымдуу
түшүмдүү — **тү-шүм** — басымсыз, **-дүү** — басымдуу
окуучулар — **о-куу-чу** — басымсыз, **-лар** — басымдуу

- ***Басымдын сөздөгү акыркы муундан башка муундарга түшкөн учурлар да кездешет.***

  М и с а л ы: Саматов, радио, баламын, жазчы, кызылбы, таптаза.

**85-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөргө басым коюп, туура окугула.

Жаз, жазуу, жазуучу, жазуучулар, жазуучулардын.

Кызыл, кыпкызыл, ак, аппак, Оморов, Асанов, Хакимов, оку, окуйбуз, ой, ойло, ойлойбуз, иш, иште, иштейбиз, парта, литр, конфет, банан, математика, телефон, телеграмма, телевизор.

# СӨЗ ӨСТҮРҮҮ

## ОЙСУЛ-АТА ЖӨНҮНДӨ СӨЗ

Төө теги жагынан Ойсул-Ата жаныбары болуп саналат. Башка жаныбарларга караганда төөнүн айырмачылыктары көп. Ал ысык климаттуу, кумдуу чөлдөрдө жашайт. Бир топ

күндөргө чейин чөп жебестен жүрө берет. Төө чөлдүн шор топурактуу жеринде өскөн, чогойно, коко тикен, уйгак сыяктуу тикенектүү өсүмдүктөр жана бадалдар, тал-теректердин бүрлөрү менен тамактанат.

Ойсул-Ата жаныбары дүйнөдөгү чөлдүү, талаалуу, араб өлкөлөрүндө. Африкада, Кытайда, Монголияда, Түркмөнстанда жана Казакстанда багылат. Бул жерлерде төө алыскы аралыкка жүк ташуучу улоо катары пайдаланылат. Төөнүн эти, сүтү, жүнү пайдалуу. Этинен даамдуу тамак, сүтүнөн кымыз, быштак жасалат. Ал эми төөнүн жүнүнөн жылуу кийимдерди, буюмдарды, боз үйдүн боолорун жасоого болот.

Биздин жерде мурда төө мал катары багылып, унаа, улоо милдетин аткарган. Азыр барган сайын жоголуп бара жатат. Төөнүн баласын бото, бир жаштагысын тайлак дейт.


**СӨЗДҮК**

| | |
|---|---|
| **теги** | — келиб чиқиши |
| **бадал** | — чангалзор |
| **быштак** | — пишлак |

**86-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү муунга бөлүп, басым коюп жазгыла.

Жаныбарга, кумдуу, жебестен, чогойно, өсүмдүктөр, Африкада, Монголияда, быштак, жүнүнөн, буюмдар, милдетин, жаштагысын.

**87-көнүгүү.** Сүрөт боюнча төөнүн түзүлүшүн жазгыла.



**Табышмактарды тапкыла.**

Дүбүр-дүбүр төртөө,
Дүйшөн менен бешөө.
Жапаркулу жалгыз,
Эсенкулу экөө.

**88-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөргө басым койгула, кыргыз жана өзбек тилдериндеги басымды салыштыргыла, сүйлөм түзгүлө,

Болаларни, маймун, инсон, хайвонлар, ўргатиш, кишиларнинг, лекин, хозр, албатта.

**89-көнүгүү.** Төмөнкү сүйлөмдөрдөгү сөздөрдү муунга ажыраткыла, басымдуу муундардын астын сызгыла.

Төө ысык климаттуу, кумдуу чөлдөрдө жашайт. Ал тикенектүү катуу өсүмдүктөр менен тамактанат. Адамдар төөлөрдү чөл аркылуу алыска жүк ташуу үчүн пайдаланышат. Төөнүн жүнүнөн жылуу кийим токулат. Элде аны «кумдуу чөлдүн корабли» деп коюшат.

**Макалдарды жаттап алгыла, маанисин чечмелегиле.**

Төөгө жантак керек болсо, мойнун созот.

Төөнү сел алса, эчкини асмандан көр.

Укмуштуунун төөсү жорго.

**90-көнүгүү.** Төмөнкү суроолорго жооп бергиле.

1. Төө кандай жаныбар?
2. Башка жаныбарлардан кандай айрымасы бар?
3. Ал эмне менен тамактанат?
4. Төө кандай жерде жашайт?
5. Төөнүн сүтүнөн эмне жасалат?
6. Төөнүн баласын эмне дейт?

**91-көнүгүү.** Анограмма.

ЖАРАТЫЛЫШ деген сөздөн тамгалардын ордун алмаштыруу жолу менен жаңы сөздөрдү жасагыла.

**Ү л г ү:** шарт, жар ж.б.

**Табышмактарды тапкыла.**

Достошсоң сен жашыңда,
Акыл артат башыңда.
Адам үчүн байлык жок,
Андан өткөн асыл баа.

Мурас бар калган бабадан,
Баарыбыз ыйык баалаган.
Калкыңдын ошол сыймыгын,
Кана, айт болсоң табаган.

**92-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөргө мүчө улап жаңы сөз жасагыла, басым койгула.

Жыл, кыш, баш, суу, ук, үн, иш, көз.

# СӨЗ ӨСТҮРҮҮ

## КАЛП АЙТУУ

### (Элдик сөз оюн)

Мен туула электе атамдын жылкысын кайтардым. Чыга элек талдын чырпыгынан ат кылып минип, эшиле элек жиптен боо тагылган укурук менен бээлерди кармадым.

Бир күнү атам мени жоголо элек бээни издеткени жөнөттү. Тоонун чокусуна чыгып карасам, бээ көрүнбөйт. Андан кайра келип, боз үйдүн үстүнө чыксам дагы эле көрүнбөйт. Жерге түшүп карасам, жоголгон бээ көлдүн ортосунда оттоп турган экен. Калагы жок кайыкка түшүп, бат эле сүзүп бардым. Кайра кайтканда бээни башынан жетелеп, баягы кайык менен жээкке келдим. Карасам бээ тууп, кулунун ээрчитип келе жатыптыр. Бери жөнөгөндө бээни минсем, ал көтөрө албай койду эле кулунду минип чапкан бойдон үйгө келдим.

**93-көнүгүү.** Текст боюнча төмөнкү суроолорго жооп бергиле.

1. Төрөлө элек бала жылкы кайтарабы?
2. Чыга элек талдын чыбыгын ат кылса болобу?
3. Эшиле элек жиптен боо жасаса болобу?
4. Жоголо элек жылкыны издейби?
5. Тоонун чокусунан көрүнбөсө, жерден көрүнөбү?

6. Бээ көлдүн ортосунда оттойбу?
7. Калагы жок кайык менен сүзүүгө болобу?
8. Жаңы туулган кулунду минсе болобу?

# ИШ КАГАЗЫ

## ДАРЕК

**Почталык жөнөтмөнүн бара турган жерин көрсөтүүчү иш кагазды дарек дейбиз.**

**Ү л г ү:**

| | | | |
|---|---|---|---|
| ***Кайда*** | 720010 | ***Кыргыз Республикасы*** | |
| | | ***Бишкек шаары*** | |
| | | ***У. Салиева көчөсү 50*** | |
| ***Кимге*** | | ***Жолдошев Айбекке*** | |
| | | 714007 | ***Ош шаары*** |
| | | | ***Төлөйкөн кичи району*** |
| | | | ***№ 5 үй, 25-квартира*** |
| | | | ***Айдаров Кубат.*** |

➤ ***Дарек көрсөтүлгөн тартипте толук жазылууга тийиш.***

**94-көнүгүү.** Өз алдынарча жакын адамдарыңарга кат жазып, дарегин көрсөткүлө.

**95-көнүгүү.** Суроолорго жооп бергиле.

1. Даректи жазуунун максаты эмнеде?
2. Эмнелердин дарегин жазууга болот?
3. Дарексиз катты жөнөтүүгө мүмкүнбү?
4. Дарек — кандай иш кагазы?

**96-көнүгүү.** Жомокту окуп, мазмунун андан ары уланткыла.

Илгери бир хан болуптур. Ал адилеттүү болуп, элге кам көрүптүр. Ошого жараша эли да ынтымактуу болуп, кайгы-капасыз жашаптыр.

Жылдар өтүп хан карып калат. Бирок ошончо жашка келсе да, балалуу болбоптур. Ал жупуну кийинип алып, жер кыдырыптыр. Көп жол басып, ар түрдүү адамдарга жолугуптур, сүйлөшүптүр. Күндөрдүн биринде чарчап келе жатып, бир жигиттин нандын жерге түшкөн күкүмүн алып жеп койгонун көрөт.

## УҢГУ ЖАНА МҮЧӨ
### (Ўзак ва кўшимча)

**Сөз уңгудан жана мүчөдөн турат.**

М и с а л ы: **бала, бала+лык, бала+луу, бала+сыз, бала+дай деген сөздөрдүн бөлүнбөй турган башкы бөлүгү бала, ал эми - лык, - луу, - сыз, - дай уңгуга уланган сөздүн бөлүгү.**

**Демек, сөздүн бөлүнбөй турган түпкү бөлүгү уңгу деп, уңгуга уланган бөлүгү мүчө деп аталат.**

М и с а л ы: сүрөт+**чү**, аш+**кана**, кыз+**дар**, жаш+**тык**, иш+**те**.

**97-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү унгу мүчөгө ажыраткыла.

Бөлмө, тоолор, жолдош, пайдалуу, ишмер, жаныбарларды, оюнчуктай, тапшырма, калемдеш, турмушубузда, жаратылышка, эгемендик, сүрөтчү, китепканалар, болочок, кекиликтер, ойдогудай, көрктүү, билимсиз, жаңылмач.

**98-көнүгүү.** Текстти окуп, мазмунун айтып бергиле.

## ЖӨРГӨМ

Кыргыз элинин кушкер тамактарынын бири — жөргөм болуп саналат. Аны жандык малдын ич этинен жасайт. Жөргөмдүн дагы бир түрү жалаң серкенин ич майынан жасалат.

Жөргөм үчүн жандык малдын кара ичегиси, карыны, өпкөсү, ич майы керек. Адегенде жандыктын ич этин тазалап, туздуу суу менен чайкагандан кийин жөргөм жасаганга ылайыктап тилет. Даяр болгон карын, өпкө жана ич майды ичеги менен чырмап өрөт. Өрүлгөн жөргөмдү узун боюнча казанга салып, бышырат.

Союлган жандыктын этин тартардан мурда бышырылган жөргөм меймандарга ысылык катары коюлат. Ал эми ич майдан жасалган жөргөм бышаары менен тууралып, ысык боюнча туз татытылган чык куюлуп, меймандарга берилет.

| СӨЗДҮК | | |
|---|---|---|
| | **кушкер** | — мазали |
| | **жандык** | — майда маллар |
| | **ысылык** | — газаклар |

**99-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү унгу мүчөгө ажыраткыла.

Элинин, тамактарынын, өпкөсү, болгондо, мурч, май, ичеги, казанга, мейман, тууралып, майдан, ысык, туз, берилет.

**Макалдарды окугула, маанисин чечмелегиле.**

Конокко аш кой, эки колун бош кой.

Жигитти жаа тарттырып сына,
Келинди жөргөм өрдүрүп сына.

**100-көнүгүү. -лар, -га, -дай, - лык, -гыч** мүчөлөрүнүн жардамы менен сөз жасагыла, аларды катыштырып сүйлөм түзгүлө.

**101-көнүгүү.** Сүйлөмдөгү сөздөрдү унгу, мүчөгө ажыраткыла, өзбек тилине которгула.

Жөргөм — кыргыз элинин чүйгүн тамагы. Ал жандыктын ич этинен жасалат. Кыргыз эли сыйлуу мейманды мал союп, даамдуу тамак менен сыйлайт. Күзүндө союлган малдын этинен жасалган жөргөм абдан даамдуу болот. Бышкан жөргөм ысык боюнча дасторконго коюлат. Ысык жөргөмдөн кийин муздак суу ичүүгө болбойт.

**102-көнүгүү.** Төмөнкү суроолорго жооп бергиле.

1. Жөргөм эмнеден жасалат?
2. Аны кантип жасашат?
3. Жөргөмгө эмнелер кошулат?
4. Меймандарга кандай тартылат?
5. Өзбек элинин кандай чүйгүн тамактарын билесиңер?
6. Сага кайсы тамак жагат?
7. Кыргыз элинин дагы кандай улуттук тамактарын билесиңер?

**Уңгусу бирдей болгон сөздөр уңгулаш сөздөр деп аталат.**
**М и с а л ы: бар, бармак, барыш, барды, барчу ж.б.**

**103-көнүгүү.** Сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла. Уңгулаш сөздөрдү бөлүп жазгыла.

Алтын, бастырма, акчалай, малчылардан, гүлдөт, ырчы, мал, гүлдө, алтындай, саз, акча, бастыр, малдар, акчалуу, алтынга, ыр, саздуу, ырчылар, гүл, малчы, бас, саздак, ырда, баскыч, гүлдөй.

**Айрым мүчөлөр уңгуга уланып жаңы сөздөрдү жасайт, ал эми айрымдары сөздөрдүн мамилесин өзгөртүп жиберет. Алар ошол белгисине карата сөз жасоочу жана сөз өзгөртүүчү болуп бөлүнөт.**

М и с а л ы: оку — этиш
оку + **уу** = окуу — кыймыл-аракеттин аты
оку + **уу** + **чу** — зат
оку + **уу** + **чу** + **лар** — көптүк түрдөгү зат

- ***-уу, - чу*** **— мүчөлөрү сөз жасоочу мүчө;**
- ***-лар*** **— сөз өзгөртүүчү мүчө.**

**104-көнүгүү.**

## СӨЗ ОЮН

Оюндун шартында окуучулар эки тарапка бөлүнүп, берилген уңгу сөздөргө мүчө улап, жаңы сөз жасоо боюнча жарышышат. Көп сөз жасаган тарап жеңишке ээ болот.

**Иш, көр, бас, гүл, сөз, ыр, быш,**

**Ү л г ү:** иш-иште.

**105-көнүгүү.** Диалогду окугула, тема койгула, үлгү боюнча өзүңөр түзүп көргүлө.

– Айбек, кезектин аягы сенби?
– Ооба, менмин.
– Анда сенден кийин болоюн.
– Даврон, сен кайсы тамактан аласың?
– Сүт кошулган тамактардан.
– Сенчи, кандай тамакты жакшы көрөсүң?
– Мага күрүчтөн жасалган тамактар жагат.
– Эмесе тамагың таттуу болсун, Даврон.
– Ыракмат, сага да ошону каалайм.

**106-көнүгүү. - нын, -лар, -дан, -чы, -ма** мүчөлөрүнүн жардамы менен жаңы сөздөрдү жасап жазгыла, сөз жасоочу мүчөлөрдүн астын сызгыла.

## СӨЗ ӨСТҮРҮҮ

**107-көнүгүү.** Текстти окуп, мазмунун айтып бергиле. Үчүнчү абзацын өзбек тилине которгула. Сөз өзгөртүүчү мүчөлөрдүн астын сызгыла.

### КОНОК КҮТҮҮ

Кыргыз эли өтө меймандос келет. Үйгө келген мейманга сый көрсөтүү, аны жакшылап коноктоп узатуу — өзүнчө салтка айланган көрүнүш.

Келген конок үйгө урмат менен киргизилип, ага төрдөн орун берилет. Ал-жайды сурап отурганда колго суу куюлуп, дасторкон жайылат. Дасторконго адегенде нан, андан кийин таттуулук, мөмө-жемиш, суусундук сыяктуу ар түрдүү даамдар коюлат.

Конокко арналган кой союлуп, коноктун санына жараша устукандары казанга салып бышырылат. Калган этинен куурдак, жөргөм жасалып, устукандарга чейин тартылат. Бышкан этти чыгаргандан кийин шорпо, куйрук-боор берилет. Кой кимге арналып союлса, ошол улук мейман саналып, баш тартылат. Андан кийинки жиликтери улуулата берилет. Меймандар эт жеп жатканда, бешбармак алынып келинет.

Конок сыйы көрүлүп бүткөндөн кийин урмат менен узатылат. Кыргыз элинде: «Конок келсе, ырыскы кошо келет»,— деп коюшат. Демек, конокко канчалык сый көрсөтсөң, үйүнө ошончолук береке кирет.

| СӨЗДҮК | | |
|---|---|---|
| | **меймандос** | — мехмондуст |
| | **салт** | — расм |
| | **ал-жай** | — ахвол |
| | **устукан** | — устухон |

**108-көнүгүү.** Төмөнкү суроолорго жооп бергиле.

1. Конок деген эмне?
2. Кыргыз элинде конокту кандай сыйлашат?
3. Конокко кандай сый көрсөтүлөт?
4. Дасторконго тамак кандай тартипте коюлат?

5. Куурдак, жөргөм качан тартылат?
6. Койдун башы жана улуу жилиги кимге коюлат?
7. Бешбармак качан берилет?
8. Өзбек элиндеги конок күтүү салты менен салыштыргыла.

**109-көнүгүү.** Ырды көркөм окугула, жаттап алгыла.

## ДАСТОРКОН

Элибизде мейман келсе, жайылат ак дасторкон,
Дүйүм тамак, шербет, мейиз, анар, алма жык толгон.
Кыргыз пейли тоодой бийик, көлдөй терең туптунук,
Колдо баран төгүп-чачып, аябастан бүт бойдон.

*Кайырма:* Дасторконум, дасторконум,
Күлкү болсун, ыр болсун.
Бабалардан мурас калып,
Келе жатат бул жоосун.
Элге, жерге берсин бакыт,
Кут төгүлгөн береке,
Умай эне, Теңир ата
Урпактарын колдосун.

Дасторкондун даамын сызып, жарык кылып көңүлдү,
Ынтымактын сөзүн сүйлөп, болсун элим өмүрлүү.
Намысыңды дасторкондой кирсиз, таза сактагын,
Арам ойлуу адам келсе, тебелетпе төрүңдү.

*Кайырма.*

*(Э. Эрматов)*

**110-көнүгүү.** Ырдын экинчи куплетин окуп, маанисин айтып бергиле.

### Акылман сөздөр

Конокко чакырбасын сени кимдер,
Адеп күт, тамагыңды даамдай көр.

Улуу болсо өзүңдөн эзелки адат,
Ашка колду кичүүлөр кийин салат.

Бирөөнүн алдындагы тамакты алба,
Өз жактан ал, өзүңдү жакшы карма.

Оозуңа салганыңды шашпай чайна,
Ысык ашты үйлөбө — жаман анда.

*(Жусуп Баласагын)*

## ЖӨНӨКӨЙ ЖАНА ТАТААЛ СӨЗДӨР

**(Оддий ва мураккаб сўзлар)**

**Бир уңгудан турган сөздөр жөнөкөй сөздөр деп аталат.**

**М и с а л ы: алча, жылдыз, чапан, ойно, чарба, кызыл ж.б.**

**Эки же андан көп уңгудан турган сөздөр татаал сөздөр деп аталат.**

**М и с а л ы: ата-эне, темир жол, бүгүн, КВН, Акбуура ж.б.**

**111-көнүгүү.** Жөнөкөй жана татаал сөздөрдү бөлүп жазгыла.

Уя, жамгыр, төө куш, жалын, айыл чарба, сабак, торгой, жалбырак, балык, эже-синди, бака, эмгек, конгуроо, чай-пай, кийим-кече, футбол, ак чөлмөк, дарыя, базар, балалык, ынтымак.

**Сөз оюн:** Алым-сабак.

Окуучулар эки тарапка бөлүнүп, биринчи тарап жөнөкөй сөз, экинчи тарап татаал сөз айтышып жарышышат.

| | | |
|---|---|---|
| **Ү л г ү:** | ата | ата-эне |
| | тууган | тууган-туушкан |
| | өйдө | өйдө-төмөн ж.б. |

**112-көнүгүү.** Текстти окуп, өзбек тилине которгула. Жөнөкөй жана татаал сөздөрдүн түзүлүшүн айтып бергиле.

## ИТ МУРУН

Бул өсүмдүк токойдун арасында жана ачык, суулуу жерде өсөт. Ал Кыргызстандын бардык тарабында кездешет. Анын гүлү кооз, ак, мала кызыл, сары түстө болот. Ит мурундун гүлү да, бутактары да, мөмөсү да, жыты да роза гүлүнө окшош келет.

Ит мурун — өтө баалуу өсүмдүк. Анын мөмөсүнүн дары лык касиети абдан зор. С витамини көптүгү жагынан ит мурун өсүмдүктөрдүн арасынан биринчи орунда турат. Мөмөсүнде ден соолукка пайдалуу глюкоза, крахмал, лимон кислотасы бар. Ит мурундун мөмөсүн ичеги-карын ооруларын дарылоодо пайдаланат. Андан варенье, чай жана ар түрдүү дары-дармектерди жасоого болот.

**СӨЗДҮК**

**ит мурун** — наъматак
**мала кызыл** — нимпушти ранг

**Тил жатыктыруу.** Жаңылмачтарды бат айтууга көнүккүлө.

Таруу, күрүчкө толсун алакан,
Топ-топ чокулап, тойсун балапан.

Кечке терип карагат,
Кете албадык каралап.
Жүрө бербей «каналап»,
Кылбайлыбы канагат!

**113-көнүгүү. Алмак-салмак, жолдош-жоро, ден соолук, козу карын, чач тарач, күн карама** деген сөздөрдү өзбек тилине которгула, аларды катыштырып сүйлөм түзгүлө.

## МУСА ЖАНГАЗИЕВ — БАЛДАР АКЫНЫ



Кыргыз эл акыны — Муса Жангазиев 1921-жылы жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган. Муса жаш кезинен жетим калып, 1929-жылы Фрунзе (Бишкек) шаарындагы балдар үйүндө тарбияланып, билим алган.

Ал жаштайынан ыр жазууга шыктуу болгон. Мектепте окуп жүргөндө эле жазган ырлары газеталарга басылган. Муса агайдын биринчи ырлар жыйнагы 1954-жылы «Балалык» деген ат менен жарык көргөн. Акын өзүнүн чыгармачылык жолунда көптөгөн ырлар жыйнактарын жана прозалык чыгармаларды жараткан.

Муса Жангазиевдин чыгармалары орус, өзбек, казак, украин жана башка тилдерге которулган. Коомго жана адабиятка сиңирген эмгеги үчүн акын ордендер жана медалдар менен сыйланган.

*(Энциклопедия)*

**СӨЗДҮК**

| | | |
|---|---|---|
| **басылган** | — | босилган |
| **жыйнактары** | — | тўпламлари |
| **коомго** | — | жамиятга |

**114-көнүгүү.** Ырды көркөм окугула, жаттап алгыла.

## ТАБИЯТ

Жашыл жагоо тагынып,
Келбөөчүдөй карылык.
Арча турат атамдай,
Жашыл күрмө жамынып.
Көрбөй калсам аз күнү,
Куса болом сагынып.

## ШАМАЛДА

Шамал келди күйүгүп,
Тал-теректер ийилип.
Жалбырактар күбүлүп,
Качып барат жүгүрүп.

Элендеди эбелек,
Өзүнчө эле чимирик.
Куюн чыкты бир паста,
Ыпыр-сыпыр кийинип.

Шамал желге айланып,
Колу-буту байланып.
Калдактаган камгактар,
Өйдө-төмөн шайланып.

*(М. Жангазиев)*

**115-көнүгүү.** Тексттен татаал сөздөрдү таап, аларды катыштырып сүйлөм түзгүлө.

**116-көнүгүү.** Төмөнкү сүйлөмдөрдөн татаал сөздөрдү таап астын сызгыла, өзбек тилине которгула.

М. Жангазиев жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган. Ал жаш кезинен балдар үйүндө тарбияланган. Акындын ырлары газета-журналдарга басылган. М. Жангазиевдин чыгармалары

чет тилдерге которулган. Анын чыгармалары эл-жерге, улуу-кичүүнүн мамилесине арналат.

**117-көнүгүү.** Акындын **«Табият»** деген ырын көркөм окуп, түшүнүгүнөрдү сүйлөп бергиле.

1. Табият деген эмне?
2. Бизди курчап турган табият жөнүндө айтып бергиле.
3. Автор арчаны кимге окшотот?
4. Акын эмнени сагынам дейт?
5. Табият адамга кандай таасир берет?

**Табышмакты тапкыла.**

Ага жайып китебиң
Даярдайсың сабагың.
Төрт буту бар болсо да,
Бир шилтебейт кадамын.

Кызыл-кызыл шурулар,
Бутактарда кубулар.
Аны оозуна салбасаң,
Шилекейиң куюлар.

**118-көнүгүү.** Татаал сөздөрдү катыштырып, кышкы табият жөнүндө сүйлөм түзгүлө.

**119-көнүгүү.** Төмөнкү суроолорго жооп бергиле.

1. Муса Жангазиев кандай акын?
2. Ал кандай үй-бүлөдө туулган?
3. Жаш кезинде эмнеге кызыккан?
4. Акындын биринчи жыйнагы качан чыккан?
5. Анын чыгармалары кайсы тилдерге которулган?
6. Акын кандай сыйлыктарды алган?
7. Силер акындын кайсы чыгармаларын билесиңер?

**120-көнүгүү.** Ырды окугула, татаал сөздөрдү тапкыла.

## ТИЛИН БИЛ

«Кош-кош» деп козуну,
Короодон чыгарат.
«Өш-өш» деп өгүздү,
Өзөндөн сугарат.
«Кыш-кыш» деп карганы,
Кырмандан айдашат.

«Чөк-чөк» деп төөлөрдү,
Чуудадан кармашат.
«Чек-чек» деп чебичти,
Желеге байлашат.
«Кет-кет» деп күчүктү,
Короодон айдашат.
Тулпарды «по-полойт»
Туйгунду «пү-пүлөйт».
Мышыкты «мый-мыйлап»
Тоокту «тү-түлөйт».

**121-көнүгүү.** М. Жангазиевдин **«Шамалда»** деген ырын окуп, татаал сөздөрдү көчүрүп жазгыла.

**122-көнүгүү.** Татаал сөздөрдү катыштырып, шамал болуп жаткандагы айлана-чөйрөнү сүрөттөп жазгыла, шамалдын пайдасын жана зыянын көрсөткүлө.

**123-көнүгүү.** Текстти кыргыз тилине которгула. Татаал сөздөрдү тапкыла.

Ақилли болалар ота-оналарини ҳурмат килиб, кучлари етганча улар хизматида бўладилар. Ёмон сўз айтишдан, аччиқланиб қарашдан ўзларини саклайдилар. Ота-оналарингизни иззат-ҳурмат қилишга, уларнинг олқишларини олишга гайрат қилинг. Уларнинг насихатларига ҳар вахт амал қилиш керак. Ота-онасига озор қилган бола бахтли бўлмайди.

## КОШ, КОШМОК ЖАНА КЫСКАРТЫЛГАН СӨЗДӨР

### (Кўш, кўшмок ва кискартилган сўзлар)

**Татаал сөздөр үч топко бөлүнөт:**

**1. Кош сөздөр. Жуп-жубу менен айтылган татаал сөздөр кош сөздөр деп аталат.**

Мисалы: ага-ини, аман-эсен, тез-тез, чай-пай, бала-чака ж.б.

**Кош сөздөр дефис аркылуу жазылат.**

**2. Кошмок сөздөр. Эки же андан ашык уңгудан туруп, бир маанини түшүндүргөн татаал сөздөр кошмок сөздөр деп аталат.**

Мисалы: ата мекен, кара жыгач, темир жол, Ысык-Көл ж.б.

**3. Кыскартылган сөздөр. Айрым бөлүктөрүнөн кыскартылса да, мурдагы эле маанисин берген татаал сөздөр кыскартылган сөздөр деп аталат.**

Мисалы: ГЭС, медпункт, профком ж.б.

**124-көнүгүү.** Төмөнкү татаал сөздөрдү түрү боюнча бөлүп, мамыча түрүндө жазгыла.

АКШ, жер-суу, сөзмө-сөз, ак чөлмөк, комхоз, быт-чыт, кызыл аскер, завхоз, БУУ, оору-сыркоо, ың-жын, кайра-кайра, завуч, КМШ, көк карга, оруу-жыюу, көз таңмай, кашка чымын, ЭВМ, кары-жаш, боз үй.

**125-көнүгүү.** Татаал адам аттарынан мисал жазгыла, сүйлөм түзгүлө.

**Үлгү:** Айжамал, Гүлмира ж.б.

**Тил жатыктыруу.** Жаңылмачтарды бат айтууга көнүккүлө.

Асманда эки айры куйрук,
Бири ак кыска куйруктуу айры куйрук,
Бири кара кыска куйруктуу айры куйрук.
Ак кыска куйруктуу айры куйрук,
Кара кыска куйруктуу айры куйруктун жолун тосот.
Кара кыска куйруктуу айры куйрук,
Ак кыска куйруктуу айры куйруктун жолун тосот.
Беш кашка кой.
Бешөө беш башка кой.

**126-көнүгүү.** Үлгү боюнча «Биздин үй-бүлө» деген темада диалог түзгүлө.

— Айжан, сен кайсы көчөдө жашайсың?
— Жибек жолу көчөсүндө.
— Силердин үй-бүлөңөрдө канча адам бар?
— Биз атам, апам, эжем жана синдим — төртөөбүз турабыз.
— Сенин атаң кайсы жерде иштейт?
— Атам темир жолдо иштейт.
— Ал эми апаңчы?
— Апам бала бакчада тарбиячы.

**127-көнүгүү.** Текстти окуп, татаал сөздөрдү тапкыла, кышкы көрүнүш тууралуу аңгеме жазгыла.

Күз айлары аяктап, кыш келет. Кыштын биринчи күндөрүнөн тартып эле күн суук боло баштайт. Аба ырайы бузулуп, бороон-чапкын болуп кар жаайт. Кыш айларына декабрь (бештин айы), январь (үчтүн айы), февраль (бирдин айы) кирет. Урма-турма жааган кар жер бетинде кабатталып көрүнөт. Суулар тоңуп, жер тайгак болот. Кыр-кырлар кар жамынып, айлана аппак түскө бөлөнөт. Биздин жерде кышында күндүн суугу —25° градуска чейин төмөндөйт.

**128-көнүгүү.** Ангемени окуп, татаал сөздөрдү тапкыла.

## РЕБУС-АҢГЕМЕ

Биз  бек экөөбүз  алып,  кармаганы өзөнгө бардык. Жээктен  казып алып, суунун боюна келдик. 1    салып отурушуптур. Алар 1 да  кармаша элек экен.  бек деген бала бизди алыс баргыла деди.  бек өзөндө балык көп болот бат-бат баралы деп шашты. Өзөнгө бат эле жетип,  сала баштадык.  бек экөөбүз күн батканча 12  кармадык. Келе жатып  бектин жанынан өттүк. Алар араң-араң 3  жана бир  кармашыптыр.

**129-көнүгүү.** Текстти окуп, татаал сөздөрдү дептеринерге көчүргүлө.

## ТУУЛГАН ЖЕР

Ар кимге өзүнүн туулуп-өскөн жери кымбат көрүнөт эмеспи. Мына ошол сыяктуу менин да Кочкората — ата журтум, туулган жерим. Ал айтылуу Бабашата тоосунун түштүк жагынан орун алган.

Кочкората Кыргызстандагы эң ысык жер болгондуктан, анда пахта, тамеки, жашылча, мөмө-жемиштердин бардык түрлөрүн өстүрүүгө болот. Болгондо да, күндүн аптабынын күчтүүлүгүнөн андагы өскөн жемиштер абдан даамдуу келет.

Ал эми жер алдынан мунай майы жана жаратылыш газы чыгат. Мунай жергиликтүү заводдо иштетилип, ошол жердеги жашоочуларды күйүүчү май менен камсыз кылат. Жаратылыш газы түтүктөр менен үй-үйлөргө киргизилген.

Тоолорунда мисте, жаңгак, алма, алча, бадам сыяктуу жапайы мөмө-жемиштер өсөт. Адамдын ден соолугуна пайдалуу минералдык булактар да тоо койнунун байлыгы болуп саналат.

*(К. Акматов)*

**СӨЗДҮК**

**айтылуу** — машхур
**аптабы** — иссиқ
**мунай** — нефть
**түтүктөр** — кувур

**Макалдарды жаттап алгыла.**

Туулган жердин топурагы алтын.

Ар кимдин туулган жери өзүнө мисир.

Ата журтуң — алтын бешигиң.

Туулган жериң – тууруң.

**130-көнүгүү.** Тексттен татаал сөздөрдү таап дептеринерге көчүргүлө, аларды түрлөрү боюнча ажыраткыла.

**131-көнүгүү.** Ырды көркөм окугула, жаттап алгыла.

## КЫРГЫЗ ЖЕРИ

Ала-Тоо ак калпагын кийген кезде,
Аскасы көк асманга тийген кезде.
Мен дагы жолго чыгам таңды тосо,
Кучактап ой-кырларың нурга кошо.

Улуусуң кыргыз жери нурдан бүткөн.
Сулуусуң кыргыз жери ырдан бүткөн.

Ысык-Көл — жердин көзү, кырлар — кашы,
Адырлар — көкүрөгү, токой — чачы.
Дайралар — кан тамыры, чоку — таажы,
Седеби, топчурлары — ар бир ташы.

Кең түздүү, гүл денелүү — кыргыз жери,
Күн жүздүү, берекелүү — кыргыз жери.

*(Т. Байзаков)*

**132-көнүгүү.** Оюн — викторина.

## СЕН ӨЗ ЖЕРИҢДИ БИЛЕСИҢБИ?

Оюндун шарты боюнча класстагы окуучулар эки тарапка бөлүнүп, тема боюнча ар бир топ суроолорду түзүшөт, өз тобунда талкуулашат. Андан кийин оюн башталат. Тараптар кезеги менен бири-бирине суроо беришет. Суроо берип жаткан катышуучу жооп берүүчүнүн атын атоого тийиш. Оюнда кайсы тарап суроолорду көп түзсө, так жана толук жооп берсе, ошол тарап жеңишке ээ болот.

**133-көнүгүү.** «Туулган жер» деген текст боюнча суроо түзгүлө, жообун өзбек тилинде жазгыла. Татаал сөздөрдүн астын сызгыла.

**Табышмактарды тапкыла.**

Желими жок, мыгы жок,
Чебер уста жасаган.
Ал кандай жай төрт мезгил,
Ата-бабаң жашаган?

Үч жигит сайрап барат даңгыр жолдо,
Беш жигит айдап барат онду-солго.

Карабасаң — жекесиң,
Караганда — экөөсүн.

**Макалдарды эсиңерге сактагыла.**

Жер байлыгы — эл байлыгы.

Иштесең көл болот, иштебесең чөл болот.

Эл ичи – өнөр кенчи

Алтын жерден, акыл элден чыгат.

**134-көнүгүү.** Ырды жаттап алгыла.

## АЯЗ АТА

Сакалдары чубалып,
Муруттарын кар баскан.
Балдар көрүп кубанып,
Жолун тосуп ырдашкан.
Аяз ата бабабыз,
Андан белек алабыз.

Күмүш чапан кийинди,
Арча, кайың, тобулгу.
Аяз ата сүйүндү,
Баштап берип оюнду.
Аяз ата бабабыз,
Кардан үйлөр салабыз.

*(М. Жангазиев)*

## ЭКИНЧИ ЧЕЙРЕК БОЮНЧА КАЙТАЛОО

**135-көнүгүү.** Тексттен жанаша келген айрым сөздөрдүн айтылышын жана жазылышын салыштыргыла. Эмне себептен өзгөрүлгөндүгүн айтып бергиле. Текстке тема койгула.

Бүгүн күнгө ишемби. Биринчи сабактан кийин класстык чогулуш болуп, эжекебиз: «Бүгүн Кайрымдуулук күнү, ошон-

дуктан кары-картандардын короо-жайларын тазалап, акыр-чикирден арылтууга жардам беребиз. Силер азыр үйлөрүнөргө барып, жумушка кийе турган кийиминерди кийип, кайра мектепке чогулгула»,— деди.

Класстагы окуучулар үй-үйлөргө бөлүндүк. Балдар көчөдөгү арыктын бойлорун тазалашты. Кыздар алма багынын ичин иретке келтиришти. Асылкүл апа биздин ишибизге ыраазы болгондой күлүндөп, жаныбызда жүрдү. Иш бүткөндөн кийин колдорубузду жууп, Асылкүл апанын алкышын, берген алмасынан бирден алып, үйлөрүбүзгө кайттык.

**136-көнүгүү.** Тексттин биринчи абзацын өзбек тилине которгула, татаал сөздөрдү таап көчүрүп жазгыла.

**Ү л г ү:** кары-картандар ж.б.

**137-көнүгүү.** Силер мектепте кайсы ийримге катышканыңар жөнүндө айтып бергиле.

Ойбек ёшлигидан шахматга қизиқарди. У мактабдаги шахмат-шашки тўгарагига аъзо бўлди. Тўгарак машғулотларига мунтазам катнашмади. Тўгарак рахбарининг топшириқларини ўз вақтида бажармади, шунинг учун у шахмат ўйинини яхши билиб олмади.

**138-көнүгүү. Козу карын, бака жалбырак, билим, кино, жүгөрү,** деген сөздөрдү катыштырып сүйлөм түзгүлө. Жөнөкөй жана татаал сөздөрдүн түзүлүшү жөнүндө айтып бергиле.

## МАТЕРИАЛДАРДЫ КАЙТАЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Жанаша келген сөздөр эмне себептен өзгөрөт?
2. Басым кандай тыбышка коюлат?
3. Кыргыз тилиндеги басымдын орду кандай?
4. Уңгу деп эмнени айтабыз?
5. Мүчөнүн кандай түрлөрү бар?
6. Кандай мүчөлөр сөздүн маанисин өзгөртөт?
7. Жөнөкөй сөз деп эмнени айтабыз?
8. Татаал сөздөр кантип жасалат?
9. Кош сөздөр деген эмне?
10. Кошмок сөздөр кандай жазылат?
11. Кыскартылган сөздөр деп эмнени айтабыз?

## *ТЕКСТТЕР БОЮНЧА СУРООЛОР*

1. Айсулуу Токомбаева жаш кезинде кандай болгон?
2. Ал эмнеге кызыккан?
3. Төө кандай жаныбар?
4. Анын адамдарга кандай пайдасы бар?
5. Жөргөм эмнеден жасалат?
6. Жөргөмдүн кандай түрлөрү бар?
7. Аны кантип жеш керек?
8. Конокко кайсы жерден орун берилет?
9. Аны кантип сыйлашат?
10. Конокко койдун этинин кайсы мүчөлөрү тартылат?
11. Муса Жангазиев ким болгон?
12. Анын кандай ырларын билесиңер?

# ҮЧҮНЧҮ ЧЕЙРЕК

## ЭКИНЧИ ЧЕЙРЕКТЕ ӨТҮЛГӨН МАТЕРИАЛДАРДЫ КАЙТАЛОО

**139-көнүгүү.** Төмөнкү суроолорго жооп бергиле.

1. Кышкы каникулду кайда өткөрдүңөр?
2. Каникул күндөрүндө кандай китептерди окудуңар?
3. Ата-энеңерге жардам бердиңерби?
4. Кыш жөнүндө кандай ырларды билесиңер?

**140-көнүгүү.** Сөздөрдү окуп, унгу жана мүчөгө ажыраткыла. Мүчөлөрдүн түрлөрүн эске салгыла.

Окуучу, мугалимдер, тоолор, үйдө, шааргa, аларды, баланыкы, күндөргө, аткаргыла, гүлдөрдү, болгон, күзөтчү.

**141-көнүгүү.** Көп чекиттин ордуна мүчө улагыла, унгунун астын сызгыла (мүчөлөр **-чы, -га, -ны, -луу, -кер, -те**).

Тарбия..., жомок... , котормо..., маани..., сүрөт..., китеп..., иш..., күн..., жолдош..., окуучулар....

**142-көнүгүү.** **-нын, -чы, -да, -дан, -лар, -лык, -дай, -луу** мүчөлөрү аркылуу сөздөрдү жасагыла.

**Ү л г ү:** саат, сааттын, саатты.

**143-көнүгүү.** Жөнөкөй жана татаал сөздөрдү катыштырып сүйлөм түзгүлө, өзбек тилине которгула.

**144-көнүгүү.** Төмөнкү мүчөлөр аркылуу сөздөрдүн «Саат» таблицасын түзгүлө.

СААТ — -нын, -ны, -да, -дан

СААТ — -лар, -лык, -дай, -дуу

**145-көнүгүү.** Төмөнкү сүйлөмдөрдөгү татаал сөздөрдү таап, жазылышын байкагыла.

Боз үйдүн ичи таптаза, орду менен жыйналган. Шаарда бийик-бийик үйлөр курулду. Башталгыч класстардын окуучулары эрте келишти. Ак чардак – куштун коозу. Дем алышта мыкты окуучулардын жыйыны болду. Аяз атанын белеги абдан көп экен.

**Макалдардын маанисин чечмелегиле.**

Ойлонбой баштаба,
Баштасаң таштаба.

Мен деген чөл,
Биз деген көл.

**Тил жатыктыруу.** Жаңылмачты бат айтууга көнүккүлө.

Адырдагы алты кой
Алтоосу тең ала кой
Атам баккан алты кой
Алтоосу тең арык кой.

**146-көнүгүү.** Төмөнкү суроолорго жооп бергиле, алардын бирин тандап, чакан көлөмдөгү текст жазгыла, тема койгула.

1. Кайсы адабий китепти окуп жатасың?
2. Мектептеги кайсы ийримдерге катышасың?
3. Канчанчы автобус менен (кайсыл көчө менен) үйүңө жетесиң?
4. Жаратылыш сабагы эмнени үйрөтөт?
5. Мектебиңер кандай жерден орун алган?
6. Өз жериң жөнүндө эмнелерди билесиң?

**Ү л г ү:** Мен «Кыргыз эл жомокторун» окуп жатам.

## ОМОНИМДЕР

### (Омонимлар)

**Тыбыштык түзүлүшү, айтылышы жагынан окшош, бирок мааниси ар башка болгон сөздөр омонимдер деп аталат.**

**Төмөнкү таблицаны карагыла.**

| Сөздөр | Грамматикалык маанилери | Колдонулушу |
|---|---|---|
| Кырк | Санды билдирет | Мелдешке кырк өлкө катышты. |
| Кырк | Кыймылды билдирет | Атам жипти кыркты. |
| Сыз | Затты билдирет | Үйдүн астынан сыз өттү. |
| Сыз | Кыймылды билдирет | Сөздүн астын сызып кой. |

**147-көнүгүү.** Төмөнкү омонимдерди сөз түркүмдөрү боюнча ажыратқыла.

Чоң шашке, **күн** тоо чокуларынын үстүнө келиптир. 1961-жылдын 12-апрель **күнү** космоско биринчи жол ачылган. Ачтын **тогу** бар, **арыктын** семизи бар (макал). Сары **май** ден-соолукка кубат берет. **Май** айында Алатоо жергеси көркүнө чыгат. Алыстан келген **конок** элге бат эле аралашып кетти. Буудай, таруу, **конок** – пайдалуу өсүмдүктөр.

**148-көнүгүү.** Белгиленген сөздөрдүн омонимдик маанисин тапкыла.

**Катка** түшкөн сөз өчпөйт.
**Ой** — сөздүн булагы.
Канча **тил** билсең, ошончо дил билесиң.
**Бой** көтөргөн суук көрүнөт.
Орой сүйлөгөн жек көрүнөт. (*Макал*)

**149-көнүгүү.** Текстти окуп, өзбек тилине которгула. Омонимдерди таап, маанисин түшүндүргүлө.

## КЫШЫНДА

Караңгылык тарады, жер бетине жарык түштү. Күн чыкты. Асманды булут каптап, күндүн көзү көрүнбөйт. Аскар да, Петя да убакыттын өткөнүн байкабады. Алар кыштоо тарапка баратышкан. Окжетпес карды жиреп алдыга түрттү.

Арттан болгон бороон балдарды ого бетер бастырбай кыйнады. Суукту билишпей, өздөрүн учуп келаткандай сезишти. Лыжачылар дагы бир тоону айланышканда, алдыдан кыштоо көрүндү. Ошол замат бороон тып басылып жылуулук өкүм сүрдү. (*Т. С.*)

**С Ө З Д Ү К** **караңгылык** — коронғилик
**күндүн көзү** — куяшнинг кўзи

**150-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдүн омонимдик маанилерин таап, мааниси боюнча айырмачылыктарын айтып бергиле. Аларды катыштырып сүйлөм түзгүлө,

Жаздык, түш, ат, сыр, жүз, кал, кары.

**Ү л г ү:** Чынар жаздыкка башын койду. Маралбек жаздык буудайды сугарды.

**Табышмактарды тапкыла.**

Тору тайды жетелеп,
Тоого чыгат энтелеп.
Тоодон ыргып мен минем,
Типтик ылдый желдирем.

Кулагы бар башы жок,
Курсагы бар чачы жок.

## БАШКА ТИЛДЕРДЕН КИРГЕН СӨЗДӨР

### (Бошка тиллардан кирган сўзлар)

**Кыргыз тилинде башка тилдерден кабыл алынып, колдонулган сөздөр көп. Мындай сырттан кабыл алынган сөздөр кыргыз тилинин лексикалык составын байытат.**

М и с а л ы: **чайкана — (иран), тарбия — (арап), район (орус), телефон — (ор.грек), радио – (ор. лат.) ж.б.**

**151-көнүгүү.** Тексттеги башка тилден келген сөздөрдү таап, аларды өзбек тилине которгула. Сөздүктөрдөн пайдалангыла.

## БИЗДИН ШААР

Бишкек – кооз шаарлардын бири. Анда чоң аянттар, көчөлөр, кино-театрлар, музейлер, мектептер, окуу жайлары, стадиондор, парктар бар. Борбордо эстеликтер, китепканалар жана көп кабаттуу үйлөр көп. Шаарда заводдор, фабрикалар жана ар түрдүү ишканалар иштейт.

Мектептер компьютерлер менен жабдылган. Ал окуучулардын билимдеринин өсүшүнө шарт түзөт. Шаардагы № 5 кыргыз орто мектеби компьютер менен иштөө боюнча чоң тажрыйбага ээ болду. Бул мектепке окумуштуулар тез-тез келип турушат.

*(«Барчын» журналы)*

**152-көнүгүү.** Текстти окуп, суроо даярдагыла.

## ЖАРАМАЗАН

Жарамазан (фарсча ярмазан — эй, рамазан) орозо айынын экинчи жарымында түнкүсүн үймө-үй кыдырып ырдалуучу диний жана каада-салт ырлары. Жарамазанды илгери көбүнчө балдар, чоңдор жана колунда жок кедейлер айтышкан.

Жарамазанчылар 2—3төн бөлүнүп алып, айылма-айыл кыдырып, бирдеме таап алуу максатында үй ээсинин кадыр-баркын, ата-тегин, үй-жайын, мал-жанын мактап ырдашкан. Үй ээсине ден соолук, байлык-бакыт, орозосунун кабыл болушуна тилектештигин билдирген. Жарамазанды жамакчы, төкмө акындар да айтышып, чоң олжого ээ болушкан.

**153-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдүн маанисин чечмелегиле, аларды катыштырып сүйлөм түзгүлө.

**Ү л г ү:** Карасуу районунда пахта өстүрүлөт.

Пахта, перзент, тарбия, пикир, лыжа, нан, концерт, кино, километр, бухгалтер, айбан, шым, устакана, салам, сабиз, машина, ремонт, пияз, күкүрт ж.б.

**154-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү катыштырып сүйлөм түзгүлө.

Кресло, костюм, галстук, шым, тапочка, свитер, китеп, стул, лампа, стол, картина.

**155-көнүгүү.** Төмөнкү диалогду кыргыз тилине которгула.

— Мана бу суратга кора. Оиламиздагиларнинг хаммаси шу ерда.
— Кани... Мана бу отанг булса керак. Жуда ўхшар экансизлар. Тўгрими?
— Тугри. Топчи, буниси ким?
— Билолмадим. Опанг булса керак?
— Нима дияпсиз ўзи! Ойим ку бу.
— Шунака њшмилар?
— Ха, улар хам њш булганлар да.

## ИШ КАГАЗЫ

### КУТТУКТОО

**Жакын адамдардын жагымдуу учурларын, ийгилигин кубаттоо үчүн айтылган сөздөр куттуктоо деп аталат.**

**Ү л г ү:** ***Урматтуу Алмаз, жаңы жылың менен куттуктаймын. Сага бакыт, чың ден соолук каалаймын.***

**Досуң Асан**

## ЖАЛПЫ ЖАНА ЭНЧИЛҮҮ ЗАТ АТООЧТОР

### (Турдаш ва атакли отлар)

**Бир өңчөй заттардын аталышы жалпы зат атоочтор деп аталат.**

М и с а л ы: **адам, китеп, тоо, жер, оюн, кыз, бала, ж.б.**

**Бир заттын керт башына энчиленип коюлган ат энчилүү зат атооч деп аталат. Энчилүү аттар баш тамга менен жазылат.**

М и с а л ы: **Манас, Ош, «Байчечекей», «Тоо балдары».**

➤ ***Зат атооч сөздөр ким?, эмне? деген суроолорго жооп берет.***

**Энчилүү аттардын бөлүнүшү**

**1. Адам аттары:** Садык, Айбек, Акматов Азамат, Айжан, Рыскул уулу Сүймөнкул.
**2. Жер суу аттары:** Бишкек, Жалалабат, Ызар, Чоктал, Чаткал, Токтогул району.
**3. Чыгармалардын аттары:** «Биринчи мугалим», «Атадан калган туяк», «Мезгил учат».
**4. Газета-журналдардын аттары:** «Эркин Тоо», «Кырчын», «Эл агартуу», «Аялзат».
**5. Окуялардын аттары:** Улуу Ата мекендик согуш, Ысыккөл форуму.

**Бул ким?** — киши, кыз, окуучу, абышка, кемпир, мугалим, тарбиячы, врач, дыйкан, атасы, энеси, агасы, синдиси, Асан, Гүлнара, Талант, Жакыпова.

**Бул эмне?** — китеп, дептер, калемсап, газета, алма, өрүк, жаңгак, сабиз, жүзүм, ат, жорго, кой, тоок, ит, чымчык, жер, жылдыз, күн, ой, балалык, Тайтору, Балтек, Кумайык, Зеңгибаба.

(156)

**156-көнүгүү.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, энчилүү жана жалпы аттардын жазылышын байкагыла.

Кыргыз элинин таланттуу сүрөтчүсү Гапар Айтиев 1912-жылы туулган. Ал Ош шаарынын Курманжан датка көчөсүндө жашайт. Ал Ч. Түлөбердиев атындагы орто мектепте окуйт. Нарын дарыясы — Кыргызстандагы чоң дарыялардын бири. Мен Ч. Айтматовдун «Эрте келген турналар» повестин окудум. Т. Океевдин «Улан» деген фильми «Чолпон» кинотеатрында жүрүп жатат.

**157-көнүгүү.** Жогорудагы үлгү боюнча жакын адамдарыңардын, досторуңардын туулган күнү, майрамы жана жараткан ийгиликтерин куттуктоо үчүн текст даярдагыла.

**158-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, энчилүү аттардын жазылышын өзбек тилиндеги менен салыштыргыла.

Алатоо жергесинде кооз жерлер, тарыхый эстеликтер көп. М.Жангазиевдин, Ш.Бейшеналиевдин, К.Эсенкожоевдин, М.Элебаевдин, Ч.Айтматовдун балдарга арналган чыгармалары көп. Агам Карасуу районундагы Отузадыр айлында жашайт. Шаарда Ж.Бөкөмбаев, Б.Алыкулов Т.Сатылганов атындагы мектептер бар.

**159-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү катыштырып текст түзгүлө.

Алар, Атамекен, шаарлар, баатыр, чыныгы эрдик, мектеп, Карасуу, Токмок, Акбуура, Чоңташ, жол, чоң концерт, күндөлүк, мектептин короосу.

**160-көнүгүү.** Төмөнкү **ким?** деген суроого жооп берген энчилүү зат атооч сөздөрдү катыштырып сүйлөм түзүлө.

**КИМ**
— ырдады?
— бийлеп жатты?
— мектепте окутту?
— чогулушта сүйлөдү?
— Сабырды дарылады?
— тапшырманы аткарды?

**161-көнүгүү.** Төмөнкү суроолорго жазуу түрүндө жооп бергиле.

**Ү л г ү:** Кой, козу маарайт.

| | |
|---|---|
| Эмне үрөт? | Эмне маарайт? |
| Эмне улуйт? | Эмне мөөрөйт? |
| Эмне шакылыктайт? | Эмне боздойт? |
| Эмне кишенейт? | Эмне ышкырат? |

**162-көнүгүү.** Көп чекиттин ордуна керектүү энчилүү аттарды жазгыла.

Бишкекте ... көчөсү бар. Биздин айылда ... балдар бакчасы иштейт. Асандын күчүгүнүн аты ... . Көчөдөн ... машинасы өтүп кетти. Кыргыз элинин акыны М. Жангазиевдин ... деген ырын жаттадым. Мультфильмдин ... сыяктуу каармандары мага жагат.

**163-көнүгүү.** Текстти окугула, экинчи абзацын өзбек тилине которгула. Суроо даярдап, аларга жооп бергиле.

## БАЛДАР ЖАЗУУЧУСУ



Атактуу балдар жазуучусу, дүйнөлүк Андерсен сыйлыгынын ээси Ш. Бейшеналиев 1928-жылы Нарын районундагы Куртка айылында туулган.

Ш. Бейшеналиев балдарга арнап көп чыгарма жараткан. Ал балдардын ой максаттары, мүнөзү, акыл-эси, аткарган жумуштары жөнүндө жазган.

Жазуучунун көп китептери болгар, монгол, англис, орус, араб, испан, француз, немец тилдерине которулган. Ш.Бейшеналиевдин «Чыныгы достук» «Карлыгач», «Таалай жолу» ж.б чыгармалары бар. Өзгөчө «Кычан» повести жазуучуга чоң атак-даңк алып келди.

**Табышмактарды тапкыла.**

Сулуу, кооз кийинген,
Сууга түшөт кийимчен,
Денесине суу жукпайт
Суу түбүндө тумчукпайт.

Чапаны да, тону да
Жайы-кышы жонунда,
Атам жүрөт кайтарып,
Таягы бар колунда

Таган үчүн өз эне.
Атаң үчүн кайнене,
Эне болот апаңа.
Негизинен ал сага.
Эстеп айтчы кайсы эне?

**164-көнүгүү.** Текстти кыргыз тилине которуп жазгыла.

Кун совук. Куёш дам кўриниб, кўнгилларни ёритиб юборади, дам бекинади да, тумшайиб олади. Дарахтлардан тўқилиб улгурмаган япраклар энди сумалаклана бошлаган кўча лойига горибона

ясланади. Кун совук, лекин бозор кайнайди. Бу ерга туташган кўчаларнинг хаммасидан одам дарёдай окади.

*(Ойбек)*

## ЗАТ АТООЧ СӨЗДӨРДҮН ЖАСАЛЫШЫ

### (Отларнинг ясалиши)

**Зат атооч сөздөр морфологиялык жана синтаксистик жол менен жасалып, жаңы маанини пайда кылышат.**

**Сөз жасоочу мүчөлөрдүн уланышы менен зат атооч сөздөрдүн жасалышын морфологиялык жол деп айтабыз.**

Мисалы: тарбия + чы = тарбиячы,
досс + лык =достук,
жумуш + чы = жумушчу,
кызмат + кер = кызматкер,
чеч + ым =чечим,
сай + ма =сайма.

**165-көнүгүү.** Сүйлөмдү көчүрүп жазып, сөз жасоочу мүчөлөрдү ажыраткыла.

Улуу адамдар элдин достугун жана билимдүүлүгүн баалап келишкен. Концертте ырчылардын өнөрлөрүнө эл ыраазы болду. Окуучулардын жыйынында директор сүйлөдү. Айыл жеринде дыйканчылык өсүп-өндү. Тракторчу, комбайнчылар эгин чабууга карата даярдык көрүшүүдө.

**166-көнүгүү.** Белгиленген сөздөргө уланган мүчөлөрдүн жардамы менен алардын маанилеринин өзгөргөнүн байкагыла.

Кыргызстан — **тоолуу**, кооз өлкө. Окуу китептери «Мектеп» **басмасынан** чыгарылат. Достук, **биримдик** жана ынтымактуулук жөнүндө **жазылган** китептер көп. Билим алуу — ийне менен кудук **казгандай. Сөздүктөр** — китептин китеби. **Китепканадагы** кызыктуу жомокторду дайыма окуйбуз. «Бактылуу балалык» деген темада кече өткөрдүк . **Билимсизге**– дүйнө караңгы. Анын максаты — **учкуч** болуу.

**167-көнүгүү.** Төмөнкү мүчөлөрдү улап сүйлөм түзгүлө. Өзбек тилине салыштырып, маанилерин байкагыла.

**-ма, -ым, -чы, -ыш, -лык, -кана.**

**168-көнүгүү.** Бул зат атооч сөздөрдү катыштырып сүйлөм түзүп, аны өзбек тилине которгула.

Күндөлүк, жакшылык, тапшырма, калпычы,эрдик, мактанчаак.

**Төмөнкү схемага көңүл бургула.**

Бай (кандай) → **ЛЫК** ← байлык (эмне)
Жаш (кандай) → **ЛЫК** ← жаштык (эмне)
Таза (кандай) → **ЛЫК** ← тазалык (эмне)

**169-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөргө мүчө улап зат атоочторду жасагыла, аларды катыштырып сүйлөм түзгүлө.

Жакшы, илим, токой, талаа, тапшыр, пахта,бала, бас, котор, ой, жаш, адабият, жооп.

**170-көнүгүү.** Табышмак — ыр.

Мөлтүрөп бышат шактарда, (а..а)
Каалгып жылат асманда. (б...т)
Салынып буга гүл турат, (в..а)
Короодо өсөт буркурап. (г.л)

Космоско карай атылат, (р....а)
Чыкылдап алга шашылат. (с..т)
Ун кылат буудай, арпаны, (т......н)
Узанып чабат балканы. (у..а)

## ЖАРДАМЧЫ АТООЧТОР

### (Кўмакчи от)

**Айрым сөздөр зат атоочту жандап, анын маанисин тактап, толуктап турат. Мындай сөздөр жардамчы атоочтор деп аталат.**

М и с а л ы: **асты, арты, айланасы, ичи, башы, бети, бою, жаны, тышы, сырты, түбү, төбөсү, айлана-тегереги, үстү, аралыгы.**

- ***Ал таандык формада айтылат.***
- ***Өзбек тилинде да дал ушундай колдонулат.***

**171-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, жардамчы атоочтордун астын сызгыла. Маанилерин өзбек тилиндегиге салыштыргыла.

Мектептин алды жагында аянтча бар. Дубалдын артына өтүп, үйдүн үстү жагын карады. Кутучанын ичине топчу салынып, асты жагына ийне, жиптер коюлган. Муздун бети жылма болуп калыптыр. Терезенин сыртын бекитип, асты жагына ачкыч койду. Бөлмөнүн төбөсү жапыс болчу.

**172-көнүгүү.** Кашаага алынган сөздөрдү башка сөздөр менен алмаштырып жазгыла.

Айзада —
- мектептин (алдында) турду
- досканын (жанында) сүйлөдү
- үйдүн (тегерегинде) ойноду

**173-көнүгүү.** Жардамчы атоочторду катыштырып, төмөнкү суроолорго жооп бергиле.

1. Китеп, дептер каерде турат?
2. Мектептин алдында эмнелер өсөт?
3. Үйдүн төбөсү эмне менен жабылат?
4. Столдун үстүндө эмнелер жатат?
5. Мектептин жанында эмнелер бар?
6. Терезенин түбүндө эмне жатат?
7. Шкаф досканын каеринде турат?

**174-көнүгүү. Астында, артында, тушунда, ичинде, түбүндө, үстүндө** деген сөздөрдү катыштырып сүйлөм түзгүлө.

# СӨЗ ӨСТҮРҮҮ

## ЭЛ БИЛГИ ЭНЕЛЕР

Эл тагдырын, журт камын көздөгөн, өз Ата-журтунун бүгүнкүсү менен эртеңкисин ойлоп, өз өлкөсүнүн келечегине эр-азаматтардан кем күйбөгөн эл кыздары кыргызда көп болгон. Мындай кыздарын кыргыздар «эл билги эне» дешкен. Алардын берген акылын, айткандарын аткарышкан. Элдик эпостордогу Каныкей, Кыз Сайкал, Айчүрөк, Кишимжан, Канышай — мына ушундай эл билги энелерден болушкан.

Бүгүнкү күндө да кыргыз элинде Каныкей, Сайкал, Жаңыл, Айчүрөк, Кишимжан, Канышай аттуу кыздар өсүп келатышат. Бул бир жагынан, элибиздин атактуу кыздарына көрсөткөн урматы, экинчи жагынан менин кызым ошондой эл кызы болсо экен деген үмүтү.

*(«Асылзат»)*

| | | |
|---|---|---|
| **СӨЗДҮК** | **эл тагдыры** | — халк тагдири |
| | **кем күйбөгөн** | — кам эмас куймаган |
| | **эл билги эне** | — халкка машхур она |
| | **атактуу** | — атакли |

**175-көнүгүү.** Төмөнкү атактуу кыз-келиндердин ким экендигин таптап жазгыла.

Курманжан датка —
Кайназарова Зууракан —
Сагымбаева Телегей —
Атабекова Өлмөскан —
Бейшеналиева Бүбүсара —
Кийизбаева Сайра —
Салиева Уркуя —

**176-көнүгүү.** Өзбек элиндеги эл билги энелердин аттарын атагыла.

**177-көнүгүү.** Текстти окуп, өз энеңерге байланыштырып улантып жазгыла.

## ЭНЕНИН ТИЛЕГИ

Эненин сүйүүсүндөй сүйүү, мээриминдей мээрим дүйнөдө болбосо керек. Андан ардактуу эч нерсе жок. Эне дайыма баласынын адамгерчиликтүү, бактылуу болуусун каалайт...

**178-көнүгүү.** Ырды жаттап алгыла.

Талбай окуп, билим алам күнү-түн.
Көрсө экен деп эмгегимдин үзүрүн.
Тилегиме эгер мени жеткизсе,
Актасам дейм, апакемдин ак сүтүн.

**Табышмактарды тапкыла.**

Канаттуу куш болсо да,
Түк жолобойт бактарга.
Бардыгына жар салып,
Сайрайт жалаң асманда.

Сүйлөөнү билбейт,
Ажылдап үрбөйт.
Бирок бир да жанды,
Үйгө киргизбейт.

**179-көнүгүү.** Текстти окуп, өзбек тилине которгула.

## УКТАГАНДЫ БИЛЕСИҢЕРБИ?

Жакшы, кызыктуу түш көргүң келсе, ар дайым бир убакта уктоого аркет кыл. Түнкү саат 10до жатып калууга үлгүр. Анткени түн жарымына чейинки уйку — бал уйку. Түн жарымына чейинки бир сааттык уйку түндүн экинчи жарымындагы эки сааттык уйкуга тең. Уктаганда түндүк же чыгыш жакты баштанып жатуу керек. Мындай учурда жердин магниттик күч багыттары адамды мемиретет, уйку жайлуу болот.

*«ЭТ»*

**180-көнүгүү.** Ырды көркөм окугула, жаттагыла.

Алтын менен күмүштүн,
Ширөөсүнөн бүткөндөй.
Асман менен жериндин,
Тирөөсүнөн бүткөндөй.
Айың менен күнүңдүн,
Бир өзүнөн бүткөндөй.

Ай алдында дайранын,
Толкунан бүткөндөй.
Абадагы булуттун,
Салкынынан бүткөндөй.
Асмандагы ай, күндүн,
Жаркынынан бүткөндөй .

*(«Манас» эпосунан)*

**181-көнүгүү.** Текстти окуп, түшүнүгүнөрдү айтып бергиле, суроо даярдагыла.

## ЖЫГАЧ ООЗ КОМУЗ

Жыгач ооз комуз — кыргыздын улуттук музыкалык аспабы. Көбүнчө сары жыгач, жылгын, шилби, ыргай жыгачтарынан жасалат. Добушу жапыз болуп, обондуу, күүлөр кагылат. Үнү укулуктуу, жагымдуу угулат.

Жыгач тактай сызгычтай жука тилинип, ортосунан өзүнөн тил чыгарылат. Тилдин түп жагынан жип өткөрүлөт. Жасалган жыгач ооз комуз жылмаланып, кооздолуп, кармаганга жана какканга ыңгайлаштырылат. Бул элдик музыкалык аспап кол менен кагылат да, үйлөп күүгө салынат.

Жыгач ооз комузду элге тааныткан искусство чеберлери Шакен Жоробекова болуп саналат. Ал «Керме Тоо», «Тагылдыр Тоо», «Саринжи Бөкөй», «Селкинчек» сыяктуу элдик күүлөрдү жыгач ооз комузда уккулуктуу аткарат.

**Табышмактарды тапкыла.**

Чачы жок, толгон бырыш баш,
Куйкасын жанса балка, таш.
Акылсыз толо мээ чыгат,
Анысы күнгө бышкан аш.

Сулуу, кооз кийинген,
Сууга түшөт кийимчен.
Денесине суу жукпайт,
Суу түбүндө тумчукпайт.

**182-көнүгүү.** Текстти окуп, экинчи абзацын өзбек тилине которгула, суроо түзгүлө.

## ТОГОЛОК МОЛДО

Тоголок Молдо (Абдракманов Байымбет) — кыргыз элинин эң көрүнүктүү акындарынын бири. Т. Молдо Нарында дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Ал бала кезинде айылдык молдодон араб жазмасын үйрөнүп, китеп окуй алган. Ошол себептүү аны «молдо» деп аташкан.



Т.Молдо элдик оозеки чыгармаларга абдан кызыккан. Анын акындык өнөрү жамактатып ырдагандан башталат. Абасы Музооке ырга, комуз чертkenге шыктуу киши болгондуктан, болочок акынга анын чоң таасири тийген. Музооке ага жомокторду, дастан-

дарды үйрөткөн. Т. Молдонун «Телебай тентек», «Кемчонтой» сыяктуу чыгармалары балдарга арналган. Акындын балдарды адептүү жана акылдуу, адилет болууга үндөгөн санат ырлары көп.

| | | |
|---|---|---|
| **СӨЗДҮК** | **көрүнүктүү** | — машхўр |
| | **араб жазмасы** | — ароб ёзув |
| | **жамактатып ырдаган** | — тайёргарликсиз шеър |
| | **адилет** | — одолат |

## ҮЧҮНЧҮ ЧЕЙРЕК БОЮНЧА КАЙТАЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Омонимдер деп эмнени айтабыз?
2. Омонимдер башка сөздөрдөн эмнеси менен айырмаланат?
3. Сырттан келген кандай сөздөрдү билесиңер?
4. Кебиңерде кайсы тилден кирген сөздөрдү көп колдоносуңар?
5. Жалпы зат атоочтор деп эмнени айтабыз?
6. Энчилүү зат атоочторго мисал келтиргиле?
7. Зат атооч сөздөр кандай жолдор менен жасалат?
8. Сөз жасоочу мүчөлөрдүн колдонулушуна мисал келтиргиле?
9. Жардамчы атоочтор деп эмнени айтабыз?
10. Куттуктоо кайсы учурда айтылыт?

### *ТЕКСТТЕР БОЮНЧА СУРООЛОР*

1. Аскар менен Петя кайда бара жатышкан?
2. Балдар суукту эмне үчүн сезишпеди?
3. Шаар кыштактан эмнеси менен айырмаланат?
4. Бишкек кандай шаар?
5. Ш. Бейшеналиев кайсы жерде туулган?
6. Жазуучунун кайсы чыгармаларын билесиңер?
7. Кыргыз элинин кайсы атактуу кыздарын билесиңер?
8. Эмне себептен элдер «Эл билги энелердин» аттарын кыздарына коюшат?
9. Кайсы жакты баштанып уктоо керек?
10. Жыгач ооз комузду элге тааныткан ким?
11. Т. Молдонун кандай чыгармалары бар?

# ТӨРТҮНЧҮ ЧЕЙРЕК

## ҮЧҮНЧҮ ЧЕЙРЕКТЕ ӨТҮЛГӨНДӨРДҮ КАЙТАЛОО

**183-көнүгүү.** Төмөнкү суроолорго жооп берүү менен текст түзгүлө.

1. Каникул учурунда кандай жумуштарды аткардыңар?
2. Кандай адабий китеп окудуңар?
3. Кандай кинолорду көрдүңөр?
4. Кайсы музейлерде болдуңар?

**184-көнүгүү.** Текстти окуп чыгып ал боюнча ангемелешүү жүргүзгүлө.

### ГАПАР АЙТИЕВ



Кыргыздын белгилүү сүрөтчүсү Гапар Айтиев бала кезинен сүрөт тартууга шыктуу болгон. Ал сүрөтчү болсом деген тилегине жетүү үчүн Москвадагы сүрөтчүлүк окуу жайына кирип окуган.

Адегенде портрет тартууга кызыккан. Анын «Атанын портрети», «Түштүк кызы» деген алгачкы чыгармалары ошондо эле көпчүлүктүн көңүлүн бурган.

Г.Айтиев туулуп-өскөн жеринин сулуулугун, коздугун, эмгекчи элдин каармандыгын даңазалап тартуу менен жигердүү эмгектенген. Алсак, «Чабандар», «Көлдөгү кайык», «Пахта терүү», «Тоодогу кеч» ж.б. чыгармалары абдан мыкты тартылган.

Г. Айтиев – кыргыздын алгачкы сүрөтчүсү, ал Социалисттик Эмгектин Баатыры, СССРдин Эл сүрөтчүсү деген ардактуу наам алган. Анын ысмы Бишкек шаарындагы республикалык сүрөт музейине, Ош шаарындагы сүрөтчүлөр мектебине коюлган. Ал жерден таланттуу балдар билим алышат.


*(КСЭ)*

| СӨЗДҮК | | |
|---|---|---|
| | **сүрөтчү** | — рассом |
| | **шыктуу болгон** | — иштиёкли булган |
| | **алгачкы чыгармалары** | — дастлабки асарлари |
| | **жигердүү эмгектенген** | — фидокорли мехнат килган |

**185-көнүгүү.** Текст боюнча суроолорго жооп бергиле.

1. Г. Айтиев ким болгон?
2. Г. Айтиевдин кайсы чыгармаларын билесиңер?
3. Алгач кандай сүрөттөрдү тарткан?
4. Сүрөтчүнүн балачагы жөнүндө эмне билесиңер?
5. Г. Айтиев кандай сыйлыктарды алган?
6. Сүрөтчүнүн аты эмнелерге коюлган?
7. Силер сүрөтчү болууну каалайсыңарбы?

**186-көнүгүү.** Сүрөт менен иштөө. Г. Айтиевдин «Көгүлтүр Ысыккөл» деген төмөнкү сүрөтү боюнча чакан аңгеме жазуу.



**187-көнүгүү.** Төмөндөгү текстти кыргыз тилине которгула.

— Сенга кайси предметлар кўпрок ёкади?

— Тарих ва адобиьтни яхши кўраман.

— Сизларда тўгараклар борми?

— «Адабиётчи» ва «Ёш тарихчи» тўгараклари бор. Мен уларнинг хар иккаласига катнашаман, чунки адаиьт ва тарих бири-бири билон маҳкам боғланган.

**188-көнүгүү.** Төмөнкү тексттин тибин аныктагыла, жалпы жана энчилүү зат атоочторду тапкыла.

## ЖАЗ КЕЛДИ

Кыштын суугу кетип, күн жылып, жер бети көгөрө баштады. Күн эрте чыгып, кеч батып, келгин куштар да учуп келишти. Бак-дарактар бүчүр алып, айлана кооз болуп өзгөрүп калды.

Жаз келери менен айыл чарба жумуштары да башталып, эгиндер себиле баштады. Талаа жумуштары күчөдү. Арыктарды тазалоо, жер тегиздөө жумуштары кызыды. Жазында жан-жаныбарлар да чээндеринен ойгонуп, жашоо шартын өзгөртөт. Мектеп окуучулары экскурсияга чыгып, байчечекей терип эс алышат, түрдүү оюндарды ойношот.

Жаз айлары — жалган куран (март), чын куран (апрель) жана бугу (май). Кыргыз жергесине жаздын келиши ар түрдүүчө. Ош, Жалалабат, Баткен жана Чүй областтарына эртерээк келип, аны мурдараак тосушат. Ал эми Нарын, Алай, Чаткал, Чоңалай сыяктуу тоолуу жерлерге жаз кечирээк келет.

**189-көнүгүү.** Төмөнкү текстти окуп, биринчи абзацын өзбек тилине которгула.

## ПАЙДАЛУУ ЖЕМИШ

Жаңгактын өтө кубаттуу жемиш катары да, дарылыгы бар өсүмдүк катары да пайдаланышат. Данектин 45-70% май, 8-21% ти белоктон турат. 1 кг жангак 800-850 каллорияга ээ болуп, күчтүү азык катары саналат. Жаңгак А, Б витаминдерине бай келет.

Кыргызстанда жаңгак токойлору Арстанбап, Каралма, Көгарт, Аксы, Өзгөн аймактарында бар. Жаңгак токойлорунун көптүгү боюнча Кыргызстан дүйнөдө негизги орунду ээлейт.

*(КСЭ)*

**190-көнүгүү.** Ырды көркөм окуп, түшүнгөнүңөрдү айтып бергиле, «Жеңиш күнү» деген темада текст түзгүлө.

### ЖЕҢИШ КҮНҮ

Бүгүн майрам жеңиш күн,
Чоң атам абдан көңүлдүү.
Чечип илсем пальтосун,
Көп медалы көрүндү.
Майрамда эмес турмушта,
Аталар болсун көңүлдүү.

## ЗАТ АТООЧ СӨЗДӨРДҮН ЖӨНДӨЛҮШҮ

### (Отнинг келишикта турланиши)

**Кыргыз тилинде алты жөндөмө бар. Алар сүйлөмдөгү сөздөрдү бири-бири менен байланыштырып, маанисин так-тап турат. Ар бир жөндөмө өз алдынча суроого жооп берип, грамматикалык мааниге ээ.**

- ***Кыргыз тилиндеги зат атоочтор өзбек тилиндегидей эле жөндөлөт.***
- ***Барыш жана табыш жөндөмөлөрү орун алмашып колдонулат.***

**Төмөнкү таблицаны карагыла.**

| Жөндө-мөлөр | Суроолор | Өзбек тилинде аталышы | Суроолор |
|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 |
| Атооч | Ким? Эмне? | Бош | Ким? Нима? |
| Илик -нын | Кимдин? Эмненин? | Караткич -нинг | Кимнинг? Ниманинг? |
| Барыш -га | Кимге? Эмнеге? | Тушум -ни | Кимни? Нимани? |

| 1 | 2 | 3 | 4 |
|---|---|---|---|
| Табыш -ны | Кимди? Эмнени? | Жўналиш -га (-ка) | Кимга? Нимага? |
| Жатыш -да | Кимде? Эмнеде? | Ўрин-пайт -да | Кимда? Нимада? |
| Чыгыш -дан | Кимден? Эмнеден? | Чикиш -дан | Кимдан? Нимадан? |

## АТООЧ ЖӨНДӨМӨ

### (Бош келишик)

**Кыргыз тилинде атооч жөндөмөсүнүн атайын мүчөсү жок. Атооч жөндөмөсү ким? эмне? деген суроолорго, ал эми көптүк санда кимдер? эмнелер? деген суроолорго жооп берет.**

Мисалы: Китеп — эмне?, китептер — эмнелер?, бала — ким?, балдар — кимдер?

**191-көнүгүү.** Текстти окуп, атооч жөндөмөсүндөгү сөздөрдү таап-кыла, аларга суроо бергиле.

## МАНАС БАБА ЖӨНҮНДӨ СӨЗ

Балдар, кыргыз элинин илгери эле мамлекети, мамлекет башчысы жана элди коргоочулары болгон экен. Мамлекет башчысы өз элинин биримдигин, тынчтыгын сактап, ал эми коргоочулары элди чет душмандардан коргоп келишкен.

Кыргыз мамлекетинин башчыларынын бири катары Манас бабабыз жөнүндө ар кандай уламыштар айтылып, чыгармалар жазылган.

«Манас» эпосу элдик оозеки чыгарма болсо да, кыргыз элинин бардык асыл сапаттары: тарыхы, үрп-адат, каада-салты, элди эл катары тааныткан белгилери топтолгондугу менен баалуу. Манас бабабыздын осуяттары элдин мүдөөсүн, ой-тилегин чагылдырып турат.

Жергебиздеги «Манас» аянты, «Манас» айылы, «Манас»

көчөсү, «Манас» аэропорту, «Манас» кинотеатры, «Манас» шахматы ж.б. деген аталыштар баатырдын атын түбөлүккө унутпай сактап калуу максатында коюлган.

**192-көнүгүү.** Төмөнкү зат атоочторду көптүк санга айландырып жөндөгүлө.

Саат, көён, беде, кекилик, көгүчкөн, улак, бала, гүл, ат, таш, суу, деңиз, көл.

**193-көнүгүү.** Табышмакты окуп, атооч жөндөмөсүндөгү сөздөрдү көчүргүлө.

Эли жок, өлкөлөрү бар,
Суусу жок, көлү бар,
Тамдары жок, шаарлары бар,
Муну эмне деп баамдадыңар.

**194-көнүгүү.** Көп чекиттин ордуна тиешелүү сөздөрдү таап жазып, суроо бергиле. Атооч жөндөмөдөгү сөздөрдүн синтаксистик милдетин тактагыла.

1. Кыргызстанда кандай шаарлар бар?
2. Өсүмдүктөргө кайсылар кирет?
3. Кайсы канаттуулар эрте келет?
4. И. Арабаев ким болгон?
5. Силердин мектебиңерден окуган атактуу адамдардан кимдерди билесиңер?
6. Тоголок Молдо кандай акын?

**195-көнүгүү.** «Манас» деген темада синквейн түзгүлө.

**Ү л г ү:** **Гүл**
Жыттуу, кооз.
Өсөт, гүлдөйт, соолуйт.
Айланага сулуулук тартуулайт.
Өсүмдүк

**196-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөргө суроо бергиле. **Ким? эмне?** деген suроолорго жооп бергенине жараша бөлүп жазгыла.

Шаар, айыл, окуучу, мугалим, ата-эне, сүрөтчү, дарыгер, сызгыч, бор, калем, эжеке, кыздар, тоолуктар, дыйкан, жазуучу, классташ, карыя, директор, тоо, суулар.

# ИЛИК ЖӨНДӨМӨСҮ

## (Караткич келишиги)

**Илик жөндөмөсүндөгү зат атоочтор нерсенин кимге же эмнеге таандык экендигин билдирет. Кимдин? Эмненин? деген суроого жооп берет. Мүчөсү -нын. 12 вариантта өзгөрөт.**
**Мисалы: бакча-нын, күрөк-түн, дарбыз-дын.**

**197-көнүгүү.** Илик жөндөмөсүнөн кийин ага берилүүчү суроолорду көрсөтүп жазгыла.

**Үлгү:** Кыргызстандын (эмненин?) тоолору ар түрдүү кендерге бай.

Кыргызстандын тоолору ар түрдүү кендерге бай. Тоолордун астында көмүр, сурьма, уран, алтын, туз жана башка кендер бар. Карагай-арчалуу тоолордун боорлоруна куштар уя салышат. Ак кайындын кабыгын дары катары пайдаланышат. Тоо этектериндеги кыштактардын шартына көңүл бурулду. Тоолордун абасы таза жана суусу тунук. Ошондуктан тоолуктардын ден-соолугу чың болот.

**198-көнүгүү.** Илик жөндөмөсүнүн **-нын, -нин, -нун, -нүн, -дын, -дин,- дун, -дүн, -тын, -тин, -тун, -түн** мүчөлөрү уланган сөздөрдү пайдаланып сүйлөм түзгүлө.

**199-көнүгүү.** Илик жөндөмөнүн мүчөсүнүн таандык мүчөлөрдөн кийин өзгөрүүсүн байкагыла.

1. Бул кимдин жоолугу?
2. Дептердин тышын ким тапты?
3. Асандын үйүндө күчүгү барбы?
4. Столдун үстүндө эмнелер жатат?
5. Гүлжандын «беши» көп бекен?
6. Бул кайсы автордун чыгармасы?

**200-көнүгүү.** Текстти окуп, илик жөндөмөсүндө турган сөздөрдү белгилегиле, өзбек тилиндегиге салыштыргыла.

# КАСЫМАЛЫ БАЯЛИНОВ

1096 2001



К.Баялинов — кыргыз элинин таланттуу жазуучуларынын бири. Ал 1902-жылы Ысыккөлдүн жээгиндеги Балыкчы шаарында туулган. Жазуучунун балалык кези оор турмушта өтүп, жетимдиктин айынан байлардын коюн кайтарган.

Ал кыргыз жазма адабиятынын баштоочусу катары таанымал.

К.Баялинов «Ажар», «Көл боюнда», «Боордоштор» аттуу повесть, романдары менен кыргыз адабиятына чоң салымын кошкон.

Жазуучунун «Мурат» «Жылан менен чабалекей», «Түлкү менен суур», «Жетилген жетим» аттуу чыгармалары балдардын турмушуна, адамдардын ортосундагы мамилелерге арналган. Аларда сөздүн күчү аркылуу турмуш чындыгы даана чагылдырылган. Бул чыгармаларынын тарбиялык мааниси да терең.

К. Баялиновдун көптөгөн чыгармалары чет тилдерге которулган. Жазуучунун ысымы көп мектептерге, көчөлөргө коюлган.

| | | |
|---|---|---|
| С Ө З Д Ү К | **Таланттуу** | — талантли |
| | **туңгуч прозаиги** | — дастлабки прозаик |
| | **таанымал болгон** | — атокли булган |
| | **сүрөттөп жазган** | — баён этган |
| | **салым кошкон** | — хисса кўшган |

**Макалдардын маанисин чечмелегиле.**

Билимдүүнүн түнү жарык, билимсиздин күнү караңгы.

Энеси болушчаактын – кызы ыйлаак.

Акылдуунун бир сөзү акмактын миң сөзүнө татыйт.

Балалык өзүнүн келечеги менен бактылуу.

## БАРЫШ ЖӨНДӨМӨСҮ

### (Жўналиш келишиги)

**Барыш жөндөмөсү зат атоочтордун кыймыл-аракетинин кайда багытталгандыгын көрсөтөт. Ал кимге? эмнеге? кайда? каякка? деген суроолорго жооп берет. Мүчөсү -га. Ал 8 вариантта өзгөрөт.**

М и с а л ы: **алма-га, сабак-ка.**

**201-көнүгүү.** Барыш жөндөмөсү уланган сөздөрдөн кийин ага берилүүчү суроолорду көрсөтүп көчүргүлө.

**Ү л г у:** Самолет бийик учуп, асманга (каякка?) көтөрүлдү.

Самолет бийик учуп, асманга көтөрүлдү. Мыкты окуучулар олимпиадага катышышты. Жаз келип, арыктарга суу толду. Адамга жана бардык жандыктарга таза аба керек. Дельфиндер чөгүп бараткан адамга жардам беришет. Кызыл китепке катталган жаныбарларга аңчылык кылууга тыюу салынган.

**202-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөргө барыш жөндөмөсүнүн **-га, -ге, -го, -гө, -ка, -ке, -ко, -кө** мүчөлөрүн улагыла, аларды катыштырып сүйлөм түзгүлө, өзбек тилиндегиге салыштыргыла.

Балдар, эл, жол, көл, кант, китеп, самолет, бүркүт.

**203-көнүгүү.** Суроолорго жооп бергиле.

1. Кимге сыйлык берилди?
2. Эмнеге суулар толду?
3. Кайсы жерден китеп алдың?
4. Кайда олтуруп сабакка даярдандың?
5. Каникулда каякка бардың?

**204-көнүгүү.** Ырды окуп, барыш жөндөмөсүндө турган сөздөрдү айтып бергиле. Маанисин түшүндүргүлө.

Жолдош болбо коркокко.
Жүк артпагын торпокко.
Иш кылдырба чоркокко.
Күлүк минсең күүлөнүп,
Эки жагың каранба.
Көйрөң атка коносуң,
Көрүп калган адамга. *(Токтогул)*

**205-көнүгүү.** Текстти окуп, өзбек тилине которгула. Мазмуну боюнча суроо түзгүлө.

## АРСТАНБАП

Дүйнөдөгү эң кооз жерлердин бири — Арстанбап. Тоолору жыш токойлорго жамынган. Аккан суулары тунук, түрдүү дары чөптөрү, кубулжуп сайраган куштары, таза абасы менен өзүнө тартат. Ажайып кооздугу көз кумарын кандырат.

Арстанбап Жалалабат областынын Базаркоргон районунда жайгашкан. Ал — табийгый мөмө-жемиш токоюнун мекени. Арстанбапта 200 метр бийиктиктен агып түшкөн Бабашата шаркыратмасы бар.

Токойдун негизги бөлүгүн жаңгак ээлейт. Мындан башка алма, алча, мисте, бадам, жүзүм, карагат, алмурут өсөт. Арстанбапты элик, аркар, кулжа, суусар, чил, кекилик, бүркүт, шумкар, күрөң аюу, илбирс, сүлөөсүн, кундуз, ылаачын, кыргоол, тоодак ж.б. сыяктуу түрдүү жаныбарлар мекендейт.

Арстанбап — туристтердин, альпинисттердин сүйүктүү жери. Сырттан келген коноктор Кыргызстандын кооз жери катары атайын көрүп кетишет. Ал жерде эс алуучу лагерлер, пансионаттар бар.

*(Энциклопедия)*

**СӨЗДҮК** **Жыш токой** — калинг урмон
**Көз кумары** — кўз кумори

**Макалдарды жаттап алгыла, маанисин түшүндүргүлө.**

Жакшы китеп – жанга дос.

Алтын өтүктү да, аякка киет.

Айтканга оңой, аткаруу кыйын.

Соргокко чоң аякты көрсөтпө.

## ТАБЫШ ЖӨНДӨМӨСҮ
### (Тушум келишиги)

**Табыш жөндөмөсүндөгү зат атоочтор кыймыл-аракет багытталган затты билдирет. Ал кимди?, эмнени? деген суроолорго жооп берет. Мүчөсү -ды. 12 вариантта өзгөрөт.**
Мисалы: адам-**ды**, кант-**ты**, алманы-**ны**

**206-көнүгүү.** Тексттеги табыш жөндөмөсүнүн мүчөсүн таап, өзбек тилиндегиге салыштыргыла.

Мугалимдер жан-дилин беришип, жаштарды тарбиялашат. Окуучулар көчө бойлоруна бак-дарактардын көчөттөрүн тигишти. Карыя башынан өткөндөрүн элестетип отурду. Зоопарктан жапайы жаныбарларды көрүп, алар жөнүндө дил баян жаздык. Мектептин директору алдыңкы окуучуларды областтык олимпиадага жөнөттү. Балдар жазуучусу Ш. Бейшеналиев кызыктуу чыгармаларды жазган. Анын «Кычан» повести орус тилине которулган. Ч.Түлөбердиев согушта чыныгы эрдикти көрсөткөн. Ош шаарынын 3000 жылдык маарекесин 2000-жылы белгилешти.

**207-көнүгүү.** Төмөнкү мүчөлөрдү улап сүйлөм түзгүлө. Кандай суроолорго жооп берерин аныктагыла.

**-ды, -ди, -ду, -дү, -ты, -ти, -ту, -тү, -ны, -ни, -ну, -нү.**

**Үлгү:** Айнура көчөдөн Гүлнар**ды** жолуктурду.

**208-көнүгүү.** Төмөнкү суроолорго жооп берип, табыш жөндөмөсүндөгү сөздөрдү тапкыла.

1. Бул китепти кайдан алдыңыз?
2. Бул класстын окуучуларын көрдүңөрбү?
3. Ырды жаттап келдиңби?
4. Токойдон эмнелерди жолуктурууга болот?
5. Апандын инисин ким деп атайсың?

**209-көнүгүү.** Кашаанын ичиндеги зат атооч сөздөргө табыш жөндөмөсүнүн мүчөсүн улап сүйлөм түзгүлө.

(Эне) урматта, (мугалим) сыйла, (топ) тос, (дос) күт, (бала) ойнот, (сүт) ич, (тапшырма) аткар, (көнүгүү) иште, (мал) айда, (үй) жый, (кийим) тазала, (убада) эсте.

**210-көнүгүү.** Таандык мүчөлөрдөн кийин табыш жөндөмөсүнүн мүчөсүн улап жазгыла, өзбек тилиндегиге салыштыргыла.

Баласы, окуучусу, балаңыздар, кызы, үйү, үйүнүз шаары, тоосу, чыгармасы, көчөсү, күндөрү.

**Ү л г ү: баласын.**

## ЖАТЫШ ЖӨНДӨМӨСҮ

### (Ўрин-пайт келишиги)

| |
|---|
| **Жатыш жөндөмөсү заттын ээлеген ордун көрсөтүп, кимде? каерде? эмнеде? деген суроолорго жооп берет. Мүчөсү -да. 8 вариантта өзгөрөт.** <br> М и с а л ы: **талаа-да, кыштак-та.** |

**211-көнүгүү.** Заттын ордун көрсөтүп, жатыш жөндөмөсүнүн суроосуна жооп берген сөздөрдү тапкыла.

Жазуучулар менен жолугушуу чоң залда болду. «Байчечекей» журналынын сандарында кызыктуу кабарлар көп. Жомоктун окуялары дайым эсте сакталат. Айнуранын көпүрөнүн үстүндө жолуктурдук. Токойлордо жагымдуу сайраган куштардын үндөрү угулат. Жай күндөрү лагерде эс алуу абдан кызыктуу.

**212-көнүгүү.** Жатыш жөндөмөсүнүн **-да, -до, -де, -дө, -та, -те, -тө** мүчөлөрүн улап, сүйлөм түзгүлө. Суроого жооп бергиле.

**Ү л г ү:**

Ош шаарында (кайда?) парктар көп. Бул белгилер дептеринерде (эмнеңерде?) көрсөтүлгөн.

**213-көнүгүү.** Ырды жаттагыла, жатыш жөндөмөсүндөгү сөздөрдү тапкыла.

Дайранын көркү кемеде,
Баланын көркү энеде.
Бычактын көркү кынында,
Жылкынын көркү кулунда.

Баатырдын көркү мандайда,
Чечендин көркү таңдайда.
Туяктын көркү тулпарда,
Канаттын көркү шумкарда. *(Т.С.)*

**Табышмактарды тапкыла.**

Учуп жүрөт асманда,
Өзүнүн жок канаты.
Тегеренет парасы,
Терең ойлоп карачы,
Чечүүгө жообун жарачы.

Ай талаада ак сандык,
Оозу мурду жок сандык.

Кечинде таруу чачат,
Эртең менен жыйып кетет.

**214-көнүгүү.** Көп чекиттин ордуна мүчөлөрдү коюп, сүйлөм түзгүлө.

Ташкент..., үй..., музей..., саякат..., Суусамыр..., классым..., мектеп.., токой..., көчө...

**215-көнүгүү.** «Автобекетте» деген темада диалог түзгүлө.

**Ү л г ү:**
— Саламатсынбы, Тилек?
— Саламатчылык.
— Кайсы жакка жөнөдүң?
— Токмокко.

**216-көнүгүү.** Текстти окуп, жатыш жөндөмөсүндөгү сөздөргө суроо бергиле.



## ИСКАК РАЗЗАКОВ

И. Раззаков 1910-жылы Лейлек районунда Корсон кыштагында туулган. Жаш кезинде Ленинабад шаарындагы балдар үйүндө тарбияланган.

1936-жылы Москвадагы пландоо институтун бүтүргөн. Он жылга жакын Өзбекстанда жетекчи кызматтарда эмгектенген.

1950—1961-жылдары Кыргызстанда Борбордук Комитеттин биринчи секретары болуп иштеген. 1979-жылы Москва шаарында каза болгон. Ал эки эл үчүн бирдей эле кызмат өтөгөн. Кыргыз, өзбек жана орус тилдеринде так сүйлөгөн. Акылы тетик, зирек, таланттуу инсан болгон.

**217-көнүгүү.** **«Мектепте»** деген темада диалог түзгүлө.

**Ү л г ү:**

— Окуучулар көпчүлүк учурда кайсы жакта болушат?
— Мектепте
— Мектеп кайсы тарапта?
— Актилек кичи районунда.

**218-көнүгүү.** Төмөндөгү текстке жатыш жөндөмөсүнүн суроолорун берип, ага жооп жазгыла.

**Ү л г ү:** Кында эмне бар? Кында кылыч бар.

**Кайда эмне бар?**

Кында кылыч
Көөкөрдө кымыз
Мылтыкта ок
Акырда чөп
Карында май
Чайнекте чай
Чакада суу
Табакта сүт

Чакчада насыбай
Кампада буудай
Чарбакта бакча
Сууда балык
Көлдө кайык
Челекте бал
Дагы эмне бар?

*А. Мамбетсаитов*

**219-көнүгүү.** Тексттин мазмунун айтып бергиле.

«Эгер менден өз элимдин улуу адамдарынан кимди билесиң десе, мен адегенде С. Каралаевди айтаар элем».

*Ч. Айтматов*

## САЯКБАЙ КАРАЛАЕВ

С. Каралаев — улуу манасчы, Кыргыз Республикасынын эл артисти. Ал «Манас» айтуу боюнча дүйнө жүзүнө таany-

мал болгон. Саякбай жарым миллион саптан турган 30 томдук асыл казынаны оозеки айткан укмуштуудай таланттуу киши болгон.



Ошондуктан С.Каралаевди бул замандын Гомери деп аташкан. Ал «Манас» эпосунун бардык бөлүмдөрүн 83830 сап ыр менен айткан. Башка манасчылар мындай толук айта алган эмес. С.Каралаев Манас айтуу менен бирге акын да, артист да, композитор да болгон.

**СӨЗДҮК** укмуштуудай — ажойиб
асыл казына — асил хозина

## ЧЫГЫШ ЖӨНДӨМӨСҮ

### (Чикиш келишиги)

**Чыгыш жөндөмөсү кыймыл-аракеттин кайдан, каяктан чыккандыгын билдирет. Ал кимден?, эмнеден?, кайдан? деген суроолого жооп берет. Мүчөсү -дан. 12 вариантта өзгөрүлөт.**

Мисалы: шамал-**дан**, күрөк-**төн**, билими-**нен**.

**220-көнүгүү.** Көп чекиттин ордуна чыгыш жөндөмөсүнүн мүчөсүн улап, суроо бергиле.

1. Самолет аэропорт..... асманга көтөрүлдү.
2. Дениз.... соккон жел кандай жагымдуу.
3. Бийик-бийик бөлдер.... чоң-чоң ашуулар.... өттүк.
4. Аалам жарыгы күн... , адам жарыгы илим....
5. Жеңишти самаган илим.... корпойт.
6. Өлүм.... корккон өмүр сүрбөйт.
7. Бакыт эмгек.... жаралат.
8. Ата-Мекен.... кымбат эмне бар?

**221-көнүгүү.** Чыгыш жөндөмөсүн **-дан, -ден, -дон, -дөн, -тан, -тен, -тон, -төн, -нан, -нен, -нон, -нөн** мүчөлөрүн улап сүйлөм түзгүлө. Өзбек тилиндеги менен салыштыргыла.


**Үлгү:** Таза суулар тоолор**дон** агып түшөт. Карыя Ысык-көл**дөн** Ош тарапка келген экен.

**222-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөргө чыгыш жөндөмөсүнүн мүчөсүн улап жазып, аларга суроо бергиле.

Отузадыр, Керметоо, Сарычелек, Куршаб, Ташкент, Фергана, өзөндөрү, кант, көчөлөр, үйлөрү, ысык, эшик, дептери, талаалар, көмүр.

**223-көнүгүү.** Сүрөт менен иштөө.

## ОШ–БИШКЕК ЖОЛУ



**224-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөргө чыгыш жөндөмөсүнүн мүчөсүн улап сөз айкаштарын түзгүлө.

Китеп, кино, айыл, асман, кездеме, кашат, сөз, коом, класс, короо, тоо, көч, жүгөрү, күрөк, алча, алма, арча, сүт, ун, Кемин, Жалалабат, базар, компьютер, радио, телевизор, жаз.

**225-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү байланыштырып сүйлөм түзгүлө.

1. Гүлдөрдү, тердик, кызыл, биз.
2. Окудум, мен, китеп, кызыктуу.
3. Ак, кийди, халат, врач.
4. Кетти, ызгаардуу, кыш, келди, мезгил, жаз.
5. Башталды жумуштар талаа кызуу.

**226-көнүгүү.** Сөздөргө мүчө улап сүйлөм түзгүлө

1. Окуучу... кино... барыш...
2. Алмаз... эне... аптека... бар...
3. Тамак... ич... жый... кой...
4. Улуу... салам... биринч... айт...
5. Жолдош... калп сөз... айт...

**Табышмактарды тапкыла.**

Ар үйлөрдө от күйөт,
Чогу жок, бар жалыны
Өзү ичке болсо да
Тышка тиет жарыгы.

Сандыгым бар үйдөгү,
Сайрайт күндүз түндөбү.
Кадам жылбай жанынан,
Кыдырам бүт дүйнөнү.

**227-көнүгүү.** Ырды жаттагыла.

**Окуу китебине**

Жаш жүрөк жалындаган жолун тиктеп,
Китепте не кааласаң бардыгы бар.
Эрикпей карап чыксаң, таамай издеп,
Акылга жакшы китеп акыл салар.
Кыялдын жаман жагын тартып алар,
Өзүңдү өзүңө айтпай кайра жасап,
Сен ачкан колдоруңа канааттанар.

*(А. Осмонов)*

**Табышмактарды тапкыла.**

Колу жок уруп турат, буту жок туруп турат.

Оозу ачык жалын чачат, ойлонгондор бат эле табат.

Өзү бирөө, кулагы төртөө.

**Тил жатыктыруу.** Жаңылмачтарды бат айтууга көнүккүлө.

Топ секирет топулдап,
Топ ойнойбуз топурап.
Топурасак токтобой,
Топулдайт топ, топулдайт

Алыста алты тоо бар,
Алатоонун артында
Кырк тоо бар,
Кырка тоодо кырк бөрү.
Көк бөрүнү ким атат,
Кыркын издеп жүргүчө
Кылкылдаган күн батат.

## ФРАЗЕОЛОГИЗМДЕР

**Бир тилге гана мүнөздүү болгон туруктуу лексикалык айкаштарды фразеологизмдер деп айтабыз. Алар өтмө мааниде болуп, өтө курч, таамай айтылгандыгы менен айырмаланат, тилдин байлыгын көрсөтөт.**

- ***Кепте фразеологизмдер туруктуу сөз айкаш түрүндө колдонулат.***
- ***Өзбек тилинде да так ушундай мүнөздөмөгө ээ.***

### Фразеологизмдердин колдонулушу.

1. Сен тим эле коркуптурсуң, **коен жүрөк** турбайсыңбы. (коркок)
2. Адылдын атасы — **колу ачык,** бакылдаган адам. (март)
3. Кемпир **ач көздүгүн** көрсөтүп, баарын өзү алгысы келди. (сугалак)
4. Динара жолдош кызынын **ачык ооз** экенин түшүндү. (сыр жашыра албаган)
5. Айшанын **бой көтөргөнү,** мага жакпады. (өзүн жогору сезүү)
6. Адам баласына **ниети бузуктардын** салакасы көп тиет. (караниеттик)
7. Женесине **далысын салып,** көрмөксөн болду. (жактырбады)

## СӨЗДҮК МЕНЕН ИШТӨӨ

**228-көнүгүү.** Сөздүктөрдү пайдаланып, фразеологизмдердин маанисин чечмелегиле. **Бооруна тартуу, оозу ачык, шагын сындыруу, беш колун оозуна салуу, ач көз, кабыргасы кайышуу, алым-сабак, ак таңдай.**

**229-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдөгү фразеологизмдерди таап синонимин кашаанын ичине жазгыла, маанисин түшүндүргүлө.

Иса менен Темир күндүр-түндүр кара жанын карч уруп иштешти. Жолду карай берип көзү тешилди. Оюнга кызыккан балдар кечке үй бетин көрбөйт. Бул мектептин уясынан учкандар көп болгон. Адылды көргөндө куйкасы куруша түштү. Тууган бар болсо көрө албайт, жок болсо асырай албайт. Үйүнөн чыкпай көңүлү ток отура берди.

**230-көнүгүү.** Көп чекиттин ордуна берилген фразеологизмдерди коюп жазгыла.

... менен сага өткөрүп бердим. Алар бизди көргөндө ... качып турушат. Бул да Садыкка ... окшош. Түн ичинде сырттагы үн... койду. Ошолорго ишим түшүп... убара болгондугумду сураба. Эми ... туруп, жообун айтып кой.

**баш оту менен, төбө чачы тик туруп, жүрөгү түшүп, кабырганы кеңешип, дыр коюп.**

## СӨЗ ОЮН

Оюндун шарты боюнча окуучулар эки тарапка бөлүнүп, бир тарап фразеологизмдерди айтса, экинчи тарап анын синоними менен жооп берет.

| **Биринчи тарап** | **Экинчи тарап** |
|---|---|
| **Ү л г ү:** | |
| Үрөйү учту | коркуп кетти |
| сыртын салды, | тили узун, |
| көзүнө илбеди, | көзү ачык, |
| көзүнүн агы менен айланды, | жаагын ачты, |
| колу кыска, | шагы сынды, |
| көңүл кош болуу, | дарбызы колунан түштү, |
| буту узун, | эс болду. |

**231-көнүгүү.** Адам баласынын мүнөзүнө, сырткы келбетине байланышкан фразеологизмдерди таап, сүйлөм түзгүлө.

**232-көнүгүү.**

## СӨЗ ОЮН

а). Мугалим оюнду баштоочу биринчи окуучуга «ак көңүл» деп желекче берсе, окуучу «боорукер»,

б). «Таш боор» десе, «кара ниет»

в). «Улууга жол бошот» десе, «улуу адамдан мурда уруксатсыз отурба» деп жооп берет. Оюн андан ары кезеги менен улантылат.

**233-көнүгүү.** Төмөнкү сүйлөмдөрдүн маанисин чечмелегиле, андан ары уланткыла.

1. Китеп — билим булагы.
2. Мугалим — мөмөлүү дарак.
3. Математика – акылдын гимнастикасы.
4. Күрөш – бул бакыт.
5. Кайталоо – окуунун энеси.

**234-көнүгүү.** Төмөнкү сүйлөмдөрдөн фразеологизмдерди таап, алардын ордуна синонимдерин коюп жазгыла.

Улуу акын А.Токонбаев кичинекей кезинде укмуштуудай куйма кулактыгы менен айырмалаган. Аалы өзүнүн энесинен уккан жомокторду, манасчылардын айткан саптарын эртеси өзү теңдүү балдарга төкпөй-чачпай айтып берчү экен. Ошондуктан акын ырларын жатка айтуу боюнча эч бир акынды алдына чыгарган эмес экен.

*«ЭТ»*

## ИШ КАГАЗЫ

### КУЛАКТАНДЫРУУ

**Белгилүү бир уюмдун же мекеменин алдында боло турган иш чара, жыйналыш, жолугушуу боюнча кабардар кылуу үчүн жазылган иш кагазы кулактандыруу деп аталат.**

**Үлгү:**

**Кулактандыруу**

***2004-жылдын 10-январында саат 14.00дө 102-каанада «Сейтек» уюмунун кезектеги жыйналышы болот. Уюмдун бардык мүчөлөрү катышууга тийиш.***

**2004-жыл, 3-январь. Жаштар уюму**

**Тил жатыктыруу.** Жаңылмачтарды бат айтууга көнүккүлө.

Бакчада бал аары бар,
Бал аарыга балдар барар.
Балдарды барба дейлик,
Бал аарылар чагып алар.

Талант талаада тынбай иштеди,
Таланттын талаада тынбай иштешине
Таабалды таятасы таалим болду,
Талантка бакыт-таалай алып келди.

# СӨЗ ӨСТҮРҮҮ

## МАЛДАРДЫН ТАЛАШЫ

Бир күнү малдардын ортосунан талаш чыкты.

Баарынан оозунуп төөминтип айтат:

— Менсиз элдин көрөр күнү жок. Мен араба ордуна жүк тартамын. Эгер менин жүнүм болбосо, эл жаланач калар эле,

— Жок, сенден мен артыкмын. Мен адамдын канатымын. Менин этим, сүтүм эң пайдалуу жана керектүү. Кымыз — бардык ооруга даба,— деп жылкы мактанат. Ал эми уй болсо: эт, сүт менде деле бар. Кожоюндун сүт-айрансыз жашоосу кыйын,— дептир.

— Менде сүт да, эт да бар. Андан дагы менин жүнүм негизги байлык,— дептир кой. Менсиз элдер үйсүз калмак. Малдар көпкө чатакташып, акыры кожоюнга барышат да, эң керектүүсүн сурашат. Кожоюн: элдер үчүн баарыңар керексиңер,— дептир.

*(ЭТ)*

## ЖУУРАТ

Жуурат — кыргыздын улуттук байыркы тамактарынын бири. Ал кой менен эчкинин ынак сүтүнөн уютулуп даярдалат. Жууратан жасалган сүзмөнү, курутту кышка сакташкан. Айрым жерлерде күбү челекке жууратты бышып, майын алып, бышмасын суусундукка ичишкен. Кээде ушул эле бышманы казанга кайнатып, сары суусун төгүп жана сарыктырып курут жасашкан. Бул тамак даамдуу да, кубаттуу да болот.

## КИТЕПТИ СҮЙ

Китепти сүй, баркын бил
Китептин көп акылы.
Ким китепке дос болсо,
Ал ошонун жакыны.

Сүттөй таза тилеги
Деңиздей кең талабы,
Көктөй тунук акыйкат.
Анын ар бир барагы.

Ошондуктан баркын бил,
Кирдебесин бир чети
Сыя төгүп булгабай,
Жакшы сакта китепти.

*(А. Осмонов)*

**Тил жатыктыруу.** Жаңылмачтарды бат айтууга көнүккүлө.

Жамгыр жаап
Жалкоо жыргап калды.
Дыйкандын иши токтоп калды.
Жалкоо жанын аяп,
Жатты жыргап.
Дыйкан ишин ойлоп,
Жүрдү ыйлап.

# АТАЙ ОГОМБАЕВ



Атактуу ырчы Атай жаш кезинен ырга, комузга жакын өстү. Атай Огонбаев чоң комузчу жана обончу болгон. Кыргыз комузунун тарыхында Атайдын ысмы өзгөчө урмат, сыймык менен аталат. Ал укмуштуудай музыкалык шыктуулугу менен айырмаланган улуу таланттын ээси болгон.

Комуз музыкасын өнүктүрүүдө чоң салым кошуп, элге кеңири тааныткан. Анын «Саадаккакты», «Машботой», «Чайкама» «Актамак, көктамак», «Кызкербез» ж. б. күүлөрү өтө жогору бааланган. Ал эми «Ойбулбул», «Күйдүмчок», «Айыл ажары», «Зарыгам», ж.б. ырлары эл арасында дагы эле өз күчүндө аткарылууда.

**235-көнүгүү.** Текстти окуп, маанисине көңүл бургула.

Акылмандуулук — бул мээрим менен бириккен акыл. Мээрими жок акыл — бул куулук. Куулук бара-бара куурай берет да эртеби, кечпи алдамчынын өзүнүн шорун кайнатат. Ошондуктан куулук жашырынып аткарылат. Акылмандуулук болсо ачык, даана, шар, ишеничтүү жүрөт. Акылмандуулук адамга атак-данк, бакыт алып келет.

*(Лихачев Д. С.)*

**236-көнүгүү.** Ырды көркөм окугула, мазмунун айтып бергиле, жөндөмө мүчөлөрдүн колдонулушуна көңүл бөлгүлө.

**О, балам!**

Зөөкүрдү чабаар камчы бол,
Кургак жерге тамчы бол.
Жесирлерге жөлөк бол,
Жетимдерге көмөк бол.
Ууруларга айгак бол,
Ушакчыга сайгак бол.
Карөзгөй болбой, калыс бол.
Кошоматтан алыс бол,
Эрегиш чыкса элчи бол.
Эл журтундун кенчи бол,

Кайратың тоону бузса да,
Кашыгын көлдү сузса да.
Оозундан чыккан сөзүндөн
Зоо куланып учса да
Эл менен сен адамсың,
Элден чыксаң жамансың.
Кабарың күнгө кетсе да,
Жылдызга колун жетсе да.
Жараткандын дүйнөсү,
Бүт колуңа өтсө да,
Эл менен сен бийиксиң
Элден чыксаң кийиксиң.

*(Арстанбек)*

# КЫЗЫК ЭКЕН, ОКУП КОЙ

## БАКА

Баканын териси этине көп жабышпай, плащ сыяктуу жайдак. Экинчиден, нымды, сууну өзүнө сиңирип алат. Ошондуктан дайыма былжырак келет. Ушундан улам ага микроб жолобойт. Кээбир элде сүт ирибей жана муздак сакталышы үчүн баканы салып коюшат. Көрсө былжырак касиети кычкылданткыч бактериялардан сактайт экен.

*«ЭТ»*

**237-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окуп, **эмне үчүн?** деген суроого жооп бергиле.

Дүйнөдө эмне күлүк? — Ой.
Дүйнөдө эмне күчтү? — Илим.
Дүйнөдө эмне кызык? — Турмуш.
Дүйнөдө эмне таттуу? — Уйку.
Ким сүйлөбөй окутат? — Китеп.
Кептин ээси ким? — Кулак.

**238-көнүгүү.** Текстти окуп, суроо түзгүлө.

## ЖАЛАЛАБАТ

Жалалабат — Түштүк Кыргызстандын чоң шаарларынын бири, Жалалабат областынын борбору. Маданияты, өнөр-

жайы, илим-билим жана курулушу боюнча өнүккөн байыркы шаар катары эсептелинет. Калкы – 82,5 минден ашык. Ал Ош-Бишкек жолунун боюна жайгашкан. Жалалабатта университет, институттар, орто окуу жайлары жана мектептер бар. Шаарда пахта заводу, кийим тигүү, мебель фабрикалары, эт, жашылча-жемиш, сүт, кондитердик комбинаттары эл керектөөсүн канааттандырат. Б. Алыкулов атындагы драма театры, филармония жана балдар театрлары тургундарды маданий жактан тейлейт.

Шаардагы мектептер, лицейлер, гимназиялар компьютерлер менен жабдырган. Алар балдарга терең билим берүүгө зор салым кошууда.

*(Энциклопедия)*

**239-көнүгүү.** Текстти окуп, жалпы аттарды тапкыла, мазмунун оозеки айтып бергиле.

## ТҮЛКҮ ЖҮЗҮМДҮ ЖЕБЕДИ

Бир күнү түлкү бакка барды. Бактан бышкан жүзүмдү көрүп калат. Түлкү жүзүмгө жетүүгө аракеттенет. Бирок канчалык аракет кылса да, жүзүмгө жете албай, эки көзү төрт болот. Жүзүм бийик эле.

Түлкү жүзүмдү айланчыктап, көпкө чейин жүрөт, бирок жете албайт. Айласы түгөнгөндө минтип айтат:

— Жүзүм али быша элек турбайбы! — деп, куйругун түйүп, бактан чыгып кетет.

**Табышмактарды тапкыла.**

Бир киши бар, миң тиши бар.

Алоолонгон от болду, андан кийин жок болду.

Отсуз күйгөн, орун алган үйдөн.

Тетиктери темирден, тээп койсо элирген.

# ТӨРТҮНЧҮ ЧЕЙРЕК БОЮНЧА КАЙТАЛОО

**240-көнүгүү.** Төмөнкү сүйлөмдөрдө зат атоочтор кайсы жөндөмөдө тургандыгын аныктагыла.

Адам көркү эмгекте. Сыйга сый, сыр аякка бал. Жоого сырыңды бергиче, жаныңды бер. Иш жөнүн уста билет. Эстүүнү үйрөт, ооруну дарыла. Бекерчиге күн батпайт. Баладан бардыгын күтүүгө болот. Жаман кишини ат үстүнөн ит кабат. Дайранын көркү кемеде, баланын көркү энеде.

**241-көнүгүү.** Төмөнкү зат атооч сөздөрдү жөндөмө мүчөлөр боюнча өзгөрткүлө. **Деңиз, толкун, кызылча, май, Кадыр, билими.**

**242-көнүгүү.** Төмөнкү фразеологизмдердин маанисин чечмелегиле.

Шагын сындыруу, алдына түшүү, колу узаруу, башы тегеренүү, суук тумшук, көз ирмем, тили таттуу, бал тилге салуу, мурдун балта кеспеген, көзүнө илбөө, ити чөп жейт.

## КАЙТАЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Жөндөмө мүчөлөр кандай кызмат аткарат?
2. Илик жөндөмөсү кандай суроолорго жооп берет?
3. Барыш жөндөмөсү кыймыл-аракеттин эмнесин көрсөтөт?
4. Кыйсы жөндөмөлөр кыймыл-аракеттин ордун көрсөтөт?
5. Фразеологизмдер деп эмнени айтабыз?
6. Алар башка сөздөрдөн эмнеси менен айрымаланат?

## *ТЕКСТТЕР БОЮНЧА ТӨМӨНКҮ СУРООЛОРГО ЖООП БЕРГИЛЕ*

1. К. Баялинов ким болгон?
2. Анын кандай чыгармалары бар?
3. Арстанбап токоюнда кандай мөмө-жемиштер өсөт?
4. Ал кайсы областтан орун алган?
5. И. Раззаков ким болгон?
6. Эмне үчүн С. Каралаевди улуу манасчы дейбиз?
7. Манас эпосунан үзүндү айтып бергиле.
8. Жуурат кандай жасалат?
9. Жаңылмачтардан айтып бергиле.

10. Билим жана тарбия жөнүндөгү макалдардан айтып бергиле.

11. Атайдын кандай күүлөрүн билесиңер?

12. Жалалабат шаары эмнеси менен таанымал?

# ЖЫЛДЫК КАЙТАЛОО

## МАТЕРИАЛДАРДЫ КАЙТАЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Тыбыш деген эмне?
2. Тыбыштар кандай болуп бөлүнөт?
3. Үндүү жана үнсүз тыбыштарды кантап айрымалоого болот?
4. Үндүү тыбыштар кандайча бөлүнөт?
5. Үнсүз тыбыштар кандай болуп бөлүнөт?
6. Жанаша келген сөздөр эмне себептен өзгөрөт?
7. Басым кандай тыбышка коюлат?
8. Кыргыз тилиндеги басымдын орду кандай?
9. Уңгу деп эмнени айтабыз?
10. Мүчөнүн кандай түрлөрү бар?
11. Жөнөкөй сөз деп эмнени айтабыз?
12. Татаал сөздөр кантип жасалат?
13. Омонимдер деп эмнени айтабыз?
14. Сырттан келген кандай сөздөрдү билесиңер?
15. Жалпы зат атоочтор деп эмнени айтабыз?
16. Жардамчы атоочтор деп эмнени айтабыз?
17. Жөндөмө мүчөлөр кандай кызмат аткарат?
18. Фразеологизмдер деп эмнени айтабыз?
19. Жөндөмө мүчөлөр кандай кызмат аткарат?

### *ТЕКСТТЕР БОЮНЧА СУРООЛОР*

1. Аскар менен Петя кайда бара жатышкан?
2. Шаар кыштактан эмнеси менен айрымаланат?
3. Бишкек кандай шаар?
4. Ш.Бейшеналиев кайсы жерде туулган?
5. Жазуучунун кайсы чыгармаларын билесиңер?
6. Кыргыз элинин кайсы атактуу кыздарын билесиңер?
7. Кайсы жакты баштанып уктоо керек?

8. Жыгач ооз комузду элге тааныткан ким?
9. Т.Молдонун кандай чыгармалары бар?
10. Билим күнү кимдердин майрамы?
11. Чегирткелерге каршы кандай жумуштарды аткарышты?
12. Эмне үчүн канаттуу достор деп айтабыз?
13. Кыргыз алиппесин ким түзгөн?
14. Эне үйдүн куту дегенди кандай түшүнөсүңөр?
15. Ак чөлмөк оюну кандайча ойнолот?
16. Жылкы канча жыл жашайт?
17. Т. Садыковдун кандай чыгармаларын билесиңер?
18. Булбул сайраганды кимден үйрөндү?
19. Ал эмне үчүн түнкүсүн сайрайт?
20. Айсулуу Токомбаева жаш кезинде кандай болгон?
21. Төө кандай жаныбар?
22. Жөргөм эмнеден жасалат?
23. Жөргөмдүн кандай түрлөрү бар?
24. Конокко кайсы жерден орун берилет?
25. Конокко койдун этинин кайсы мүчөлөрү тартылат?
26. Муса Жангазиев ким болгон?
27. К. Баялинов ким болгон?
28. Анын кандай чыгармалары бар?
29. Арстанбап токоюнда кандай мөмө-жемиштер өсөт?
30. И. Раззаков ким болгон?
31. Эмне үчүн С. Каралаевди улуу манасчы дейбиз?
32. Манас эпосунан үзүндү айтып бергиле.
33. Жуурат кандай жасалат?
34. Билим жана тарбия жөнүндөгү макалдардан айтып бергиле.

## СӨЗ ӨСТҮРҮҮ ҮЧҮН ТЕКСТТЕР

### КЕП СЕЛДЕДЕ БОЛСО

Апенди башына казандай селде ороп кетип бара жатса, бирөө алдын тосуп:

— Таксыр бул катты окуп бериңизчи,— дейт.

— Мен кат билбейм,— дейт Апенди. Тиги адам таңыркай карап:

— Анда башыңызга болсо занкайган селдени эмне үчүн кийдиңиз?

Ошондо апенди селдесин алып, тигинин башына кийгизе коет да:

— Кеп эле селдеде болсо, ал өзүң окуп ал, — дептир.

*(ЭТ)*

## УЛУУНУ УРМАТТОО

Элибизде «Улууну урматта» деген накыл кеп бар. Улууну урматтабаса эмне болот? Адамдар ар түрдүү: бири акылдуу, бири чоң кызматта, дагы бири абдан күчтүү. Сен кимисин урматтап сыйлар элең? Мындай суроо бардык адамдын оюна келет. Бирок биздин элде адамдын улуулугуна, жашына карата сыйлоо туура деп эсептешет. Улууну урматтасаң өзүңдүн досторуңа, жолдошторуңа үлгү жана таалим болот. Алар сени көрүп үйрөнөт. Кийин сен да алардын сый-урматына ээ болосуң.

*(«Мекен таануу»)*

## ЭРДИК

Байкабастан жылгаяк тээп баратканда күбүргө кулап кеткен Кемелди тартып чыгаргандыгы үчүн, мугалим Акылбекти мактап жатты.

— Азаматсың, Акылтай, сен өз жолдошуңду куткарып, чыныгы эрдик жасагансың!

— Ал менин конькимди байланып, мээлейимди алган болчу да,— дептир бул «эрдиктин ээси».

*«Эркин Тоо»*

## КИМ АЙТАТ?

Бир кемпирдин мышыгы менен чыйырчыгы бар экен. Бир күнү кемпир базарга кетет. Үй ичи ээн болгондуктан, мышык столдун үстүнө секирип чыгат. Терезенин алдында турган карапа сынып калат.

— Досум, кемпирге карапанын сынганын айта көрбө. Ал билсе, жазалайт.

— Болуптур, мен айтпай эле коеюн. Бирок тиги сыныктар өздөрү эле айтат ко! — дейт чыйырчык.

*«Байчечекей»*

## ЧОҢ АТАМДЫН КЕҢЕШЧИЛЕРИ

— Чоң ата, сиз эмне үчүн көптү билесиз? — деп сурады небереси чоң атасынан.

— Менин эң жакшы досторум жана окутуучуларым бар,— деди чоң атасы,— алар бардыгын билет жана мени дайыма үйрөтүп турушат.

— Сиздин окутуучуларыңыз кайда? Эмне үчүн мен аларды көргөнүм жок? — деди небереси.

— Ал мына булар,— деп чоң ата китептерди көрсөттү. Китептер мага бардыгын үйрөтөт. Бул китептер алыскы өлкөлөр жөнүндө айтып берди. Ал эми булар адамдар мурда кандай жашагандыгы тууралуу кеп салса, жогорку катардагы китептер жерден чыккан кен байлыктар жөнүндө айтып берет. Тиги текчедеги китептер акылдуу машиналар жана аларды кандай пайдалануу керектигин үйрөтөт. Китепти ким көп окуса, ал ошончолук көптү билет.

## НООРУЗ

Нооруз бүгүн сен менен
Көп иштерге шерденем
Жаңы өмүрүм — жаз дүйнө
Көктөм ээ-жаа бербеген.

Нооруз, ак жол баштаган,
Тарттык биз да ат жалын
«Сүмөлөктөн» жар салып
Тосуп алдык жаз камын.

Алас-алас арам ойлор келбесин
Аалам жолун кушу термесин
Нооруз ыры обон салып дүйнөгө,
Кош канатта учсун асыл жердешим

*И. Исаков*

## ЭЖИГЕЙ

Март келгени чөп чыгып
Музоолоду уюбуз.
Желимине сүт толуп,
Мунун өзү токчулук.

Убагында кечикпей,
Уузун саап эрикпей.
Үйдөгүлөр бышырды,
Укмуш сонун эжигей.

*М. Абылкасымова.*

## КАЛПАК

Кыргыз элинин улуттук кийимдеринин бири — калпак. Бир караган адамга калпак жогору жагын ак, төмөнкү кыйымдары кара же башка түстө болуп, Ала-Тоону элестетет.

Калпактын кийизи ак койдун таза жүнүнөн атайын тандалып, кыркылып, жука жасалат. Ал бышык жана тегиз болсун үчүн ийине жеткире бышырат. Калпактин кийизи даяр болгондо аны үлгү боюнча бычып, саймалап, талааларын туташтырып, андан кийин кыйуулайт.

Кыргыз элинен чыккан уздар калпактын көптөгөн түрлөрүн жасашкан. Алар: тилик калпак, туюк калпак, талаасыз калпак, шырма калпак, айры калпак, ай калпак болуп саналат. Ошондой эле калпакты курактык өзгөчөлүгүнө карата: карыялар, орто жаштагылар жана жаш жигиттер кийчү калпак деп да бөлүшөт. Алар формасы, кыйуусу жана саймалары менен айырмаланып турат.

Калпакты кыштан башка мезгилдердин бардыгында кийүүгө болот. Себеби ал адамды жазгы, күзгү шамалдан, күчтүү тийген күндүн нурунан сактайт. Боз үй сыяктуу калпак да адамдын ден соолугу үчүн пайдалуу, сактоого, алып жүрүүгө ыңгайлуу келет.

Элибизде баш кийимдин ыйык экендигин билдирген «Калпагың башыңдан түшпөсүн», «Башыңды берсең да, баш кийимиңди бербе» деген накыл сөздөр айтылат.

## АТ ТОКУУ

Кыргыз эли илгертен мал чарбачылык менен кесип кылгандыктан, тоолуу жерлерде ат менен жүрүүгө туура келген. Ошол себептүү атка, жылкыга өзгөчө маани берип, аны туура токуунун жолдорун ойлоп табышкан.

Ат жабдыктары төмөндөгүдөй бир нече бөлүктөрдөн турат, алар: ээр, жүгөн, чылбыр, желдик, тердик, ичмек, көрпөчө, үзөңгү, көмөлдүрүк, куюшкан, басмайыл, ат жабуу жана камчы. Ат токуунун өзгөчө тартиби бар, адегенде аттын жонуна ичмек салынат. Андан кийин тердик салынып, анын үстүнө желдик жабылат. Ээрди орноткондон кийин, аны бекитүү үчүн көмөлдүрүк, куюшкан тагылып, басмайыл тартылат. Көрпөчө ээрдин үстүнө салынат да, чылбыр тагылган жүгөн аттын башына кийгизилет. Ар бир жабдык туура өз орду менен токулбаса, минген адамга ыңгайлуу болбойт.

## МАНАСТЫН БАБАЛАРЫ

Кыргыз басып өткөн жерине базарлуу калаа орногон кыйыры түмөн түптүү эл болуптур.

Кылымдардын биринде кыргызда Манас аттуу арбагы бийик даңазалуу эр өтүптүр. Анын түп атасы Бөйөнкан экен. Бөйөнкандан Чаянкан, Чаянкандан Каракан, Каракандан Аланчакан, андан Көгөйкан, Көгөйкандан Ногойкан, Ногойкандан Орозду, Ороздудан Жакып деген мыкты уул туулуп, баскынчылардан элди коргоп турган.

Каракандын бийлиги учурунда кыргыздар ынтымакта жашашып, эгин айдап, дан багып, жайыт толо мал багып, бейкуттук өкүм сүргөн. Каракандын көзү өткөндөн кийин кыргыз эли чет душмандардын талоосуна учурап, тарап кеткен дешет. Жакыптын баласы Манас баатыр аталарынын жолун улап, чачылган кыргыз элинин башын бириктирип, бүтүндүгүн сактап келген. Ата салты боюнча өз элин душмандардан коргогон. Анын Семетей аттуу уулу, Сейтек аттуу небереси ата салтын уланткан.

(*«Ленинчил жаш» журналы*)

## ЖАЛГЫЗ ТҮП ЖАҢГАК

Айылдан бир кыйла алыс, бөксө адырдын жылгасында башка бадалдардан айырмаланып өскөн бир түп жаңгак боло турган.

Жаңгак бийик келип, тарам-тарам болгон бутактары көргөндөрдү өзүнө тартуучу. Анын үстүнө анын жашыл жалбырагы алакандай жазы келер эле. Нөшөрлөп төккөн жамгырдын бир тамчысы анын түбүнө түшчү эмес. Күзүндө мөмөлөрү тооктун жумурткасындай чоң болгонун көрчүбүз. Бул жаңгак жай саратанда айыл балдарынын эс алып, ойной турган жайына айланган.

Күндөрдүн биринде кетирейген кара бала жанындагы жолдошуна суроо узатты. «Жаңгак ыйык, ага жакын барбагыла деп айтты энем» — дегенде, балдар аны бекер сөз деп коюшкан. Бирок, баары бир, алар жаңгактын сырын билүү үчүн кары-картаңдарга суроо салышты, бирок аныгына жетишпеди.

Бул дарак көп жыл мурда отургузулган. Азыр эми эки кишинин кулачы араң жете тургандай болуп жооноюп, асман тиреп тургансыйт. Тегеректеги элге саябан болгон жалгыз жаңгакты качан, ким тиккени белгисиз. Баягы чоң эне айткан ыйыктыгы — анын көркөмүндө, мөмөсүндө, элге тийгизген пайдасында болсо керек.

*(О. Абдылдаев)*

## СӨЗ КУДУРЕТИ

**Көңүл көтөргөн сөздөр:** кубаныч, сүйүнүч, күлкү, бакыт, ийгилик, жеңиш, шаттык,

**Жагымдуу сөздөр:** саламатсызбы, ыракмат, жакшы калыңыз, жардам керекпи, айып этпеңиз, капа болбоңуз, жакшы жатып, жай туруңуз, кечиресиз, кутман кечиңиз менен, уруксат бересизби, кутман күнүңүз менен, майрамыңыз менен, айтыңыз маарек болсун, туулган күнүңүз менен, садагасы, кагылайын, айланайын ж.б.

**Накыл сөздөр:**

Ынтымагы бар элдин таалай, багы ачылат,
Ынтымагы жок элдин тапканы бекер чачылат.

Ынтымактуу биригет, ынтымаксыз бөлүнөт.

Ынтымактуу элдин бактысы бар, бири-бирине баркы бар.

Ынтымак баарынан кымбат.

**Тууугандык жакындыкты билдирген сөздөр:** ата, апа, аба, ини, синди, карындаш, чоң ата, чоң эне, таята, таене, таяке, тажеңе, таеже, бөлө, жээн, небере, чебере, абысын, бажа, дос, курбу, курдаш, классташ, жолдош.

**Мааниси ардактуу сөздөр:** Атамекен, эркиндик, тынчтык, токчулук, тилектештик, достук, ынтымактык, даңктуу, ардактуу.

**Капалуу сөздөр:** кайгы, көз жаш, оору, өлүм, көңүл айтуу, кырсык, жоготуу.

## ТАБЫШМАКТАРДЫН ЖАНДЫРМАГЫ

23-бет — *ат, үй, төө*
36-бет — *көлөкө*
39-бет — *төө*
40-бет — *китеп, боз үй*
50-бет — *стол, алча*
56-бет — *боз үй, комуз, күзгү*
62-бет — *чана, коон*
67-бет — *өрдөк, кой, таене*
72-бет — *торгой, кулпу*
73-бет — *жаңгак, өрдөк*
80-бет — *карта*
87-бет — *вертолет, жумуртка, жылдыз*
91-бет — *лампочка, радио*
91-бет — *саат, самоор, казан,*
99-бет — *араа, күл, лампочка, машина*

# СӨЗДҮК

## А

**азык** — озиқ-овқат
**ажал** — ажал
**айтуу** — айтмоқ
**айран** — қатиқ
**айыл-кыштак** — қишлоқ
**айдоо** — ҳайдамоқ
**айры куйрук** — калхат
**айлана** — теварак-атроф
**айырмалануу** — ажралиб турмоқ
**айлануу** — айлантирмоқ
**акын** — шоир
**акырында** — охири
**алакан** — кафт
**алыс** — олис
**алп**— паҳлавон
**анан** — кейин
**аары** — болари
**арал** — орол
**аралык** — оралиқ
**ар түрдүү** — турли хил
**арноо** — бағишламоқ
**арык** — озғин
**аска** — қоя
**аскер** — ҳарбий, аскар
**ата журт** — она ватан
**атайын** — атайлаб
**ата-баба** — ота-бобо
**ачуу** — аччиқ
**ачкыч** — калит
**ачка** — оч
**ашуу** — довон
**аяз ата** — қорбобо
**абалы** — аҳвол, ҳолат

## Б

**байыркы** — қадимги
**бат** — тез
**балапан** — полапон
**байкоо** — пайқамоқ, сезмоқ
**баа** — баҳо
**байланыш** — алоқа
**бадыраң** — бодринг
**балык** — балиқ
**бак-дарак** — дарахт
**басып алуу** — босиб олмоқ
**багыт** — томон
**баатыр** — қаҳрамон

**бака жалбырак** — момақаймоқ
**балдар үйү** — болалар уйи
**барак** — варақ
**баткак** — балчиқ
**бала бакча** — болалар боғчаси
**баалуу** — қимматбаҳо
**белек** — совға
**бери** — бу ёққа
**бекинүү** — беркинмоқ, яширинмоқ
**белгилөө** — белгиламоқ
**бет аарчы** — рўмолча
**бешбармак** — бешбармоқ
**бирге** — бирга, биргаликда
**билим** — билим, илм
**бийик** — баланд
**бириктирүү** — бирлаштирмоқ
**билек** — билак
**борбор** — пойтахт
**боордоштор** — оға-ини
**боорсок** — бўғирсоқ
**бою** — давоми, бўйи
**боз** — бўз
**бутак** — новда
**буйрук** — буйруқ
**бут кийим** — оёқ кийим
**буюм** — буюм
**булгаары** — юмшоқ кўн, тери
**булак** — булоқ
**булгануу** — ифлосланмоқ
**бүркүт** — бургут
**бүлдүркөн** — маймунжон, парманчак
**бүркөлүү** — қовоқ солмоқ, айнимоқ
**бөлмө** — хона
**бөдөнө** — бедана
**бөлөк** — бошқа
**баалуу** — қимматбаҳо
**бага баштоо** — парваришламоқ, боқмоқ
**багуу** — боқмоқ
**байлануу** — боғланмоқ
**байла** — боғла

## Г

**гана** — фақатгина
**гүлдесте** — гулдаста
**гүлбак** — боғ, гулзор
**гүлдөө** — гулламоқ, гуллаб яшнамоқ
**гүүлдөө** — гувилламоқ
**граждандык** — фуқаролик
**гүлдүн ширеси** — шарбат, қиём
**гезит** — газета, рўзнома
**гимн** — мадҳия
**гүлчамбар** — гулчамбар

## Д

**дары чөп** — доривор ўсимликлар
**дарыя** — дарё
**дароо** — дарров
**дарылоо** — даволамоқ
**даңк** — шон, — шараф, донг
**даража** — даража
**дарбаза** — дарвоза
**даамдуу** — мазали, ширин
**дайын** — аён
**деңиз** — денгиз
**ден соолук** — соғлиқ
**дене** — тана, бадан

**дем алуу органдары** — нафас олиш аъзолари
**доор** — давр, замон
**добуш** — овоз
**дөбө** — тепалик
**душман** — душман
**дубал** — девор
**дүйнө** — дунё
**дүкөн** — дўкон
**дайындуу** — таниш, маълум

## Ж

**жалбырак** — барг, япроқ
**жалгыз** — ёлғиз
**жалган** — ёлғон
**жардам** — ёрдам
**жарык** — ёруғ
**жалкоо** — ялқов, дангаса
**жалтырак** — ялтироқ
**жарыялоо** — эълон қилмоқ
**жаралуу** — ярадор
**жаштык** — ёшлик
**жарашыктуу** — ярашимли
**жаңылбайт** — адашмоқ
**жайгашуу** — жойлашмоқ
**жаныбар** — ҳайвон
**жаңы** — янги
**жаңгак** — ёнғоқ
**жеңиш** —
**жетим** — етим
**жемиш** — мева
**желмогуз** — ялмоғиз
**жердиң жасалма жандоочусу** — ернинг сунъий йўлдоши
**жез** — мис
**жибер** — жўнатмоқ
**жоокер** — аскар
**жолугушуу** — учрашув
**жолдош** — дўст, ўртоқ
**жоолук** — рўмол
**жубай** — умр йўлдоши
**жутуу** — ютмоқ
**жөнөкөй** — оддий
**жыйналыш** — мажлис, йиғилиш
**жыгач уста** — дурадгор
**жылуу** — иссиқ
**жумшак** — юмшоқ
**жумуртка** — тухум
**жээк** — қирғоқ, соҳил
**жөнүндө** — тўғрисида, ҳақида
**жабыла** — ғам, қайғу, ғусса
**жабышуу** — ёпишмоқ
**жайбаракат** — секин
**жыйноо** — йиғмоқ
**жайылуу** — ёйилмоқ
**жайыт** — яйлов
**жакшы** — яхши
**жакындоо** — яқинлашмоқ
**жалаң** — фақат
**жалгыз аяк жол** — ёлғиз оёқ сўқмоқ
**жалданып иштөө** — ёлланмоқ
**жамынуу** — ёпинмоқ
**жан аябоо** — зўр бермоқ
**жаңгак жыгачы** — ёнғоқ дарахти
**жаңгак токою**— ёнғоқзор
**жаңылык** — янгилик
**жабуу** — ёпмоқ

## З

**зар** — муҳтожлик
**замбирекчи** — замбаракчи, тўпчи
**залкар** — таниқли, атоқли
**замандаш** — тенгдош
**зергер** — заргар
**зоо** — қоя

**зыян** — зиён, зарар
**зээндүү** — қобилиятли
**заман** — замон, вақт
**замат** — оний, бир лаҳза
**заӊкайган** — жуда баланд
**зирек** — зийрак

## И

**издөө** — қидирмоқ
**изилдөө** — қидириш,
**идиш** — идиш
**ийне** — игна
**ирет** — тартиб
**илимпоз** — олим
**ини** — ука
**ийнелик** — ниначи
**ийгилик** — муваффақият
**ичке** — ингичка
**ичи** — ичи
**ишеним** — ишонч
**иштерман** — меҳнат-севарлик
**ийилүү** — эгилмоқ
**илдет** — касаллик

## К

**кабат** — қават
**кабар** — хабар
**кагаз** — қоғоз
**кадырлоо** — қадрламоқ, ҳурматламоқ
**каза болуу** — вафот этмоқ
**каршы** — қарши
**калыӊ** — қалин
**капалык** — хафа бўлмоқ
**капчыгай** — дара
**кайгы** — қайғу
**кайыӊ** — қайин
**каймак** — қаймоқ
**касиет** — хусусият
**кара жыгач** — қайрағоч
**карагай** — қарағай
**карга** — қарға
**кен** — фойдали қазилма, кон
**келечек** — келажак
**кеӊеш** — кенгаш, маслаҳат
**кек** — кек
**короо** — қўра
**коркок** — қўрқоқ
**курч** — ўткир
**которуу** — таржима қилмоқ
**коон** — қовун
**көчө** — кўча
**көӊүл буруу** — эътибор бермоқ
**көрктүү** — чиройли
**көркөм** — бадиий
**көпүрө** — кўприк
**көлөм** — кўлам, ҳажм
**курчоо** — қамал
**кулпу** — қулф
**куруучу** — қурувчи
**кууруган** — қуриган
**күмүш** — кумуш
**күрөк** — белкурак
**кызылча** — қизилча
**кыргоол** — қирғовул
**кычкыл** — нордон
**кеч** — кеч
**көчүп жүрүү** — кўчиб юрмоқ
**кабат** — қават
**кагылайын, садага** — мерҳрибоним, азизим
**кабык** — қобиқ

## М

**макул** — маъқул, розилик
**манжа** — панжа, бармоқ
**максат** — мақсад
**макала** — мақола
**майда** — майда
**мазмун** — мазмуни.
**мамлекеттик тил** – давлат тили
**машыгуу** — шуғулланмоқ
**макта** — мақтамоқ
**марал** — урғочи буғу,
**муун** — бўғин
**милдет** — бурч
**мезгил** — вақт, фасл
**мурут** — мўйлов
**мыкты** — аъло
**мүнөз** — феъл-атвор
**мээрим** — меҳр
**мурда** — илгари
**мактанчаак** — мақтанчоқ
**маароо** — марамоқ
**минүү** — минмоқ
**мончок** — мунчоқ
**моюн** — бўйин
**мөлтүрө** — ялтирамоқ
**мөмө** — мева
**мөөрө** — мўрамоқ
**мурдатан** — аввлдан, илгари
**мүдүрүлүү** — қоқилиш
**мээнеткеч** — меҳнатсевар
**маанай** — кайфият

## Н

**наам** — унвон
**натыйжа** — натижа
**нааразылык** — норозилик
**нокто** — нўхта
**нур** — нур
**назар** — эътибор
**наристе** — ёш
**негиздөөчү** — асосчи
**нук** — ўзан
**нуска** — нусха

## О

**обон** — куй
**ооз** — оғиз
**орун** — ўрин
**оор** — оғир
**орто бойлуу** — ўрта бўйли
**олжо** — ўлжа
**ок** — ўқ
**отургуч** — курси, ўтирғич
**орой** — қўпол
**орок** — ўроқ
**осуят** — васият
**отун** — ўтин
**оокат** — овқат
**оору** — касаллик
**ошол замат** — дарҳол
**озуу** — ўзиб кетмоқ
**оозеки** — оғзаки
**ойлоо** — ўйламоқ
**ойноо** — ўйнамоқ
**оңдоо** — тузатмоқ
**окмуштуу** — олим
**окууга кирүү** — ўқишга кирмоқ
**орой** — қўпол
**орто узактык** — ўртача узоқлик
**оруу** — ўрмоқ
**орундатуу** — бажармоқ
**от коюу** — олов ёқмоқ
**отун** — ўтин, ёқилғи

**оюнкарак** — ўйинқароқ
**обончу** — бастакор
**ой** — ўй, фикр, хаёл
**оңдоо** — ўнгламоқ, тузатмоқ

## Ө

**өлүм** — ўлим
**өнүгүү** — ривожлантирмоқ
**өрөөн** — водий
**өрдөк** — ўрдак
**өнөр жай** — енгил саноат
**өсөт** — ўсмоқ
**өкмөт** — ҳукумат
**өтө** — роса, ўта
**өткөн** — ўткан, аввалги
**өтүкчү** — этикдўз
**өжөрлүк** — ўжарлик қилмоқ
**өз учурунда** — ўз вақтида
**өктөм** — ўктам, шиддатли
**өмүр** — ҳаёт, умр
**өнөр** — ҳунар
**өнүү** — ўсмоқ
**өң-түс** — ранг
**өркөч** — ўркач
**өбөлгө** — шароит
**өздүк** — хусусий, шахсий
**өз ыктыяры** — ўз ихтиёри
**өмүр сүр** — яшамоқ
**өркүндөтүү** — ривожлантирмоқ

## П

**пайда** — фойда
**парз** — фарз, бурч
**пери** — пари
**пикир** — фикр
**пияз** — пиёз
**парда** — парда
**пахта** — пахта
**пахтакер** — пахтакор
**пул, акча** — пул
**перзент** — фарзанд
**пикир** — фикр

## Р

**ракым, ырайым** — раҳм
**ракмат** — раҳмат

## С

**сакай** — соғаймоқ
**саноо** — санамоқ
**сактоо** — сақламоқ
**сандык** — сандиқ
**саякат** — саёҳат
**сак** — эҳтиёткор
**согуш** — уруш
**саясат** — сиёсат
**сонун** — яхши
**сатуу** — сотмоқ
**сөөк** — суяк
**сүргүн** — сургун
**сүйүнүч** — севинч
**сүрөтчү** — рассом, мусаввир
**сүйрү** — чўзинчоқ
**суурма** — тортма
**сөздүк** — луғат
**сезим** — туйғу

**сыр** — сир
**сыйлык** — мукофот
**сыйлоо** — мукофотланмоқ
**сугатчы** — сувчи
**сыноо** — синамоқ
**сабак** — тана, новда
**сабаттуулук** — савод
**сагынуу** — соғинмоқ
**сай** — ўзан
**сактап калуу** — қутқармоқ, сақлаб қолмоқ
**сакчы** — соқчи
**санаа тартуу** — ҳавотирланмоқ
**сараңдык** — хасис
**саап тартуу** — тортиб боғламоқ
**себеп** — сабаб
**себүү** — экмоқ
**себелөө** — севалаб ўтмоқ
**сейилбак** — боғ
**сейил куруу** — сайр қилмоқ
**сейрек** — сийрак, кам
**сергек** — тетик, бардам
**сиңди** — сингил
**сиңирүү** — ҳазм бўлмоқ
**сокту** — эсмоқ
**созуу** — ёймоқ
**сокур** — кўр
**соруу** — сўрмоқ
**союу** — сўймоқ
**сооротуу** — таскин бермоқ
**сөңгөк** — поя
**сугат жер** — суғорилган ер
**сун** — узатмоқ
**суроо** — сўрамоқ
**суюк** — суюқ
**суутуу** — совутмоқ
**сууга түшүү** — чўмилмоқ
**суусоо** — чанқамоқ
**сүзүү** — сузмоқ
**сүйкөө** — суркамоқ
**сүйкүмдүү** — ёқимли
**сүт эмүүчү** — сут эмизувчи
**сызуу** — чизмоқ
**сыймыктануу**
**сайра** — сайрамоқ
**сакал** — соқол
**салтка айланып калган** — одатга, анъанага айланмоқ

## Т

**табуу** — топмоқ
**тааныш** — таниш
**таруу** — ширин
**табылгы** — тобулғи
**тайыз** — саёз
**тарбия** — тарбия
**тар** — тор
**таң** — тонг
**таяк** — таёқ
**тартип** — тартиб
**таасир** — тассурот
**терезе** — дераза
**темир жол** — темир йўл
**тегиз** — текис
**тебетей** — дўппи
**тегерек** — юмалоқ
**тирек** — таянч
**тийбөө** — тегмоқ
**тоту куш** — тўтиқуш
**тосуу** — кутиб олмоқ
**токтоо** — босиқ
**төө** — туя
**төр** — тўри
**тунук** — тиниқ
**туңгуч** — биринчи биринчи газета
**турмуш** — турмуш, ҳаёт
**тууган** — қариндош

**турна** — турна иссиқ ўлкаларга учиб кетади.
**туура** — тўғри
**түтүн** — тутун
**тынч** — тинч, сокин
**тажатуу** — жонга тегмоқ
**таза** — тоза
**тазалыкты сактоо** — тозаликни сақлаш
**тайгак** — сирпанчиқ
**таймашуу** — курашмоқ
**такыр** — тақир, қуруқ
**талаа** — дала
**талант** — талант
**талап** — талаб қилмоқ
**талашуу** — баҳслашмоқ
**талкуу** — мухокама
**талыкпоо** — толиқмоқ
**тамак** — овқат
**таман** — тавон
**тамашалоо** — ҳазиллашмоқ
**тамызуу** — ёндирмоқ
**тамыр** — илдиз, томир
**танапис, тыныгуу** — танаффус
**тандоо** — танламоқ
**таңуу**— боғламоқ
**тапкыч** — топқир, ҳозиржавоб
**таптакыр** — умуман, мутлақо
**тапшыруу** — топширмоқ
**тарап** — тараф, томон
**тартынбоо** — уялмоқ
**татуу** — тотиб кўрмоқ
**таштоо** — ташламоқ
**таштуу** — тошлоқ
**ташуу** — ташимоқ
**таянуу** — таянмоқ
**тежик** — қайсар
**тез** — тез
**текче** — токча, жавон
**тең укук** — тенг ҳуқуқлилик
**тердик** — намат
**терең** — чуқурлик метр
**термелүү** — тебранмоқ
**тескери кароо** — тескари қарамоқ
**тетик** — қисм
**тийбөө** — тегмаслик

## У

**убада** — ваъда
**угуу** — эшитмоқ (феъл).
**узун** — узун
**улак** — улоқ
**улут** — миллат
**укмуштуу** — ажойиб
**улуу** — катта
**урматта** — ҳурмат қилмоқ
**уулуу** — заҳарли
**ушул** — бу
**учкуч** — учувчи
**учурашуу** — сўрашмоқ, кўришмоқ
**учук** — учуқ
**уюштуруу** — уюштирмоқ
**уюм** — гуруҳ
**уя** — уя
**уят** — уят
**убактылуу** — вақтинча қийналмоқ
**удаа** — бирин-кетин, қаторасига
**уза** — узоқлашмоқ, ажралмоқ
**узак** — узоқ
**уйпала** — пайҳон қилмоқ, эзмоқ
**укмуш** — ажойиб
**урук** — уруғ
**урушчаак** — урушқоқ
**ууртоо** — ютмоқ, ичмоқ

**ууру** — ўғри
**учуп кетүү** — учиб кетмоқ
**убайын көр** — фойда олмоқ
**уйкусун ачуу** — уйқусини қочирмоқ

## Ү

**үгүт** — даъват
**үзөңгү** — узанги
**үзүндү** — парча
**үйрөтүү** — ўргатмоқ
**үкү** — укки
**үмүт** — умид
**үн** — овоз
**үр** — ҳурмоқ, вовилламоқ
**үшкүрүк** — аксирмоқ
**үзгүлтүк** — бўлмоқ
**үзүү** — узмоқ
**үйлөө** — пуфламоқ
**үймөк чөп** — ғарам
**үлгү** — намуна
**үлгүрүү** — улгурмоқ
**үндөө** — ундамоқ
**үңүлүү** — синчиклаб қарамоқ
**үп** — дам
**үшүк** — аёз

## Ч

**чабуул** — ҳужум қилмоқ
**чачуу** — сочмоқ
**чапан** — чопон
**чакыруу кагаз** — таклифнома
**чатыр** — том
**чечкиндүү** — кескин
**чет** — чет
**челек, чака** — пақир
**чечүү** — ечмоқ, ҳал қилмоқ
**чебер** — уста
**чогулуш** — мажлис
**чоңураак** — каттароқ
**чогуу** — бирга
**чоркок** — нўноқ
**чучук** — қази
**чыны** — пиёла
**чындык** —ҳақиқат, рост
**чымчык** — чумчуқ
**чыныгы** — ҳақиқий
**чырпык** — чўпак
**чычырканак** — чаканда
**чөбөрө, чебире** — правнук
**чаалыгуу** — чарчамоқ
**чабал** — кучсиз

## Ш

**шаңдуу** — шонли
**шам** — шам
**шамдагай** — моҳир
**шамал** — шамол
**шуру** — маржон
**шак** — шох
**шаркыра** — жўш урмоқ
**шаттык** — қувонч, шодлик
**шашуу** — шошмоқ
**шорголоо** — шарилламоқ
**шык** — қобилият

ызаттоо — иззатламоқ, ҳурматламоқ
ыйык — муқаддас
ыйман — иймон
ый — йиғи
ынтымак — иноқлик

## Ы

ырыс — бахт
ысым — исм, ном
ызалан — ҳафа бўлмоқ
ыргуу — сакрамоқ
ырдо — куйламоқ

## Э

эркин — эркин
эрк — эрк, хоҳиш
эгин — экин
элпек — итоатгўй
эс алуу — дам олмоқ
эрте — эрта
эстелик — ҳайкал
ээр — эгар
эрибейт — эримаслик
ээрчи — эрчимоқ, эргашмоқ
эгүү — ўтқазмоқ
эл чарбасы — халқ хўжалиги
эп дебөө — кўнмаслик
эринүү — эринмоқ
эсине түйүп алуу — ёдда сақламоқ
эстүү-баштуу — мулоҳазали
эчактан бери — аввал
эчтеке — ҳеч нима
эрме чөл — чўл
этек-жең — этак
эчен — бир қанча
элестүү — таъсирли
эмгек сиңирген — хизмат кўрсатмоқ

# МАЗМУНУ

## БИРИНЧИ ЧЕЙРЕК


Тыбыш жана тамга ........ 6
Үндүү тыбыштар ........ 8
Үндүү тыбыштардын үндөшүүсү ........ 14
Үнсүз тыбыштар ........ 17
Жумшак үнсүздөр ........ 18
Каткалан үнсүздөр ........ 21
Үнсүз тыбыштардын алга, артка карай окшошуусу........ 25
Биринчи чейректе өтүлгөндөрдү кайталоо ........ 31


## ЭКИНЧИ ЧЕЙРЕК


Жанаша келген сөздөрдүн айтылышы ........ 34
Басым ........ 37
Унгу жана мүчө ........ 42
Жөнөкөй жана татаал сөздөр ........ 47
Кош, кошмок жана кыскартылган сөздөр ........ 51


## ҮЧҮНЧҮ ЧЕЙРЕК


Экинчи чейрек боюнча кайталоо ........ 59
Омонимдер ........ 61
Башка тилдерден кирген сөздөр ........ 62
Жалпы жана энчилүү зат атоочтор ........ 64
Зат атооч сөздөрдүн жасалышы ........ 68
Жардамчы атоочтор ........ 69


## ТӨРТҮНЧҮ ЧЕЙРЕК


Үчүнчү чейрек боюнча кайталоо........ 75
Зат атооч сөздөрдүн жөндөлүшү ........ 78
Атооч жөндөмө ........ 79
Илик жөндөмөсү ........ 81
Барыш жөндөмөсү ........ 83
Табыш жөндөмөсү ........ 85
Жатыш жөндөмөсү ........ 86
Чыгыш жөндөмөсү ........ 89
Фразеологизмдер ........ 92
Төртүнчү чейрек боюнча кайталоо ........ 100
Жылдык кайталоо ........ 101
Сөз өстүрүү үчүн тексттер ........ 102
Табышмактардын жандырмагы ........ 108
Сөздүк ........ 109

*Окуу басылмасы*

**Акматова А., Тагаева З.**

**КЫРГЫЗ ТИЛИ**

5-класс

Редактору *Р. Сакелова*
Тех. редактору *В. Крутякова*
Худ. редактору *Б. Жайчибеков*

Басууга 27.12.04. кол коюлду. Форматы 60x84 1/16.
7,5 басма табак. Нускасы 10.000. Заказ 2143.

Т. Суванбердиев атындагы Кыргызполиграфкомбинат ААК.
«Шам» басмасы
720005, Бишкек, Т. Суванбердиев көчөсү 102.

б - Б.

ОГК 9